**Геологиялык чалгындоо иштериндеги коопсуздук эрежелери**

1-бөлүм. Жалпы эрежелер
2-бөлүм. Талаа шарттарында иштөө
3-бөлүм. Геофизикалык иштер
4-бөлүм. Гидрогеологиялык жана инженердик-геологиялык иштер
5-бөлүм. Бургулоо иштери
6-бөлүм. Кенди чалгындоо иштери
7-бөлүм. Сынама алуу иштери
8-бөлүм. Лабораториялык иштер
9-бөлүм. Электротехникалык иштер
10-бөлүм. Транспорт
11-бөлүм. Өндүрүштүк санитария
12-бөлүм. Коопсуздук Эрежелерин бузгандык үчүн жоопкерчилик

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА АЙРЫМ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ТИЗМЕСИ**

КЭ - Коопсуздук эрежелери.
ЭК - Эмгекти коргоо.
КТ - Коопсуздук техникасы.
Техникалык көзөмөл адамы - геологиялык чалгындоо иштерин түздөн-түз жетектеген кызмат адамы (кен мастери, бургулоо мастери, прораб ж.б.).
Ишкана - бирикме, ишкана, уюм, мекеме жана башка өз алдынча юридикалык, жеке жактар.
ТУ - техникалык шарттар.
ЭК - эмгек жөнүндө мыйзамдардын кодекси.
ЭКБС - Эмгекти коргоону башкаруу системасы.
ЧЖК - Чеги жеткен жол берилген концентрациялар.
ЖЧЧ - Жогорку чыңалуудагы линия.
ЭБЛ - Электр берүү линиясы.
КЭКТЭ жана КТЭ - керектөөчүлөрдүн электр орнотмолорун техникалык эксплуатациялоо эрежелери жана керектөөчүлөрдүн электр орнотмолорунун коопсуздук техникасы эрежелери.
ЭОЭ - электр орнотмолорун орнотуу эрежелери.
**ГОСТ — мамлекеттер аралык стандарт.**
ЧЭЭ - курулуш ченемдери жана эрежелери.
ИТК - инженердик-техникалык кызматкерлер.
ЧӨА - контролдук-өлчөөчү аспаптар.
ААИ - алдын алуу-пландык иштер.
БЖИ - бургулоо-жардыруу иштери.
**ОМГСВ - өзүнчө мобилдик тоо-кен куткаруучу взводдор.**
ЫАЧБ - ыктыярдуу тоо-куткаруучу бөлүк.

## 1-БӨЛҮМ
## ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

1.1. Эрежелерди колдонуу чөйрөсү жана тартиби

1.1.1. Ушул Эрежелер ведомстволук баш ийүүсүнө жана чарба жүргүзүү ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө карабастан, жер казынасын геологиялык изилдөөнү, бул максат үчүн долбоорлоо жана конструктордук иштерди жүргүзгөн бардык министрликтердин жана ведомстволордун, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызмат адамдары, ошондой эле геологиялык чалгындоо иштеринде колдонулуучу геологиялык чалгындоо жабдууларынын жана шаймандарынын бардык түрлөрүн даярдоочу заводдор үчүн милдеттүү.

1.1.2. Ушул Эрежелер жогорку жана атайын окуу жайларынын тоо-кен-геологиялык факультеттеринин профессордук-окутуучулук курамы жана студенттери үчүн окуу куралы катары колдонулушу мүмкүн.

1.1.3. Жер казынасын пайдалануу менен байланышкан, коопсуздук чаралары ушул Эрежелерде каралбаган иштерди жүргүзүүдө, жер казынасын пайдалануучу уюмдар (мындан ары "ишканалар") бул иштердин түрлөрү боюнча эмгекти коргоо боюнча колдонуудагы ченемдик документтерди (эрежелер, нускамалар, ченемдер же алардын бөлүмдөрү) жетекчиликке алууга тийиш. Бардык геологиялык чалгындоо иштери көз карандысыз экспертизадан өткөн, бекитилген долбоорлор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

1.1.4. Ишканалар эмгекти коргоону башкаруунун уюштуруу формаларын иштеп чыгышат, бардык кызматкерлердин эмгекти коргоо маселелерин камтыган кызматтык милдеттерин белгилешет жана кабыл алынган башкаруу системасына ылайык өндүрүштүн коопсуздугунун абалына ведомстволук контроль жүргүзүшөт.

1.1.5. Ушул Эрежелердин негизинде жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтерине ылайык, ишканалар өндүрүштүн конкреттүү шарттарын эске алуу менен кесиптер жана иштердин түрлөрү боюнча жумушчулар үчүн эмгекти коргоо боюнча нускамаларды иштеп чыгышат, бекитишет жана белгиленген тартипте кайра карап чыгышат.

1.1.6. Жер казынасын геологиялык изилдөө боюнча иштер ыйгарым укуктуу орган тарабынан ишканаларга берилүүчү лицензиялардын негизинде, мамлекеттик каттоонун, концессиялык келишимдин жана продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун негизинде жүргүзүлүүгө тийиш.

1.1.7 Регионалдык жана геологиялык-геофизикалык иштерди, геологиялык съемканы, инженердик-геологиялык изилдөөлөрдү, илимий-изилдөө жана жер казынасын жалпы изилдөөгө багытталган башка иштерди, жер титирөөлөрдү божомолдоо жана жанар тоолордун активдүүлүгүн изилдөө боюнча геологиялык иштерди, жаратылыш чөйрөсүнүн мониторингин түзүү жана жүргүзүү, жер астындагы суулардын режимин, сел коркунучун контролдоо, ошондой эле жер казынасынын бүтүндүгүн олуттуу бузбастан жүргүзүлүүчү башка иштерди жер казынасын пайдалануу саясатын жүргүзгөн ыйгарым укуктуу органдын уруксаты боюнча жана бул иштерди аткаруучулар тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылган шарттарда жүргүзүүгө жол берилет.

1.1.8. Лицензиянын, мамлекеттик каттоонун, концессиялык келишимдин жана продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун же уруксаттын ээси болгон ишкана кабыл алынган башкаруу формаларына ылайык подрядчы тарабынан эмгекти жана жер казынасын коргоо боюнча ченемдик талаптардын сакталышын контролдоого милдеттүү жана Кыргыз Республикасынын эрежелерине жана ченемдик-укуктук актыларына ылайык техникалык регламенттердин сакталышы жана иштегендердин коопсуздугун камсыз кылуу үчүн толук жоопкерчилик тартат.

1.1.9. Лицензиянын, мамлекеттик каттоонун, концессиялык келишимдин жана продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун же уруксаттын ээси болгон башка ишканалардын тоо-кен бөлүнгөн аянтынын чегинде геологиялык чалгындоо иштерин жана геологиялык изилдөөлөрдүн бардык түрлөрүн жүргүзүү бул ишканалардын келишимде бекитилген макулдугу менен гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

1.2. Жалпы жоболор

1.2.1. Транспорт каражаттарына, чиркегичтерге, чана негиздерине (базаларына) орнотулган, бир жумуш ордунан экинчисине которууда жабдууларды кайра монтаждоону (басым берүүчү линияларды өзгөртүү, жүк көтөрүүчү түзүлүштөрдү алмаштыруу, жумушчу өтмөктөрдү өзгөртүү ж.б.) талап кылбаган өзү жүрүүчү жана көчмө (сүзүүчү) геологиялык чалгындоо орнотмолорун (бургулоо, геофизикалык, тоо-кен өткөөл, гидрогеологиялык ж.б.) эксплуатацияга кабыл алуу, геологиялык ишкананын комиссиясы тарабынан талаа иштеринин алдында, ар бир капиталдык ондоодон жана реконсервациядан кийин, бирок жылына 1 жолудан кем эмес, акт түзүү менен жүргүзүлөт.

1.2.2. Өндүрүштүк курулмалар (стационардык компрессордук станциялар, автогараждар, механикалык цехтер ж.б.) колдонуудагы курулуш ченемдери жана эрежелери менен белгиленген тартипте эксплуатацияга киргизилүүгө тийиш.

1.2.3. Жумуш орундарын эмгекти коргоонун ченемдик талаптарына шайкештигине аттестациялоо 3 жылда бир жолу жана эмгек шарттары өзгөргөндө жүргүзүлүүгө тийиш.

1.2.4. Калктуу конуштардан тышкары, мамлекеттик телефон байланышы пункттарынан 5 км жана андан ашык аралыкта жайгашкан бардык геологиялык чалгындоо иштеринин объекттери (жеке бургулоо орнотмолору, бургулоо, тоо-кен чалгындоо жана геофизикалык иштердин участкалары, геологиялык съемка жана издөө партиялары, отряддары ж.б.) партиянын же экспедициянын базасы менен күнү-түнү иштеген телефон же радио байланышы менен камсыз кылынууга тийиш.

1.2.5. Ар бир иш объектисинде жумушчулар үчүн иштердин түрлөрү жана шарттары боюнча эмгекти коргоо, биринчи медициналык жардам көрсөтүү, өрт коопсуздугу боюнча нускамалар, ошондой эле ишкананын жетекчилиги тарабынан бекитилген тизмеге ылайык эскертүүчү белгилер жана коопсуздук белгилери болууга тийиш.

1.2.6. Өндүрүштүк жайларга (устаканаларга, лабораторияларга, бургулоо орнотмолоруна, тоо-кен казмаларына, геофизикалык машиналарга ж.б.) бөтөн адамдардын кирүүсүнө тыюу салынат. Бул тууралуу эскертүү көрүнүктүү жерге илинет.

1.2.7. Жумушчулар жана адистер бекитилген ченемдерге ылайык атайын кийим, атайын бут кийим жана башка жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылынууга жана иш шарттарына жараша аларды колдонууга милдеттүү.

1.2.8. Геологиялык ишканалардын жетектөөчү кызматкерлери жана адистери өндүрүштүк объекттерге ар бир барганда, алардын жетекчилери жана иш аткаруучулары тарабынан эмгекти коргоо боюнча кызматтык нускамалардын талаптарынын аткарылышын, эмгекти коргоонун абалын текшерүүгө жана аныкталган бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

1.2.9. Адамдарга, курулмаларга жана мүлккө коркунуч туудурган жагдайды байкаган ар бир кызматкер аны четтетүү үчүн өзүнөн көз каранды болгон чараларды көрүүгө жана бул тууралуу өзүнүн түздөн-түз жетекчисине же техникалык көзөмөл адамына дароо билдирүүгө милдеттүү. Иштин жетекчиси же техникалык көзөмөл адамы коркунучту четтетүү боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү; коркунучту четтетүү мүмкүн болбогон учурда, иштерди токтотуп, иштегендерди коопсуз жерге чыгарып, кызмат боюнча жогору турган адамга кабарлоо керек.

1.2.10. Эки же андан ашык адамдан турган топ менен тапшырманы аткарууда, алардын бири иштердин коопсуз жүргүзүлүшү үчүн жооптуу улук болуп дайындалууга тийиш, анын буйруктары топтун бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп саналат.

1.2.11. Сменалардагы иштердин коопсуздугу үчүн жооптуу адамдар, сменаны өткөрүп-алууда жумуш орундарынын жана жабдуулардын абалын текшерип, текшерүүнүн жыйынтыгын сменаларды өткөрүү жана кабыл алуу журналына жазууга милдеттүү. Сменаны кабыл алган адам иш башталар алдында аныкталган мүчүлүштүктөрдү четтетүү боюнча чараларды көрүүгө тийиш.

1.2.12. Ок атуучу куралды колдонуу жана сактоо Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт. Ракетницаларды (сигналдык тапанчаларды) колдонуу, сактоо жана эсептен чыгаруу тартиби ишкананын жетекчиси тарабынан жергиликтүү ИИМ органдары менен макулдашуу боюнча белгиленет.

1.2.13. Бардык иштер айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдардын негиздерин (жер казынасын, токойлорду, суу объектилерин коргоо ж.б.) сактоо менен аткарылууга тийиш. Геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүдө айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирлердин кесепеттери бул иштерди жүргүзгөн ишканалар тарабынан жоюлууга тийиш. Иш объектилеринде колдонулуучу бардык химиялык реагенттер үчүн аларды колдонуу боюнча, адамдарды жана айлана-чөйрөнү коргоо чаралары көрсөтүлгөн нускамалар болууга тийиш.

1.2.14. Иш процессинде жана жумуштагы тыныгуулар учурунда, эгерде иш участогунда өзү жүрүүчү геологиялык чалгындоо орнотмолору же башка транспорт каражаттары колдонулса, транспорт каражаттарынын астында, ошондой эле чөптүн, бадалдардын арасында жана башка көрүнбөгөн жерлерде жайгашууга тыюу салынат.

1.2.15. Мас абалында (алкоголдук, баңгизаттык же токсикалык) же ооруп турган адамдарды ишке киргизүүгө тыюу салынат.

1.2.16. Кырсыктар "Өндүрүштөгү кырсыктарды иликтөө жана эсепке алуу жөнүндө жобого" ылайык иликтенүүгө жана эсепке алынууга тийиш.

**1.3. Кызматкерлерге карата талаптар**

1.3.1. Геологиялык уюмдарга ишке кабыл алуу колдонуудагы эмгек мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

1.3.2. Кызматкерлер ишке киреерде милдеттүү алдын ала жана мезгил-мезгили менен, алардын ишинин профилин жана шарттарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан белгиленген тартипте

медициналык кароодон өтүүгө тийиш. Эпидемиологиялык оорулар боюнча кооптуу райондордо иштеген бардык жумушчулар, адистер жана студент-практиканттар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан белгиленген тартипте милдеттүү алдын алуучу эмдөөлөрдөн өтүүгө тийиш.

1.3.3. Геологиялык чалгындоо иштерин техникалык жетектөөгө тиешелүү атайын билими бар адамдарга уруксат берилет. Бургулоо жана тоо-кен мастери катары иштөөгө бул иштерди жоопкерчиликтүү жүргүзүүгө укугу бар адамдарга уруксат берилет. Жогорку окуу жайларынын геологиялык чалгындоо адистиктеринин төрт курсун аяктаган студенттерге, өндүрүштүк практикадан өтүү мезгилинде ишканада коопсуздук техникасы боюнча экзамендерди тапшырган шартта, адистердин кызмат орундарын ээлөөгө уруксат берилет.

Геологиялык ишканалардын жумушчуларын кесиптик окутуу белгиленген ченемдик-укуктук актылардын тартибинде жүргүзүлүүгө тийиш.

1.3.4 Эмгекти уюштуруусу кесиптерди айкалыштырууну караган комплекстүү бригадалардын жумушчулары негизги жана айкалыштырылган кесиптер боюнча тиешелүү квалификацияга ээ болууга тийиш.

1.3.5. Бардык иштегендер, кесибине, билимине жана иш тажрыйбасына карабастан, эмгек коопсуздугуна үйрөтүлүп, белгиленген тартипте эмгек коопсуздугу боюнча нускамадан жана билимдерин текшерүүдөн (экзамендерди тапшыруудан) өтүүгө тийиш. Ишкананын жетекчиси иштин шарттарына, районуна жана мүнөзүнө жараша нускамалардын программасын кеңейте алат, стажировканын мөөнөтүн узарта алат жана кайталануучу нускамалардын ортосундагы мезгилди кыскарта алат. Жаңы кабыл алынган кызматкерлер бир айдын ичинде эмгек коопсуздугу боюнча экзамендерди тапшырууга тийиш.

1.3.6. Жетектөөчү кызматкерлердин жана адистердин коопсуздук техникасы боюнча эрежелерди, ченемдерди жана нускамаларды билүүсүн текшерүү үч жылда бир жолудан кем эмес, ал эми талаа сезондук партияларынын жана отряддарынын адистери үчүн жыл сайын талаа иштерине чыгар алдында жүргүзүлүүгө тийиш.

1.3.7. Иштердин түздөн-түз жетекчилери (мастерлер, прорабдар, механиктер) же иштерди аткаруучулар болгон адистер коопсуздук эрежелерин билүүсүн текшерүүдөн жылына бир жолудан кем эмес өтүүгө тийиш.

1.3.8. Башка физикалык-географиялык шарттары бар райондорго же милдеттери өзгөргөн башка кызматтарга которулган учурда адистер, жаңы иш шарттарына тиешелүү коопсуздук эрежелеринин бөлүмдөрү боюнча экзамендерди тапшырууга тийиш.

1.3.9. Жумушчулардын коопсуздук техникасы боюнча билимдерин мезгил-мезгили менен экзамен тапшыруу менен текшерүү жылына бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Жаңы технологиялык процесстерди, эмгек ыкмаларын, жабдуулардын, машиналардын жана механизмдердин жаңы түрлөрүн киргизгенде, ошондой эле коопсуздук техникасы боюнча жаңы эрежелерди жана нускамаларды киргизгенде, жумушчуларга кошумча нускама, ал эми ИТК кызматкерлерине кезексиз билим текшерүү жүргүзүлүүгө тийиш.

Эмгек коопсуздугу боюнча экзаменди тапшыра албаган жумушчулар жана иштердин түздөн-түз жетекчилери болгон адистер, экзаменди кайра тапшырганга чейин жумуштан четтетилүүгө тийиш.

1.3.10. Талаа бөлүмдөрүнүн кызматкерлери талаа иштери башталганга чейин кесиптик даярдыктан жана эмгек коопсуздугу боюнча нускама алуудан тышкары, бул райондогу талаа иштеринин өзгөчөлүгүнө байланышкан ыкмаларга (сүзүү, кайык айдоо, альпинисттик жабдууларды колдонуу, ат минүү, транспорттук жаныбарларды ээрдөө жана жүк жүктөө, ок атуучу куралды колдонуу ж.б.), кырсыктар жана оорулар учурунда биринчи жардам көрсөтүү ыкмаларына, уулуу флора жана фаунадан сактануу чараларына, ошондой эле жерде багыт алуу жана коопсуздук эрежелеринин талаптарына ылайык коопсуздук сигналдарын берүү ыкмаларына үйрөтүлүүгө тийиш.

1.3.11. Ар бир кызматкер өзү окуудан өткөн жумушка жөнөтүлүүгө тийиш. Кызматкерлерди тиешелүү окуусуз башка жумуштарга жөнөтүүгө тыюу салынат.

1.3.12. Иштегендер ушул Эрежелердин жана эмгекти коргоо боюнча нускамалардын талаптарын аткарууга милдеттүү.

**1.4. Жогорку коркунуч шарттарында иштөө**

1.4.1. Жогорку коркунуч шарттарында иштөө зарыл коопсуздук чаралары көрсөтүлгөн наряд-уруксат боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Аткаруу үчүн наряд-уруксат берүү зарыл болгон иштердин тизмеси жана аларды берүүгө ыйгарым укуктуу адамдар ишкананын башкы инженери тарабынан бекитилет.

1.4.2. Мүмкүн болгон аварияны жана өрттү жоюу же алдын алуу, ошондой эле адамдарды куткаруу учурларынан тышкары, кооптуу жерлерде болууга же иштөөгө тыюу салынат. Бул иштер атайын кызматтар (ААЧБ, ЫАЧБ, кар көчкүгө каршы кызмат ж.б.) тарабынан, ал эми калган учурларда тажрыйбалуу жумушчулар тарабынан техникалык персоналдын жетекчилиги астында коопсуздук техникасы боюнча максаттуу нускамадан кийин аткарылууга тийиш.

1.4.3. Иш объектилери мүмкүн болгон жер көчкүлөрдүн, суу ташкындарынын, урандылардын, таш кулоолордун, кар көчкүлөрүнүн, сел агымдарынын ж.б. зоналарынан тышкары жайгашууга тийиш. Жогорку коркунучтагы объекттердин (аба электр берүү линиялары, кабель линиялары, мунай жана газ түтүктөрү, темир жолдор ж.б.) коргоо зоналарында иштөө тиешелүү объекттерди эксплуатациялаган уюмдар менен макулдашылат жана наряд-уруксат боюнча жүргүзүлөт. Иш аткаруучуларга жергиликтүү жердеги кооптуу зоналар көрсөтүлгөн иш участогунун пландары (схемалары) берилүүгө тийиш, алар менен бардык иштегендер тааныштырылышы керек. Мындан тышкары, көрсөтүлгөн объекттердин жанында өзү жүрүүчү орнотмолорду (бургулоо, геофизикалык, автокрандар ж.б.) эксплуатациялоодо айдоочунун жолдомо кагазында "Жогорку коркунучтагы объекттин коргоо зонасында объекттен ... м жакын иштөөгө тыюу салынат!" деген белги болууга тийиш.

1.4.4. Машиналардын жана механизмдердин кыймылы, ошондой эле жабдууларды, конструкцияларды жана башка жүктөрдү аба электр берүү линияларынын (ЭБЛ) астынан ташууга, эгерде алардын габариттери жолдун же трассанын бетинен 4,5 м ашпаган бийиктикке ээ болсо, уруксат берилет. Көрсөтүлгөн габариттерден ашкан учурда жана электр линиясынын төмөнкү зымынан ташылуучу жабдууга чейинки аралыкка карабастан, бул электр линиясын эксплуатациялоо үчүн жооптуу өкүлдүн жазуу жүзүндөгү уруксаты жана кошумча коопсуздук чараларын сактоо (зымдар жогору илинген жерлерден өтүү, электр берүүнү өчүрүү ж.б.) зарыл.

Аба электр берүү линияларынын зымдарынан ташылуучу машиналарга (жүктөргө) чейинки аралык чыңалууга жараша төмөндөгүдөн кем болбоого тийиш:

110 кВ чейин - 2,5 м

150 кВ - 3,0 м

220 кВ - 3,5 м

330 кВ - 4,0 м

550 кВ - 4,5 м.

1.4.5. Профилдерди белгилөөдө жана геологиялык чалгындоо казмаларын (скважина, шахта, шурф ж.б.) жайгаштыруу үчүн жергиликтуу жерге чекиттерди чыгарууда, иштегендердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган иш участокторуну жана өндүрүштүк объекттер (ЭБЛ, кабель линиялары, тик жарлар, саздак жерлер ж.б.) жумушчу пландарга (топонегизге) түшүрүлүүгө тийиш. Жергиликтүү жерде бул объекттер ачык көрүнгөн эскертүүчү белгилер (казыктар, плакаттар, такталар ж.б.) менен белгиленүүгө тийиш.

1.4.6. Бийиктикте иштөө наряд-уруксат боюнча жүзөгө ашырылат. Бийиктикте иштөөгө ушул иштерде иштеген кызматкерлер үчүн белгиленген медициналык талаптарга жооп берген жана тиешелүү квалификациясы бар адамдарга уруксат берилет. 0,75 м ашык бийиктиктеги иштер тосмолору жана тепкичтери бар аянтчаларда, ал эми 3,0 м ашык бийиктикте, мындан тышкары, сактануучу курлар колдонулууга тийиш.

Эскертүүлөр: 1. Жердин бетинен, жабуудан же жумушчу аянтчадан 5 м ашык бийиктикте аткарылуучу иштер, эгерде иштегенди бийиктиктен кулоодон сактоочу негизги каражат сактануучу кур болсо, бийиктикте аткарылуучу иштер деп эсептелет.

2. Жердин бетинен, жабуудан же жумушчу аянтчадан 1,3 м жана андан жогору бийиктикте аткарылуучу иштер бийиктиктеги иштерге кирет.

1.4.7. Бийиктикте иш жүргүзүүдө тыюу салынат:

а) күн күркүрөгөн, нөшөрлөгөн, муз тоңгон, катуу кар жааган жана туман болгон учурда, ошондой эле ачык жерлерде шамал 5 балл жана андан жогору болгондо иш аткарууга (2-тиркемени караңыз); б) алардын ортосунда сактануучу төшөлмө жок болгон учурда иштегендердин бир вертикаль боюнча ар кандай бийиктиктерде бир убакта болуусуна; в) бекитилбеген (кулоого каршы) шайманды колдонууга; г) аянтчаларда (подмосттордо, траптарда ж.б.) иштегендердин жана материалдардын алардын эсептик жүктөмүнөн ашкан санда топтолушуна; д) жумуш аяктагандан кийин жумуш орундарында шаймандарды, тетиктерди, материалдарды жана башка буюмдарды калтырууга.

**1.5. Жабдууларды, аппаратураны жана шаймандарды эксплуатациялоо**

1.5.1. Жабдуулар, шаймандар жана аппаратура техникалык шарттарга (ТШ) ылайык келип, эксплуатациялык жана оңдоо документтерине ылайык эксплуатацияланып, оң жана таза абалда кармалууга тийиш.

1.5.2. Бургулоо станокторун, көтөрүү механизмдерин, тоо-кен өткөөл жабдууларын, геофизикалык жана лабораториялык аппаратураны башкаруу, ошондой эле кыймылдаткычтарды, компрессорлорду, электр орнотмолорун, ширетүү жана башка жабдууларды тейлөө бул иштерди жүргүзүүгө укук берген күбөлүгү бар адамдар тарабынан аткарылууга тийиш.

1.5.3. Электротехникалык орнотмолорду (көчмө электр станциялары, электр кыймылдаткычтуу бургулоо орнотмолору, геофизикалык аппаратура ж.б.) тейлөөчү персонал электр коопсуздугу боюнча тиешелүү топко ээ болууга тийиш.

1.5.4. Жеке өндүрүштүк объекттерди (бургулоо орнотмолору, күндүзгү беттеги тоо-кен чалгындоо иштеринин орундары, сейсмикалык жана насостук станциялар ж.б.) энергия менен камсыз кылуу үчүн арналган, алардан 25 м ашпаган аралыкта жайгашкан, кубаттуулугу 125 кВтка чейинки көчмө электр станцияларын жана өндүрүмдүүлүгү 10 куб.м/мин чейинки компрессордук орнотмолорду тейлөөгө, белгиленген тартипте аттестациядан өткөн негизги өндүрүштүк персоналдын ичинен адамдарга уруксат берилет.

1.5.5. Жабдуулардын, механизмдердин, аппаратуранын жана контролдук-өлчөөчү аспаптардын оң абалы жана коопсуз эксплуатациясы үчүн жооптуу адамдар болуп иш объектилеринин жетекчилери саналат. Жооптуу адам жок болгон учурда (иш сапарда, өргүүдө ж.б.) анын эмгекти коргоо боюнча милдеттерин аткаруу анын ордуна кызматка дайындалган кызматкерге жүктөлөт.

1.5.6. Жабдууларды, механизмдерди, аппаратураны жана контролдук-өлчөөчү аспаптарды эксплуатациялаган ишканалар алар боюнча эксплуатациялык жана оңдоо документтерине жана паспортторго ээ болууга тийиш, аларга жооптуу адамдар тарабынан алардын эксплуатациясы жана оңдолушу жөнүндө маалыматтар киргизилет. Колдонулуучу бардык жүк көтөрүүчү машиналар жана механизмдер (крандар, талдар ж.б.) алардын чектик жүктөмү жана кезектеги текшерүү мөөнөтү жөнүндө так белгиленген жазууларга ээ болууга тийиш.

1.5.7. Жабдууларга орнотулган контролдук-өлчөөчү аспаптар тиешелүү органдардын (мындай аспаптарды оңдоого жана текшерүүгө укугу бар уюмдун)

Пломбасына же эн тамгасына ээ болууга тийиш. Аспаптар аларды эксплуатациялоо боюнча нускамада каралган мөөнөттөрдө, ошондой эле көрсөткүчтөрүнүн тууралыгына шек жаралган ар бир учурда текшерилүүгө тийиш.

Манометрлер, массанын индикаторлору жана башка контролдук-өлчөөчү аспаптар алардын көрсөткүчтөрү тейлөөчү персоналга даана көрүнүп тургандай орнотулат. Манометрдин шкаласына же корпусуна эң жогорку жол берилген жумушчу басымга туура келген кызыл белги коюлууга тийиш.

1.5.8. Жабдуулардын абалына техникалык көзөмөл адамдары тарабынан туруктуу контроль орнотулууга тийиш. Контролдун мезгилдүүлүгү жана контролду жүргүзүү үчүн жооптуу адамдар ишкананын жетекчисинин буйругу менен даярдоочу-заводдун оңдоо-эксплуатациялык документтеринин талаптарын эске алуу менен белгиленет.

Текшерүүнүн жыйынтыктары "Эмгекти коргоонун абалын текшерүү журналына" жазылат (1-тиркемени караңыз).

1.5.9. Моторесурсун (амортизациялык мөөнөтүн) иштеп бүткөн жабдуулар ишке, ишкананын жетекчиси тарабынан дайындалган комиссиянын корутундусунан кийин гана, кайталап текшерүү мөөнөтүн көрсөтүү менен киргизилиши мүмкүн. Амортизациялык мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдууну андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгүн баалоодо, анын түрүнө жана арналышына жараша тиешелүү контролдоо (сыноо) методдору колдонулууга тийиш: механикалык, электрдик, гидравликалык, бузбоочу ж.б.

1.5.10. Оң эмес шаймандарды мезгил-мезгили менен текшерүү мөөнөттөрү жана жарактан чыгаруу тартиби ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилет. Жарактан чыгарылган шайман колдонуудан алынып салынууга тийиш.

1.5.11. Механизмдерди ишке киргизээрден жана аппаратура менен аспаптарды иштетүүдөн мурун, иштетүүчү адам алардын оң экендигине жана кооптуу зонада адамдардын жоктугуна ынанып, эскертүүчү сигнал берүүгө тийиш. Белгиленген сигналдардын мааниси бардык иштегендерге белгилүү болууга тийиш.

1.5.12. Механизмдерди кароодо жана учурдагы оңдоодо алардын кыймылдаткычтары өчүрүлүп, алардын жаңылыштык менен же өзүнөн-өзү ишке киришине тоскоол болуучу чаралар көрүлүп, ал эми ишке киргизүүчү түзүлүштөрдүн жанына "Иштетпегиле, адамдар иштеп жатат" деген эскертүүчү белгилер коюлууга же илинүүгө тийиш.

1.5.13. Тыюу салынат:

а) жабдууларды, механизмдерди, аппаратураны жана шаймандарды паспорт боюнча жол берилгенден ашкан жүктөмдөр (басым, ток күчү, чыңалуу ж.б.) менен эксплуатациялоого;

б) арналышы боюнча эмес колдонууга, ошондой эле оң эмес жабдууларды, механизмдерди, аппаратураны, шаймандарды, жабдыктарды жана коргоо каражаттарын пайдаланууга;

в) эксплуатациялоодо тейлөөчү персоналдын туруктуу катышуусун талап кылган иштеп жаткан жабдууларды, аппаратураны кароосуз калтырууга;

г) коргоочу тосмолор жок болгондо же оң эмес болгондо иш жүргүзүүгө;

д) жабдууларды жана аппаратураны топчуланбаган атайын кийимде же ансыз, учу ылдый салаңдаган жоолуктар жана моюн орогучтар менен тейлөөгө.

1.5.14. Машиналардын жана механизмдердин айлануучу жана кыймылдуу бөлүктөрү (маховиктер, тиштүү дөңгөлөктөр, трансмиссиялар, патрондор, бургулоо орнотмолорунун шпинделдери, валдардын учтары ж.б.) ишенимдүү тосулууга тийиш.

1.5.15. Механизмдер иштеп жаткан учурда тыюу салынат:

а) иштеп жаткан механизмдерге чыгууга же иштеп жаткан механизмдердин үстүндө туруп кандайдыр бир иштерди аткарууга;

б) аларды оңдоого, кандайдыр бир бөлүктөрүн бекитүүгө, кыймылдуу бөлүктөрүн кол менен же бул үчүн арналбаган жабдыктардын жардамы менен тазалоого, майлоого;

в) механизмдердин кыймылдуу бөлүктөрүн тормоздоого, кайыш, клиндүү кайыш жана чынжырлуу берүүлөрдү кийгизүүгө, чечүүгө, тартууга же бошотууга, лебедканын барабанындагы арканды же кабелди ломдор (ваг ж.б.) менен, ошондой эле түздөн-түз кол менен багыттоого;

г) тосмолордун үстүнө кандайдыр бир буюмдарды калтырууга;

д) кыймылдуу бөлүктөр толук токтогонго чейин тосмолорду же алардын элементтерин чечүүгө;

е) тосмолордун үстүнөн же астынан өтүүгө;

ж) тосмолордун ичине кирүүгө, кыймылдуу тосулбаган аркандардын үстүнөн өтүүгө же аларга тийүүгө.

1.5.16. Кесүүчү миздери бар шаймандарды коргоочу каптарда же баштыктарда алып жүрүү жана ташуу керек.

**1.6. Геологиялык чалгындоо жабдууларына карата талаптар**

1.6.1. Геологиялык чалгындоо жабдуулары (геофизикалык, бургулоо, тоо-кен өткөөл, гидрогеологиялык, сынама алуучу жана лабораториялык) ушул Эрежелердин жана коопсуздук маселелерин жөнгө салуучу башка ченемдик документтердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

1.6.2. **Геологиялык чалгындоо техникасын (жабдуулар, аппаратура, механизмдер жана шаймандар) сериялык өндүрүү мамлекеттик стандарттарда каралган сыноолордон өткөндөн кийин гана башталышы мүмкүн (ГОСТ 24555-81 «Өнүмдөрдү мамлекеттик сыноо системасы. Сыноо жабдууларын аттестациялоо тартиби. Негизги жоболор» жана ГОСТ Р 8.568—2017 «Өлчөмдөрдүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуунун мамлекеттик системасы. Сыноо жабдууларын аттестациялоо»**).

1.6.3. Төмөн жана жогорку температура, жогорку радиация, нымдуулук, чаң, жарылуу коркунучу бар же башка кооптуу чөйрөдө иштөө үчүн арналган геологиялык чалгындоо жабдуулары тиешелүү Эрежелердин жана башка ченемдик документтердин талаптарын сактоо менен долбоорлонууга жана даярдалууга тийиш. Геологиялык чалгындоо жабдууларынын тиешелүү шарттарда же чөйрөдө (параметрлерди жана категорияларды көрсөтүү менен) иштөө мүмкүнчүлүгү паспортто жана техникалык сыпаттамада (эксплуатациялоо боюнча нускамада) чагылдырылууга тийиш.

## 2-БӨЛҮМ

## ТАЛАА ШАРТТАРЫНДА ИШТӨӨ

**2.1. Жалпы жоболор**

2.1.1. Талаа шарттарында жүргүзүлүүчү геологиялык чалгындоо иштери (геологиялык-съемкалык, издөө, геофизикалык, гидрогеологиялык, инженердик-геологиялык, топографиялык, тематикалык, бургулоо ж.б.), анын ичинде сезондук иштер, конкреттүү жаратылыш-климаттык жана башка шарттарды жана иш районунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен пландаштырылып, аткарылууга тийиш.

2.1.2. Талаа бөлүмдөрү төмөнкүлөр менен камсыз кылынууга тийиш: а) иштин курамын жана шарттарын эске алуу менен, ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилүүчү тизмеге ылайык талаа жабдуулары, байланыш жана сигнализация каражаттары, жамааттык жана жеке коргонуу каражаттары, куткаруу каражаттары жана медикаменттер менен; б) топографиялык карталар жана жерде багыт алуу каражаттары менен.

2.1.3. Маршруттарды жүргүзүүгө жана башка геологиялык чалгындоо иштерин жалгыз аткарууга тыюу салынат.

2.1.4. Адам үчүн кооптуу жырткыч айбанаттар жашаган райондордо иш жүргүзүүдө, талаа бөлүмүнүн ар бир тобунда (бригадасында), ошондой эле талаа лагеринде (базасында) нөөмөттөгү кызматкерлерде ок атуучу курал, ок-дарылар жана мергенчилик бычагы болууга тийиш.

2.1.5. Талаа иштери башталганга чейин бүткүл талаа мезгилине төмөнкүлөр аткарылышы керек: а) базаларды куруу, талаа бөлүмдөрүн транспорт каражаттары, материалдар, жабдуулар жана азык-түлүк менен камсыз кылуу маселелери чечилүүгө тийиш; б) иш районунун жаратылыш-климаттык шарттарын эске алуу менен, бардык

жолдорду, чыйыр жолдорду, кооптуу жерлерди (дарыялардан өтмөктөр, татаал өтүүчү участкалар ж.б.) көрсөтүү менен, аянттарды, участкаларды, маршруттарды иштеп чыгуунун календардык планы жана схемасы түзүлүүгө тийиш; в) байланыш схемасын камтыган эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыгууга тийиш; г) талаа иштеринин мөөнөтүнүн узактыгы, кызматкерлердин талаа иштеринен кайтып келүү тартиби жана мөөнөттөрү аныкталууга тийиш.

2.1.6. Талаа иштеринин мөөнөттөрүн узартуу өзгөчө учурларда, ишкананын жетекчилигинин уруксаты менен жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кошумча иш-чараларды өткөрүү шартында жол берилет.

2.1.7. Талаа бөлүмүнүн талаа иштерине чыгуусуна анын бул иштерге даярдыгын текшергенден кийин гана жол берилет. Даярдыктын абалы партиянын начальниги, кесиптик кошуун уюмунун өкүлү, коопсуздук техникасы боюнча инженер тарабынан кол коюлган жана ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилген акт менен таризделүүгө тийиш (3-тиркемени караңыз). Бардык аныкталган кемчиликтер талаа иштерине чыкканга чейин четтетилүүгө тийиш.

2.1.8. Талаа иштери аяктагандан кийин талаа бөлүмүнүн базага чыгуусу уюшкандыкта, кыймылдын коопсуздугу үчүн жооптуу адамды дайындоо менен жана ишкананын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

2.1.9. Ар бир талаа бөлүмүнүн курамында санитардык инструктор болууга тийиш.

**2.2. Вахталык конуштарды жайгаштыруу жана лагерлерди уюштуруу**

2.2.1. Талаа шарттарында иш алып барган ишкана, иш башталганга чейин, талаа бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин жашоосу үчүн вахталык конуштарды же убактылуу базаларды, же лагерлерди жайгаштырууну жүргүзүүгө тийиш.

2.2.2. Лагерь куруу үчүн жер тандоо партиянын (отряддын) начальнигинин көрсөтмөсү боюнча жүргүзүлөт. Калктуу конуштардын жанында лагердик туруктарды куруу жергиликтүү бийлик органдары менен макулдашылууга тийиш.

2.2.3. Лагерди тик жана жарлуу капталдардын этегинде, капчыгайлардын жана кургак нуктардын түбүндө, суу каптай турган төмөн жана оңой жуулуп кетүүчү жарлуу жээктерде, дарыянын саяң жерлеринде, аралдарда, чымы жок жана урап түшүүчү чоң дарактары бар тик капталдардын астында, деңиз жээктериндеги ташкын-тартылуу зонасында, мал жайыттарында жана жайыттарда, карсттанган жана жер көчкү коркунучу бар аянттарда, ошондой эле дарактар кулашы мүмкүн болгон жерлердин чегинде жайгаштырууга тыюу салынат.

2.2.4. Чатырларды орнотуу үчүн аянтчаларды курап калган бутактардан жана таштардан тазалоо керек; кемирүүчүлөр, уулуу жыландар жана курт-кумурскалар жашынышы мүмкүн болгон ийиндер көмүлүүгө тийиш. Чатырлар бекем бекитилип, суу агып кетиши үчүн арык менен казылууга тийиш. Лагердеги чатырлардын ортосундагы аралык 3 м кем болбоого тийиш. Чатырларга жылытуучу жана жылытуучу приборлорду орнотууда чатырлардын ортосундагы аралык 5 м чейин көбөйтүлүүгө тийиш. Чатырдын кире беришин ошол жердеги шамалдын басымдуу багытын эске алуу менен, шамал тийбеген тарапта жайгаштыруу керек. Тыюу салынат: а) токойлуу райондордо, чөптүү талааларда, камыштарда ж.б. жерлерде аянтчаларды өрттөп тазалоого; б) чатырларды жалгыз турган бийик дарактардын астына орнотууга.

2.2.5. Бийик тоолуу жана мөңгүлүү аймактарда жана башка бардык райондордо суук мезгилде иштөөдө чатырлар жылууланып, жылытуучу приборлор (жылытуучу мештер, электр жылыткыч приборлор) менен жабдылууга тийиш.

2.2.6. Лагерь кенелер, уулуу курт-кумурскалар жана жыландар таралган райондордо жайгашканда, уктаар алдында уктоочу мүшөктөрдү жана чатырларды милдеттүү түрдө жеке кароодон өткөрүү жана текшерүү жүргүзүлүүгө тийиш.

2.2.7. Лагерде жок болгон партиянын (отряддын) кызматкерлерин жана жогору турган уюмдун жетекчилигин жаңы лагердин так жайгашкан жери жана аны табуу шарттары жөнүндө толук көрсөтмөлөр менен алдын ала кабарлабастан, лагерди жаңы жерге көчүрүүгө тыюу салынат.

2.2.8. Кызматкердин же кызматкерлердин тобунун белгисиз себептер менен лагерде жок болушу, дайынсыздарды издөө үчүн шашылыш чараларды көрүүнү талап кылган өзгөчө кырдаал катары каралууга тийиш.

**2.3. Жергиликтүү жерде өтүүлөр жана маршруттарды жүргүзүү**

2.3.1. Жалпы талаптар

2.3.1.1. Маршруттук изилдөөлөр, кызматкерлердин объекттер, убактылуу жашоо жайлары жана талаа бөлүмдөрүнүн базаларынын ортосундагы өтүүлөрү жергиликтүү жердин топонегизинде (карта, план, схема) алдын ала белгиленген маршруттар боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Картага (планга, схемага) негизги ориентирлер, кудуктардын жана суу сактагычтардын жайгашкан жерлери, суу тоскоолдуктары аркылуу өтүүчү кечмеликтер ж.б. түшүрүлүүгө тийиш.

2.3.1.2. Талаа бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин иш объекттерине, маршруттарга, аңчылыкка (балык уулоого ж.б.) чыгуусу иштин жетекчиси менен макулдашуу боюнча жүргүзүлүп, атайын журналга катталууга тийиш (4-тиркемени караңыз). Кызматкерлердин өз алдынча кетишине тыюу салынат.

2.3.1.3. Маршруттук топтун (өтүү тобунун) коопсуздугу үчүн жергиликтүү шарттарды билген, кызмат боюнча улук адис жооптуу болуп саналат. Көп күндүк маршруттарды өткөрүүдө студент-практиканттарды жана кесиби боюнча бир жылдан аз иш тажрыйбасы бар адистерди топтун улугу кылып дайындоого тыюу салынат.

2.3.1.4. Партиянын (отряддын) бардык кызматкерлери жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырылган маршруттарда жүрүү эрежелери жөнүндө нускамадан өтүүгө тийиш.

2.3.1.5. Маршруттарда ар бир кызматкерде бычак, жеке биринчи жардам баштыкчасы жана суу өткөрбөгөн каптагы запастык ширеңке кутусу болууга тийиш. Ар бир кызматкерге бири-бирин жакшыраак көрүү үчүн, айлана-чөйрөнүн түсүнөн айырмаланган ачык түстөгү кийим (көйнөк, сигналдык жилет, баш кийим ж.б.) кийүү зарыл.

2.3.1.6. Калк жашабаган жана аз жашаган райондордо маршруттук топ кадимки азык-түлүк запасынан тышкары, авариялык азык-түлүк запасына, ал эми чөлдүү райондордо суу запасына ээ болууга тийиш. Бул запас партиянын (отряддын) начальниги тарабынан иш районунун конкреттүү шарттарына жана топтун кайтып келүүсүнүн контролдук мөөнөтүнө жараша белгиленет.

2.3.1.7. Топ маршрутка чыгаар алдында бөлүмдүн жетекчиси анын топонегиз, жабдуулар, азык-түлүк, сигналдык, коргоочу жана куткаруучу каражаттар, ошондой

эле байланыш каражаттары (көп күндүк маршруттарда) менен камсыз болушун жеке өзү текшерүүгө, топтун улугуна маршрутту өткөрүү тартиби жөнүндө бардык керектүү көрсөтмөлөрдү берүүгө, жумушчу жана контролдук кайтып келүү мөөнөттөрүн, ал эми көп күндүк маршруттарда топтун партиянын (отряддын) базасы менен милдеттүү радиобайланыш мөөнөттөрүн белгилөөгө, өзүнүн картасына (иштеп чыгуу схемасына) пландалган маршруттун линиясын, анын участокторун иштеп чыгуу даталарын жана топтун түнөөчү жерлерин түшүрүүгө милдеттүү. Топтун маршруттан кайтып келүүсүнүн контролдук мөөнөтү конкреттүү шарттарга жараша дайындалууга тийиш, бирок бардык учурларда жумушчу кайтып келүү мөөнөтүнөн кийин бир суткадан ашпоого тийиш. Көп күндүк жөө маршруттардын саны минималдуу кыскартылууга тийиш. Аларды өткөрүү бир күндүк маршруттарды өткөрүү мүмкүнчүлүгү жок болгондо гана жол берилет жана негизделүүгө тийиш.

2.3.1.8. Ушул район (жер) жана иш шарттары үчүн каралган жабдууларсыз, аба ырайынын жагымсыз божомолунда же штормдук эскертүү болгондо маршрутка чыгууга жана жергиликтүү жерде башка өтүүлөрдү жасоого тыюу салынат.

**2.3.2. Маршруттарда жүрүү тартиби**

2.3.2.1. Маршруттук топтун кыймылы адамдар ортосунда туруктуу көз же үн байланышын жана өз ара жардамдашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган тыгыз болууга тийиш. Маршруттун катышуучуларынын кимдир бирөөсү көрүү жана үн байланышын жоготуп артта калса, топтун улугу кыймылды токтотуп, артта калганды күтүүгө милдеттүү. Тоолуу жерлерде топтун кыймылында адамдар ортосунда бир гана көз байланышын камсыз кылууга жол берилет.

2.3.2.2. Калк жашабаган жерлерде маршруттарда өтүлгөн жолду айырмалоочу белгилер (казыктар, таштардан жасалган белгилер ж.б.) менен белгилеп жүрүү керек, бул кайтуу жолун жеңилдетет же топ кайтып келбесе, аны издөөнү жеңилдетет.

2.3.2.3. Метеорологиялык абал начарлаганда (катуу кар, күн күркүрөөсү, коюу туман ж.б.), өрт белгилери пайда болгондо, жырткыч айбанаттардын агрессивдүү жүрүм-турумунда маршрутту токтотуп, иштегендердин коопсуздугун камсыз кылуучу чараларды көрүү керек.

2.3.2.4. Маршруттагы иш күндүн жарык убагында гана жүргүзүлүп, бардык кызматкерлер караңгы киргенге чейин лагерге кайтып келүүгө үлгүрө тургандай эсеп менен токтотулат. Эгер маршруттун багытын өзгөртүү зарыл болуп калса, жакшы көрүнгөн жерге белги жасап, маршрутту өзгөртүүнүн себептерин жана убактысын, ошондой эле андан аркы жүрүү багытын көрсөткөн кат калтыруу керек.

2.3.2.5. Белгиленген маршруттан четтөөлөр топтун улугунун жеке жоопкерчилиги астында гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

2.3.2.6. Маршруттук топ эки адамдан туруп, алардын бири кыймылдай албай калган учурларда, экинчиси жабырлануучуга ошол жерде мүмкүн болгон жардамды көрсөтүп, жолдошунан алыстабастан куткаруу тобун чакыруу үчүн чараларды көрүүгө тийиш. Жабырлануучуну убактылуу калтыруу, калган адам жардамды толук коопсуздукта күтө алган өзгөчө учурларда гана жол берилет. Кеткен адам картада жабырлануучунун жайгашкан жерин белгилөөгө милдеттүү.

2.3.2.7. Маршрутта багытын жоготкон кызматкерлер маршрут боюнча андан аркы кыймылды токтотуп, жакынкы ачык жерге же үстөмдүк кылган бийиктикке чыгып, андан кийин ошол жерде калууга тийиш. Мында бийик же ачык жерлерде түтүндүү сигналдык от жагып, ошондой эле кар көчкүлөрүнүн түшүүсүн жана өрттүн чыгышын

болтурбоочу чараларды сактоо менен сигналдарды (атуулар, ракеталар, үн менен ж.б.) берүү зарыл.

2.3.2.8. Байланыш үзүлгөн маршруттук топ белгиленген мөөнөттө келбесе, бөлүмдүн начальниги бул тууралуу экспедициянын (партиянын) жетекчилигине дароо билдирүүгө, издөө планын тактап, издөөгө киришүүгө милдеттүү.

2.3.2.9. Адашып калган кызматкерлерге багыт берүү үчүн түнкү убактын белгилүү бир сааттарында партиянын (отряддын) лагеринен ракеталар менен сигналдар берилип турууга тийиш. Ачык талаалуу жана чөлдүү райондордо лагерге эң жакын бийиктикте (бийиктиктер жок болсо, мамыда же радиомачтада) фонарлар илинет. Күндүзгү убакта лагерде белгилүү бир саатарда түтүндүү сигналдар берилет. Сигналдарды берүү убактысы партиянын (отряддын) бардык кызматкерлерине белгилүү болууга тийиш.

2.3.2.10. Бир күндүк маршруттан кайтпаган топту издөө контролдук кайтып келүү мөөнөтү бүткөндөн кийин 12 сааттан кечиктирбестен, көп күндүктөн — 24 сааттан кечиктирбестен башталууга тийиш.

2.3.2.11. Издөө отряддарынын курамына партиянын (отряддын) эң тажрыйбалуу кызматкерлери кирүүгө тийиш. Ар бир издөө отряды карта, компас, керектүү куткаруучу жабдуулар, азык-түлүк, курал-жарак жана байланыш каражаттары, медикаменттер менен жабдылып, ушул жердин шарттарында издөө жана жүрүү тартиби жөнүндө кылдат нускамадан өтүүгө тийиш.

2.3.2.12. Жогору турган уюмдун уруксатысыз адашкандарды издөөнү токтотууга тыюу салынат.

**2.3.3. Ар кандай жаратылыш шарттарында жүрүү жана иштөөдө кошумча коопсуздук талаптары**

Тоолуу жерлерде

2.3.3.1. Тоолордо жүрүүдө жана иштөөдө таштарды ыргытууга жана туруксуз таш кесектерин кулатууга тыюу салынат.

2.3.3.2. Жарлуу жана тик (30 градустан ашык) капталдарда иштөөдө ишенимдүү таянычка бекитилген сактануучу кур менен камсыздандырылуу зарыл. Керектүү таяныч жок болсо, иштегендердин өз ара камсыздандыруусун уюштуруу керек.

2.3.3.3. Тик капталдар боюнча көтөрүлүү жана түшүү милдеттүү түрдө өз ара жардамдашуу менен, ал эми өзгөчө татаал учурларда коргоочу арканды колдонуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Мылтыкты таяныч катары колдонууга тыюу салынат.

2.3.3.4. Аскалуу жана карлуу карниздери бар участоктордо, туруксуз капталдары бар кууш капчыгайларда кыйкырууга (атууга ж.б.) тыюу салынат.

2.3.3.5. Тик капталдар жана урандылар боюнча көтөрүлүү жана түшүү узун зигзагдар ("серпантин") менен жүргүзүлүүгө тийиш. Мында жүрүп бара жаткандар капталда биринин үстүндө экинчиси жайгашпоого тийиш. Түз өйдө ("маңдайга") көтөрүлүүгө тыюу салынат. Ушундай ыкма менен аргасыз кыймылдоо учурунда бири-биринен минималдуу аралыкта кармануу керек.

2.3.3.6. Тоо мөңгүлөрү боюнча жүрүүдө кар же муз кабыгы менен жабылган мөңгү жаракалары, гроттор жана каверналар болгондо өзгөчө этияттык сакталышы керек, алардын бар экенин көп учурда аккан суунун үнүнөн билсе болот. Бул учурларда курларды тагынып, жуп-жубу менен 15-20 м аралыкта альпинисттик аркан менен байланышып, альпенштоктордун же шыргыйлардын жардамы менен жүрүү керек.

2.3.3.7. Мөңгүнүн "тилиндеги" мөңгү гротторуна кирүүгө тыюу салынат.

2.3.3.8. Муз жана кар "көпүрөлөрү" аркылуу альпинисттик аркан менен камсыздандырыуусуз өтүүгө тыюу салынат.

2.3.3.9. Фирн жана мөңгү капталдары жана эңкейиштери боюнча жүрүү атайын ботинкаларда муз жаргыч жана альпинисттик арканды колдонуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Муз жаргычтар колго кайыш аркылуу бекитилүүгө тийиш. Мөңгүлөрдүн жана фирн талааларынын жантайыңкы беттеринен сыйгалануу ыкмасы менен түшүүгө тыюу салынат.

**Кар көчкү коркунучу бар райондордо**

2.3.3.10. Кар көчкү коркунучу бар райондордогу иштер коопсуздук техникасы чөйрөсүндөгү коопсуздук эрежелеринин талаптарын сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

2.3.3.11. Тик жарлуу капталдары бар дарыя өрөөндөрүндө жана коолордо иштөөдө, жүрүү жана жылаңачтанууларды кароо (уранды, сыйрылуу, таш жана дарактардын кулоо коркунучунан сактануу үчүн) өтө этияттык менен, өзгөчө жазында катуу жамгырдан кийин жүргүзүлүүгө тийиш.

2.3.3.12. Жээктеги жардын кырына жакын жүрүүгө тыюу салынат.

2.3.3.13. Дарыя өрөөндөрү боюнча, өзгөчө агымы жай аккан салаалардын чаттарында жана алар аркылуу кечип өтүүдө, баткактуу түбүнөн, зыбундардан жана соруп алуучу ылайлардан сактануу керек.

2.3.3.14. Сууда сүзүүчү каражаттарда маршруттарды өткөрүүдө ушул Эрежелердин 10.6 "Суу транспорту" бөлүмчөсүндө баяндалган коопсуздук талаптарын аткаруу зарыл.

2.3.3.15. Суу тоскоолдуктары аркылуу өтүүдө ушул Эрежелердин 10.9 "Суу тоскоолдуктары аркылуу өтмөктөр" бөлүмчөсүндө баяндалган коопсуздук талаптарын аткаруу зарыл.

**Токойлуу райондордо**

2.3.3.16. Токойдо маршруттарды өткөрүүдө көз жана үн байланышынын эрежелери өзгөчө катуу сакталууга тийиш.

2.3.3.17. Жүрүү учурунда токой тосмолорун айланып өтүү керек. Токой тосмолорун аргасыз басып өтүү чириген дарактардан кулап кетпөө үчүн максималдуу этияттык менен жүзөгө ашырылышы керек.

2.3.3.18. Токой өртүнүн кичинекей белгисинде эле (күйүк жыты, жаныбарлардын чуркоосу же канаттуулардын бир багытта учушу) топ жакынкы дарыя өрөөнүнө же ачык аянтка чыгууга тийиш.

2.3.3.19. Тыюу салынат: а) куураган дарактар кулашы мүмкүн болгон зонада иштөөгө; б) катуу шамал учурунда куураган дарактары бар токой участокторy боюнча жүрүүгө; в) куураган дарактарды шайман, ташылып бара жаткан жүк, кол ж.б. менен урууга; г) күн күркүрөгөндө бийик жана жалгыз турган дарактардын астына жашынууга.

**Карст өнүккөн райондордо**

2.3.3.20. Карст өнүккөн райондордо иш жүргүзүүдөн мурун талаа бөлүмдөрү ошол карст районун тейлеген көзөмөл-куткаруу кызматында (ККК) катталууга тийиш.

2.3.3.21. Бардык табылган карст чуңкурларынын оозу белгилер менен белгиленип, алардын эң кооптуулары бийиктиги 1 м кем эмес бекем тосмо менен курчалууга тийиш.

2.3.3.22. Карсттанган аянттар боюнча жүрүүдө табак сымал жана воронка сымал ойдуңдарды айланып өтүү керек.

2.3.3.23. Үңкүрлөрдү изилдөөгө карта жана спелеологиялык жабдуулар болгондо гана, атайын окутулган кызматкерлерге уруксат берилет.

2.3.3.24. Үңкүрлөрдү кароо жана аларда иштөө кудуктарга (жаракаларга ж.б.) кулап кетпөө үчүн жакшы коопсуз жарыктандырууда, ишенимдүү аркан менен камсыздандырууда жана экиден кем эмес кызматкер тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш. Үңкүрдүн чатырынан жана капталдарынан атууга, кыйкырууга, кагууга жана таштарды сууруп алууга тыюу салынат. Үңкүрлөрдү кароо учурунда алардын кире беришинде зарыл болгон учурда чара көрүү үчүн нөөмөтчү турууга тийиш.

2.3.3.25. Жер астындагы коридорлор боюнча жүрүүдө артынан бекем арканды, жипти, шпагатты жайып жүрүү керек; кошумча түрдө капталдарга тез-тез белгилерди коюп, кесилиштерди номерлеп, чыгууга карай жолду жебелер менен көрсөтүп туруу керек.

2.3.3.26. Тик өткөөлдөр боюнча көтөрүлүү жана түшүү коргоочу арканды колдонуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

2.3.3.27. Жер астындагы дарыяларды жана көлдөрдү кайыктардын жардамы менен изилдөө, акыркылардын ишенимдүү камсыздандырылышы шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

2.3.3.28. Тыюу салынат: а) жаңы табылган карст көңдөйлөрүн изилдөө жүргүзүүгө; б) катуу жамгыр учурунда, ошондой эле андан кийин дароо үңкүрлөрдө иш жүргүзүүгө; в) үңкүрдүн кире беришинин алдында же үңкүрдө от жагууга, ошондой эле үңкүрлөрдө факелдер менен иштөөгө; г) кандайдыр бир ойдуңдарда (нишаларда, чуңкурларда, үңкүрлөрдө ж.б.) түнгө же эс алууга жайгашууга.

Иштеп жаткан тоо-кен ишканаларында жана мурда иштелип чыккан кендердин аянттарында

2.3.3.29. Иштеп жаткан тоо-кен ишканаларынын тоо-кен казмаларында жана мурда иштелип чыккан кендердин аянттарында иштөөдө (казмаларга түшүү, аларды кароо, алар боюнча жүрүү, урандыларды тазалоо, бекитүү, сынамык алуу ж.б.) ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" жана 7-"Сынамык алуу иштери" бөлүмдөрүндө баяндалган коопсуздук талаптары аткарылууга тийиш.

## 3-БӨЛҮМ

## ГЕОФИЗИКАЛЫК ИШТЕР

### 3.1. Жалпы жоболор

3.1.1. Геофизикалык иштер үчүн профилдерди даярдоо колдонуудагы "Топографиялык-геодезиялык иштердеги коопсуздук техникасы боюнча эрежелердин" (КТЭ-88) талаптарын сактоо менен аткарылууга тийиш.

3.1.2. Геофизикалык изилдөөлөрдө (сейсмочалгындоо, сейсмокаротаж, атуу-жардыруу иштери) жардыруу иштери колдонуудагы "Жардыруу иштериндеги коопсуздук эрежелеринин" талаптарына ылайык аткарылууга тийиш.

3.1.3. Геофизикалык жабдуулар жана аппаратура иш объектисинде (байкоо пункту, скважина ж.б.) долбоордук документацияда каралган схемаларга (пландарга) ылайык жайгаштырылууга тийиш. Схемаларда көрсөтүлүүгө тийиш:

- жабдуулардын бирдиктеринин өз ара жайгашуусу жана алардын жылуу жолдору;
- жабдуулардын бирдиктери ортосундагы коммуникациялардын жана байланыш линияларынын жайгашуусу;
- кооптуу зоналардын, тейлөө зоналарынын жана персоналдын өтүү жолдорунун жайгашуусу. Долбоордук документацияда аянтчаларды даярдоого (тазалоо, пландаштыруу ж.б.) карата талаптар каралууга тийиш.

3.1.4. Геофизикалык жабдуулар орнотулган транспорт каражаттары иш ордунда (байкоо чекитинде) токтогондо, эгерде жабдуулардын (лебедкалардын, катушкалардын) иштеши транспорт каражаттарынын жылышына алып келиши мүмкүн болсо, алардын жылышын алдын алуу боюнча кошумча чаралар көрүлүшү керек (дөңгөлөктөрдүн астына такаларды коюу, чуңкур казуу ж.б.).

3.1.5. Жергиликтүү жерде зымдарды (сейсмикалык өрүмдөрдү, электрчалгындоо линияларын ж.б.) төшөөдө жолдор менен кесилишкен участоктордо алардын бузулушун алдын алуу зарыл: а) 4,5 м кем эмес бийиктикте мамыларга асып коюу же жерге көмүү (кара жолдордо). Абада асылып турган зымдар эскертүүчү белгилер (желекчелер) менен белгиленүүгө тийиш; б) темир жол линияларынын рельстеринин астына төшөө. Катуу жабуусу бар жана кара жолдордун бетине зымдарды төшөөгө линияларды кыска мөөнөткө колдонуу учурунда (электрчалгындоодо профилдөө ыкмасы ж.б.) жол берилет. Мында зарыл: а) кесилишкен участокторго кайтаруучуларды коюу; кайтаруучу караңгы убакта иштөөдө сигнализация каражаттары менен камсыз болууга тийиш; б) зымдар аркылуу дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын ылдамдыгы 10 км/сааттан ашпаган ылдамдыкта өтүүсүнө гана уруксат берүү; в) зымдарда кооптуу чыңалуу болгондо транспорт каражаттарынын өтүүсүнө жана жөө жүргүнчүлөрдүн өтүүсүнө жол бербөө; г) изоляциясы жетишерлик бекем эмес зымдарды атайын даярдалган резина шлангдарга салуу.

3.1.6. Абадагы ЭБЛ (ЖЧЧ) астынан өрөөндөрдө, коолордо, жарларда жана тартуу учурунда алардын көтөрүлүшү мүмкүн болгон башка жерлерде төшөлгөн зымдар жерге же анын бетине жакын ишенимдүү бекитилүүгө тийиш. Бул учурларда зымдарды сүйрөп жылдырууга жол берилбейт.

3.1.7. Электр чынжырларын монтаждоо үчүн вилкалар, фишкалар, штепсельдик туташтыргычтар (ШТ) (электрчалгындоо орнотмолору, өзүнчө блокторду туташтыруу ж.б.) так маркировкаланууга тийиш. Кооптуу чыңалуу берилүүчү вилкалардын, фишкалардын, ШТлардын маркировкасы аларды так айырмалоону камсыз кылууга тийиш.

3.1.8. Ачык абада геофизикалык аппаратураны жана жабдууларды тейлөө боюнча иштер күн күркүрөгөндө, катуу жамгырда, бороондо ж.б. учурларда токтотулууга тийиш. Күн күркүрөгөндө имараттан тышкары жайгашкан жана чагылгандан коргоочу түзүлүштөрү жок өткөргүчтөргө (антенналарга, электрчалгындоо линияларына, сейсмокосаларга, байланыш линияларына ж.б.) туташтырылган аппаратураны өчүрүп,

антенналардын түшүрмөлөрүн жердеткичтерге которуп, ал эми жердетилбеген электр линияларынын учтары адамдар жайгашкан имараттардан алынып салынышы керек.

3.1.9. Аппаратураны жана жабдууларды (орнотмолорду, станцияларды ж.б.) бир нече кызматкер тейлегенде, эгерде бир адамдын кандайдыр бир операцияны аткаруусунун натыйжасында башка адамдар үчүн өндүрүштүк коркунуч жаралышы мүмкүн болсо (токту кошуу, айлануучу жана кыймылдуу механизмдерди иштетүү, жардыруу жүргүзүү ж.б.), алардын ортосунда байланыш (сигнализация) жабдылууга тийиш.

3.1.10. Телефондук (радио) байланышты колдонгондо оператор буйруктарды так берип, аткаруучулардан аларды кайталоону талап кылууга тийиш.

3.1.11. Бөлүмдөрдө байланыштын жана сигнализациянын бардык түрлөрүн колдонууда буйруктардын жана сигналдардын системасы иштелип чыгышы керек, аны менен бардык кызматкерлер тааныштырылууга тийиш.

3.1.12. Геофизикалык аппаратуранын комплектине кирген электротехникалык түзүлүштөрдү эксплуатациялоо ушул Эрежелердин 9-"Электротехникалык иштер" бөлүмүнүн талаптарын сактоо менен, ага карата эксплуатациялык жана оңдоо документациясына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

3.1.13. Геофизикалык аппаратуранын жана жабдуулардын (электрчалгындоо жана каротаж станциялары, гентоптор ж.б.) конструкциясында электр тогунан жабыркап калуудан автоматтык коргоо каралышы керек.

3.1.14. Электр аппаратурасын иштетүүдөн мурун оператор бардык иштеп жаткан персоналга тиешелүү сигнал (радиосигнал, үн сигналы ж.б.) менен кабарлоого тийиш.

**3.2. Жер үстүндөгү ыкмалар**

3.2.1. Сейсмочалгындоо иштери

Жалпы жоболор

3.2.1.1. Жардыруу иштери жүргүзүлүп жаткан партияларда (отряддарда) коопсуздук техникасы боюнча нускамаларды өткөрүүдө кызматкерлер жардыруу иштериндеги коопсуздук талаптары, ошондой эле көрсөтүлгөн талаптарды бузгандык үчүн жоопкерчилик менен тааныштырылууга тийиш.

3.2.1.2. Сейсмочалгындоо отряддарынын (бригадаларынын) персоналы жардыруу иштеринин коопсуздук талаптарын аткаруу бөлүгүндө жардыруучунун жана жардыруу иштеринин жооптуу жетекчисинин көрсөтмөлөрүн аткарууга тийиш.

3.2.1.3. Жардыруу иштерин жүргүзүүдө сейсмостанция жана тейлөөчү персонал кооптуу зонанын чегинен тышкары жайгашууга тийиш. Бургулоо жана жардыруу бригадалары биргелешип иштегенде (же бургулоо-жардыруу бригадасы иштегенде) жардыруучудан (жардыруучулардан) башкалардын баары дүрмөт даярдалып жаткан убакта кооптуу зонадан чыгып кетүүгө тийиш.

3.2.1.4. Жардыруучунун уруксатысыз кооптуу зонанын чегинде сейсмокабылдагычтар жана сейсмокоса менен иш жүргүзүүгө тыюу салынат.

3.2.1.5. Сейсмочалгындоо иштерин аткарууда колдонулуучу жабдуулар (сейсмостанциялар, түрүүчү машиналар ж.б.) профилде, байкоо пунктунда жардыруунун продуктулары (чаң, газдар) тейлөөчү персоналдын жумушчу орундарынан алыс тарапка кете тургандай жайгаштырылышы керек.

3.2.1.6. Түрүүчү машиналардын жардамы менен механикалаштырылгандан тышкары, сейсмокосаларды кол менен, анын ичинде ушул максат үчүн жабдылган транспорт каражаттарын колдонуу менен түрүп-чечүүгө жол берилет. Түрүп-чечүү үчүн жабдылган транспорт каражаттары төмөнкү талаптарга жооп бериши керек: а) түрүүчүнүн жумушчу орду менен транспорт каражатынын айдоочусунун ортосунда үн байланышы жабдылууга тийиш; б) кузовдун (чананын) полу, коса өтүүчү борт чыгып турган болттордон, мыктардан ж.б. таза болууга тийиш; в) түрүүчүнүн жумушчу орду кузовдун калган бөлүгүнөн тосмо менен бөлүнүүгө тийиш; г) полдун жерден бийиктиги 0,5 м ашса, кирүү (чыгуу) үчүн кармагычы бар тепкич (сходни) болууга тийиш; д) караңгы убакта иштөөдө косаны салуучу отсекти жана арткы бортко жанаша жаткан жер участогун жарыктандыруучу фаралар орнотулууга тийиш.

3.2.1.7. Косаларды түрүп-чечүү процессинде транспорт каражаттарынын (атайын түрүүчү жана түрүү үчүн жабдылган машиналар менен чаналардын) кыймылы түздүк жерлерде ылдамдыгы 10 км/сааттан ашпаган, ал эми токойлуу, саздак, абдан кескин жерлерде жана татаал жол шарттарында (кар, ылай) 5 км/сааттан ашпаган ылдамдыкта жүргүзүлүүгө тийиш.

3.2.1.8. Атайын машиналар кыймылга келерден жана түрүүчү механизмдерди иштетүүдөн мурун эскертүүчү сигналдар берилүүгө тийиш.

3.2.1.9. Атайын машиналар ЖЧЧ астынан өткөндө жер бетинен 3,5 м ашык бийиктиги бар антенналар түшүрүлүүгө тийиш.

3.2.1.10. Сейсмикалык косаны сүйрөтүүгө оператордун же косаларды түрүп-чечүүгө жооптуу адамдын сигналынан кийин гана уруксат берилет.

3.2.1.11. Түрүүчү машинанын лебедкачысынын жумушчу орду лебедкалык отсектен сынбас айнектен жасалган тосмо менен бөлүнүүгө тийиш.

3.2.1.12. Косаны тазалоого, оңдоого, кароого, илмектерден жана илиништерден бошотууга транспорт каражаты косаны чечип (түрүп) жаткан же сүйрөп баратканда токтогондон кийин гана жол берилет.

3.2.1.13. Транспорт каражаты сүйрөп бараткан косанын бөлүгүн (секцияларын) кол менен ташууга тыюу салынат.

3.2.1.14. Жардыруу иштеринин кесепеттери колдонуудагы "Сейсмочалгындоо иштерин жүргүзүүдө жардыруулардын кесепеттерин жоюу боюнча нускамага" ылайык милдеттүү түрдө жоюлууга тийиш.

**Сейсмокаротаж**

3.2.1.15. Скважинага скважиналык аппаратураны түшүрүү боюнча операцияларды ушул Эрежелердин 3.3.1. "Жалпы жоболор" бөлүмчөсүнүн талаптарын сактоо менен аткаруу зарыл.

Сейсмикалык термелүүлөрдүн жарылбас булактары (СТЖБ) менен иштөө

3.2.1.16. Сейсмикалык термелүүлөрдүн жарылбас булактары (газодинамикалык, электродинамикалык, пневматикалык, вибрациялык ж.б.) менен иштерди жетектөөнү буйрук менен дайындалган жана бул орнотмолордо иштерди жетектөөгө укук берген тиешелүү окуудан өткөн, атайын бөлүнгөн адам жүзөгө ашырууга тийиш.

3.2.1.17. Объектте орнотмолор менен иштөө иштин жетекчисинин катышуусунда аткарылууга тийиш.

3.2.1.18. Иш участогунун абриси иштин жетекчисине жана профилде иштеп жаткан орнотмолор тобунун ар бир операторуна кол койдуруу менен берилүүгө тийиш. Абристе көрсөтүлүүгө тийиш:

- СТЖБ персоналы үчүн жылуу жана таасир этүү учурунда коркунуч жараткан жердин участоктору же объекттери (саздак жерлер, жүк көтөрүмдүүлүгү жетишсиз көпүрөлөр, жер көчкүлөрдүн, урандылардын, ЭБЛ линияларынын өнүгүү участоктору ж.б.);
- СТЖБ иштери жагымсыз таасир этиши мүмкүн болгон эл чарба объекттери, анын ичинде коргоо зоналары барлар (жер астындагы жана жер үстүндөгү коммуникациялар, турак жай жана өндүрүштүк курулуштар);
- СТЖБнын эксплуатациялык документацияда аныкталган мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен коопсуз өтүү жолдору жана мүмкүн болгон орнотуу участоктору.

3.2.1.19. Таасир этүү учурунда тейлөөчү персонал эксплуатациялык документацияда аныкталган жумушчу орундарда гана болууга тийиш. Бардык типтеги иштеп жаткан орнотмолорго бөтөн адамдарды 20 м жакын аралыкка, ал эми мачталары бар орнотмолорго ("кулап түшүүчү жүк", "дизель-балка") мачтанын эки эселенген бийиктигинен жакын аралыкка киргизүүгө тыюу салынат.

3.2.1.20. Бардык типтеги СТЖБ менен иштөөгө тыюу салынат: а) суу сактагычтардын жана саздардын тоңгон бетинде, кулап түшүү коркунучу бар жерлерде; б) СТЖБ иштегенде мүмкүн болгон урандылар, кулап түшүүлөр, тазаланбаган куураган жана чириген дарактарга жакын жерлерде (алардын эки эселенген бийиктигинен аз аралыкта); в) эл чарба объекттеринин коргоо зоналарынын чегинде объекттин ээси менен макулдашуусуз.

3.2.1.21. Суюлтулган жана кысылган газдары бар баллондорду ташууда, эксплуатациялоодо жана сактоодо Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик-укуктук документтеринин талаптарын жетекчиликке алуу зарыл.

3.2.1.22. Жарылбас козгоо булактары менен таасир этүү жүргүзүлүүчү аянтчалар таштардан, металл кесектеринен, бутактардан жана куураган дарактардан (токойдо) ж.б. тазалануга тийиш.

3.2.1.23. "Кулап түшүүчү жүгү" бар орнотмолорду ташууда, ошондой эле жумуштагы тыныгуулар учурунда жүк мачтанын төмөнкү бөлүгүндө туруп, бекитилүүгө тийиш.

3.2.1.24. Бургулоо орнотмолорун профиль боюнча жылдырууга жана көтөрүлгөн мачта менен жолдордо жүрүүгө тыюу салынат.

3.2.1.25. Иш жүргүзүүдө жана тыныгууларда көтөрүлгөн сейсмикалык антенналардын, камералардын, таяныч плиталардын, нурланткычтардын астында турууга тыюу салынат.

3.2.1.26. Караңгы убакта иштөөдө 3.2.1.19-п. ылайык белгиленген СТЖБнын кооптуу зоналары ушул Эрежелердин 11-"Өндүрүштүк санитария" бөлүмүнүн талаптарына ылайык жарыктандырылууга тийиш.

**3.2.2. Электрчалгындоо иштери**

3.2.2.1. Кооптуу чыңалуу булактары менен иштөөдө персонал колдонуудагы тармактык жоболор менен аныкталган электр коопсуздугу боюнча квалификациялык топко ээ болууга тийиш.

3.2.2.2. Диэлектрдик коргоочу каражаттардын, ошондой эле блокировкалардын, калкандардын жана тосмолордун, оператор менен линиялардагы жумушчулардын ортосундагы байланыш каражаттарынын бар экендиги, оң абалы жана комплекттүүлүгү иштин жетекчиси тарабынан объектте күн сайын иш башталар алдында жеке өзү текшерилүүгө тийиш.

3.2.2.3. Кооптуу чыңалуу булактары менен иштөө (аларды иштетүү жана азыктандыруучу линияларга жана чынжырларга ток берүү) оператор менен линиялардагы жумушчулардын ортосунда ишенимдүү байланыш камсыздалганда жүргүзүлүүгө тийиш. Азыктандыруучу жана кабыл алуучу линияларда аткарылуучу бардык технологиялык операциялар алдын ала белгиленген жана бекитилген сигнализация жана байланыш командаларынын системасы боюнча жүргүзүлүүгө тийиш, аны менен ар бир кызматкер кол койдуруу менен тааныштырылышы керек.

3.2.2.4. Сигналдарды зымды тартуу жолу менен берүүгө тыюу салынат.

3.2.2.5. Иштин жүрүшүндө системаларды (схемаларды, режимдерди ж.б.) негиздүү өзгөртүү учурунда, объекттеги иштин жетекчиси өзгөртүү менен бардык аткаруучуларды тааныштырууга тийиш.

3.2.2.6. Электрчалгындоо станцияларынын генераторлорунун жана башка электрчалгындоо жабдууларынын корпустары ушул Эрежелердин 9-"Электротехникалык иштер" бөлүмүнүн талаптарына ылайык жердетилүүгө тийиш.

3.2.2.7. Калктуу жерлердеги кооптуу чыңалуу булактары кайтарылууга тийиш; калк жашабаган жерлерде аларды кайтаруусуз калтырууга жол берилет, бирок мында алар тосулуп, эскертүүчү белгилер менен белгиленүүгө тийиш.

3.2.2.8. Кооптуу чыңалуу булактарына туташтырылган төшөлгөн линиялар боюнча, калктуу конуштарда, бийик чөптө, камыштарда (бадалдарда ж.б.) жайгашкан азыктандыруучу электроддордун жанында "Чыңалуу астында, өмүргө кооптуу!" деген эскертүүчү белгилер коюлууга тийиш.

3.2.2.9. Жердеткичтерди орнотуу жайлары, эгерде алар кайтарылбаса жана кооптуу ток булактарына туташтырылса, тосулууга тийиш. Тосмодон жакынкы электродго чейинки аралык 3 м кем болбоого тийиш.

3.2.2.10. Азыктандыруу булактарын иштетүү оператор тарабынан линиялардагы бардык даярдык иштери аяктагандан кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш. Оператор өлчөөлөрдү жүргүзүү аяктаганга жана азыктандыруу булактары өчүрүлгөнгө чейин башкаруу пультунда болууга тийиш.

3.2.2.11. Линияларда жана жердеткичтерде иштөөдө төмөнкүлөр зарыл:

а) монтаждоону, демонтаждоону жана коммутацияларды оператордон буйрук алгандан кийин гана жүргүзүү;

б) ток булагын иштетүүдөн мурун орнотмолордун ток өткөрүүчү бөлүктөрүнөн 3 м кем эмес аралыкка алыстоо;

в) азыктандыруучу электроддорду кезектешип өчүрүү жолу менен агып кетүүнү текшерүүдө кургак аба ырайында 300 В жогору эмес, ал эми нымдуу аба ырайында 100 В жогору эмес чыңалууну колдонуу; көтөрүлгөн зымдын учун диэлектрдик мээлей менен вилканын (фишканын, штепсельдик туташтыргычтын) изоляциялоочу корпусунан гана кармоо;

г) ток булактарына баруучу зымдардын учтарын розеткалар менен, ал эми "керектөөчүгө" (жердеткичке же орнотмонун башка бөлүгүнө) баруучуларды вилкалар менен жабдуу;

д) азыктандыруучу линияга толугу менен монтаждалган жердетүү контурун гана туташтыруу; е) азыктандыруучу линиялардын бири-бирине же өлчөөчү линияларга тийишине же чырмалышына жол бербөө; ж) стандарттуу коммутациялык буюмдарды гана колдонуу.

3.2.2.12. Азыктандыруучу линиянын жердеткичтеринин жанында экиден кем эмес адам болууга тийиш. Бир жумушчунун болушуна төмөнкү учурларда жол берилет: а) анын оператордун түз көрүү чегинде болушу; б) коопсуз ток булагын колдонуу.

3.2.2.13. Оператор генератордук топтун жана талаа лабораториясынын техникалык жактан оң болушун көзөмөлдөөгө жана жумасына бир жолудан кем эмес ток өткөрүүчү бөлүктөрдүн изоляциясынын каршылыгын текшерип, текшерүүнүн жыйынтыгын талаа журналына белгилеп турууга милдеттүү.

**3.2.3. Гравичалгындоо, магниточалгындоо жана радиометриялык иштер**

3.2.3.1. Профиль (маршрут) боюнча жүрүү үчүн автомобиль транспортун колдонууда, байкоо пункттарында геофизикалык приборлор транспорт каражатынын жүрүү багыты боюнча оң жагында, жолдун жүрүү бөлүгүнөн тышкары орнотулууга тийиш.

3.2.3.2. Иондоштуруучу нурлануунун булактары менен иштөөдө Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик-укуктук документтеринин талаптарын жетекчиликке алуу керек.

3.2.3.3. Ачык тоо-кен казмаларында иштөө (радиометриялык сынамык алуу, тоо тектеринин үлгүлөрүн алуу ж.б.) ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" жана 7-"Сынамык алуу иштери" бөлүмдөрүндө баяндалган талаптарга ылайык аткарылууга тийиш.

**3.3. Скважиналардагы геофизикалык иштер**

3.3.1. Жалпы жоболор

3.3.1.1. Скважиналардагы геофизикалык иштер (бургулоо процессиндеги ГТИден тышкары) "Тапшырыкчынын" өкүлүнүн катышуусунда геофизикалык ишкананын (подрядчынын) жооптуу адисинин жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш. Аварияларды жардыруу ыкмаларынын жардамы менен жоюуда, жутуп алуучу (толук жана катастрофалык жутууларда) скважиналардагы ар кандай геофизикалык иштерди аткарууда, скважиналарда жардыргыч материалдарды жана иондоштуруучу нурлануунун булактарын калтыруу менен байланышкан аварияларды жоюуда, иштер бул уюмдардын башкы инженерлери тарабынан бекитилген бир жолку иш планы боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

3.3.1.2. Геофизикалык иштерди атайын даярдалган скважиналарда гана жүргүзүүгө уруксат берилет. Иш объектисинин даярдыгы бул иштин түрүнө карата колдонуудагы техникалык нускамаларга ылайык акт менен тастыкталат. Даярдык жер үстүндөгү геофизикалык жабдууларды коопсуз жана ыңгайлуу эксплуатациялоону жана геофизикалык изилдөөлөрдүн бүт комплексин жүргүзүү үчүн зарыл болгон убакыттын ичинде каротаждык зонддорду жана скважиналык приборлорду тоскоолдуксуз түшүрүүнү жана көтөрүүнү камсыз кылууга тийиш.

3.3.1.3. Геофизикалык жабдууларды жайгаштыруу үчүн аянтча төмөнкүлөргө тийиш: а) жабдуулардын бирдиктерин алардын ортосунда 3 м кем эмес өтмөк менен орнотууну камсыз кылууга, бирок 10×10 м кем болбоого тийиш. Иштердин долбоорлорунда негизделген учурларда (тоолуу же жыш курулуштуу жерлерде, үймөктөрдө ж.б.) аянтчанын өлчөмдөрү кичирейтилиши мүмкүн;

б) каротаждык көтөргүчтү горизонталдуу абалда орнотуу мүмкүнчүлүгүн, машинисттин ордунан көпүрөчөлөрдү жана скважинанын оозун көрүүнү камсыз кылууга;

в) саздак райондордо катуу жабууга ээ болууга;

г) авариялык кырдаалдарда өзү жүрүү же башка транспорт каражаттары менен сүйрөтүү аркылуу тоскоолдуксуз эвакуациялоону камсыз кылган кирүү жолдоруна ээ болууга;

д) көтөргүчтүн ичинен күймө кыймылдаткычы (ИКК) жана бензин-электр агрегаттары иштегенде иштетилген газдардын топтолушун болтурбай тургандай жайгашууга; рельефтин ойдуң жерлеринде, карда тазаланган траншеяларда ж.б. жайгашпоого;

е) караңгы убакта ушул Эрежелердин 11-"Өндүрүштүк санитария" бөлүмүнүн талаптарына ылайык жарыктандырылууга тийиш.

3.3.1.4. Скважиналык жабдууларды жасалма курулмаларда (эстакадаларда) жайгаштырууда геофизикалык жабдуулар, аппаратура жана материалдар "Тапшырыкчы" жана геофизикалык ишкана тарабынан биргелешип иштелип чыккан жана бекитилген схемаларга ылайык, (эстакаданын) өлчөмдөрүн жана конструктивдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жайгаштырылат. Мында: а) аппаратураны жана жабдууларды контейнердик вариантта жайгаштыруу учурунда жумушчу орундун аянты 200 м² кем болбоого тийиш (10 х 20 м); б) жумушчу орундардын жанында оңдоочу устакана, иш ордунда ЖЗ (жардыргыч заттар) жана РЗ (радиоактивдүү заттар) сактоо үчүн жайлар (каюталар) бөлүнүшү керек; в) каротаждык көтөргүчтөрдүн астындагы постаменттер "Техникалык паспортторго" жана эксплуатациялоо боюнча колдонмолорго (нускамаларга) ээ болууга тийиш.

3.3.1.5. Геофизикалык иштерди жүргүзүүдөн мурун бургулоо орнотмосунун электр жабдуулары Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтеринин, электр коопсуздугу стандарттарынын талаптарына шайкештигине текшерилип, ПУЭ жана ППР талаптарына ылайык төмөнкү кошумча талаптарга жооп берүүгө тийиш:

а) геофизикалык жабдууларды жана аппаратураны күч же жарыктандыруу тармагына туташтыруу үчүн жабдууларды жайгаштырууга арналган аянтчанын четинде (же андан 40 м ашпаган аралыкта) өчүрүүчү түзүлүшү жана 380 В жана 220 В чыңалууга жердетүүчү контакттары бар унификацияланган розеткасы бар электр чекити-щит орнотулушу керек; б) геофизикалык жабдуулардын өзүнчө жердетүүчү өткөргүчтөрүн бургулоо орнотмосунун жердетүү контуруна туташтыруу үчүн орун белгиленүүгө тийиш; аларды туташтыруу болттор же струбциналар менен аткарылууга тийиш.

3.3.1.6. Скважинанын оозун жабдуу скважиналык приборлорду түшүрүүнүн жана чыгаруунун ыңгайлуулугун камсыз кылууга тийиш: а) каптама колоннанын фланецинин полдон 0,75 м ашкан учурда, ал эми тереңдиги 1000 м ашкан скважиналарда 1,5 м ашса, оздун үстүндө жумушчу аянтча курулушу керек; б) чопо эритмеси менен бургуланган скважиналардын оозуна ийкемдүү шлангдын жардамы менен техникалык суу (терс температура шарттарында иштөөдө ысык суу же буу) берилүүгө тийиш.

3.3.1.7. Багыттоочу блок (тартуучу ролик) же жердеги блок-баланс скважинанын оозуна катуу (болттор, хомуттар менен) бекитилет. Аларды аркан менен ороп, оор нерселер менен бастырып бекитүүгө тыюу салынат.

3.3.1.8. Асма блок (ролик) вертлюгга штроптор аркылуу же түздөн-түз таль блогунун илмегине илме шакек аркылуу илинүүгө тийиш. Сактоочу калканы (кашаасы) жок асма блокторду колдонууга тыюу салынат.

3.3.1.9. Асма жана жердеги блоктордун бекитүү түйүндөрүнүн бекемдиги көтөргүчтү эксплуатацияга киргизүүдө, блоктордун ар бир оңдоосунан кийин жана кандай болгон күндө да жылына 1 жолудан кем эмес текшерилүүгө тийиш. Таль блогунун илмегинин бекиткичинин оңдугу ар бир жолу геофизикалык иштерди жүргүзүүнүн алдында түздөн-түз текшерилүүгө тийиш.

3.3.1.10. Скважинанын бургулоо жабдуулары бардык геофизикалык иштерди жүргүзүү учурунда аны колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн оң абалда болууга тийиш. Аларды аткаруу процессинде скважинада бургулоо бригадасынын вахтасы болушу керек, ал макулдашуу боюнча көмөкчү иштерди аткарууга тартылышы мүмкүн.

3.3.1.11. Геофизикалык иштерди жүргүзүүдө (бургулоо процессиндеги ГТИден тышкары) бургулоо бригадасынын башка иштерин (бургулоо жабдууларын оңдоо, бургулоо лебедкасын жана ар кандай күч агрегаттарын иштетүү, бургулоо полу жана кабыл алуу көпүрөчөлөрү боюнча оор жабдууларды жылдыруу, ширетүү иштерин аткаруу ж.б.) жүргүзүү объекттеги геофизикалык иштердин жетекчиси менен макулдашуу боюнча гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Мында бургулоо бригадасынын кызматкерлери геофизикалык иштердин жетекчиси тарабынан кооптуу зоналардын (жардыруу, радиациялык кооптуу иштер, кыймылдагы кабель, ток өткөрүүчү коммуникациялар ж.б. жанында) өлчөмдөрү жөнүндө нускамадан өткөрүлүшү керек, алардын чегинде болууга жол берилбейт. Адамдарды кооптуу зонага киргизүү үчүн жоопкерчиликти геофизикалык иштердин жетекчиси тартат.

3.3.1.12. Геофизикалык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылуу боюнча бургулоо агрегаттары иштеп жатканда (скважинаны кошумча иштетүү, скважинада калган приборлорду бургулоо түтүктөрүнүн жардамы менен көтөрүү ж.б.) геофизикалык бөлүмдөрдүн персоналы бургулоо орнотмосунда бургулоо иштеринин жетекчисинин макулдугу менен гана боло алат.

3.3.1.13. Геофизикалык иштерди бургулоо түтүктөрү аркылуу жүргүзүүгө бургулоо жана геофизикалык уюмдар тарабынан биргелешип бекитилген план боюнча гана жол берилет.

3.3.1.14. Геофизикалык иштерди жүргүзүүдөн мурун бургулоо шаймандары жана инвентары геофизикалык партиянын (отряддын) ишине тоскоол болбогондой жайгаштырылып, бекитилүүгө тийиш. Каротаждык станция менен ооздун ортосунда кабелдин кыймылына жана адамдардын өтүүсүнө тоскоол болгон, ошондой эле каротаждык көтөргүчтүн лебедкасынын машинистине скважинанын оозун көрүүгө тоскоол болгон нерселер болбоого тийиш. Ооздун жанындагы аянтча жана кабыл алуу көпүрөчөлөрү оң абалда жана бургулоо эритмесинен, нефтиден, майлоочу материалдардан, кардан, муздан тазаланууга тийиш. Өтүүгө жана скважиналык приборлорду ташууга тоскоол болгон нерселерди алып салуу мүмкүн болбосо, алардын үстүнөн өтмөктөр (траптар, көпүрөчөлөр) курулууга тийиш.

3.3.1.15. Геофизикалык жабдууларды электр тармагы менен туташтырган кабель жерден 0,5 м кем эмес бийиктикте асылууга тийиш. Геофизикалык жабдууларды

азыктандыруу булагына станциянын электр схемасын чогултуп, текшергенден кийин туташтыруу зарыл.

3.3.1.16. Массасы 40 кг ашкан скважиналык приборлорду атайын жабдыктардын (замбилдер, курлар, кыскыч кармагычтар ж.б.) жардамы менен ташууга уруксат берилет. Мындай жана узун (массасына карабастан 2 м ашык) приборлорду скважинага түшүрүү жана көтөрүү механикалаштырылган ыкма менен аткарылууга тийиш.

3.3.1.17. Скважиналык приборлордун, аппараттардын жана жүктөрдүн кабельге бекитилишинин бекемдиги кабелдин үзүлүү күчүнүн 2/3 бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

3.3.1.18. Кабелдин узундугу скважиналык снарядды максималдуу тереңдикке түшүргөндө лебедканын барабанында кабелдин акыркы катарынын жарымынан кем эмес калышын камсыз кылышы керек.

3.3.1.19. Брондолгон кабелде "фонарлардын" болушуна жол берилбейт. Каротаждык кабелдин бронунун сакталышы жарым жылда бир жолудан кем эмес текшерилүүгө тийиш, ал эми эритмесинде агрессивдүү заттар (туз кислотасы, күкүрттүү суутек) бар скважиналарда иштөөдө текшерүү үзүлүү күчүнө сыноону камтууга тийиш.

3.3.1.20. Скважиналык снаряддардын түшүүсүн (көтөрүлүшүн) контролдоо ылдамдыкты, тереңдикти жана кабелдин тартылышын өлчөгүчтөрдүн көрсөткүчтөрү боюнча аткарылууга тийиш. Тереңдиги 1500 м кем скважиналарда иштөөдө тартылышты өлчөгүчтөрдү колдонуу милдеттүү эмес.

3.3.1.21. Скважиналык приборлорду блокко сүйрөп албаш үчүн кабелде үч жакшы көрүнгөн белги орнотулууга тийиш. Кабелдин көтөрүлүү ылдамдыгы скважиналык прибор каптама колоннанын башмагына жакындаганда жана акыркы эскертүүчү белги пайда болгондон кийин 250 м/саатка чейин төмөндөтүлүүгө тийиш.

3.3.1.22. Каротаждык көтөргүч (каротаждык станция) орнотуу ордунда токтотуучу тормоз, таяныч башмактар (таякчалар, якорьлор) менен, лебедканын максималдуу жүк көтөрүмдүүлүгүнө барабар кабелдин тартылышында анын жылышын болтурбай тургандай бекитилүүгө тийиш.

3.3.1.23. Скважинада иш баштаар алдында тормоздук башкаруу системаларынын, кабель төшөгүчтүн, көтөргүчтүн коргоочу тосмолорунун оңдугу, лебедканын автомобиль рамасына бекитилишинин ишенимдүүлүгү, геофизикалык жабдуулардын жердетүүчү өткөргүчтөрүнүн бүтүндүгү текшерилүүгө тийиш.

3.3.1.24. Иштерди аткаруу процессинде эскертүүчү сигнал берилгенден кийин кооптуу зоналардын чегинде адамдардын болушуна тыюу салынат: а) атуу-жардыруу жана радиациялык кооптуу иштерди жүргүзүүдө; б) кысылып калуудан бошотулуп жаткан кабелдин трассасынан көтөргүчтөн скважинанын оозуна чейинки аралыктан кем эмес аралыкта; в) скважинанын оозунан жана кыймылдагы кабелден эки метрден кем эмес аралыкта.

3.3.1.25. Кысылып калуудан бошотуу максатында кабелди "кыймылдатууда" тартылуу күчү анын үзүлүү күчүнүн 50% ашпоого тийиш. Кабелди үзүү зарыл болгондо кошумча сактык чаралары көрүлүүгө тийиш.

3.3.1.26. Жардыргыч жана радиоактивдүү заттарды камтыган скважиналык приборлорду түшүрүүдөн мурун контролдук шаблондоо жүргүзүү зарыл: шаблондун диаметри скважиналык снаряддын (прибордун) тиешелүү өлчөмдөрүнөн жана массасынан кем болбоого, ал эми узундугу жана массасы андан ашпоого тийиш.

3.3.1.27. Геофизикалык иштерди аткаруу төмөнкү учурларда токтотулууга тийиш: а) кабелдин тартылышы пайда болгондо, скважиналык снаряддардын түшүү учурунда бир нече жолу токтоп калганда (снаряддардын белгилүү кырларда же каверналарда токтоп калуу учурларынан тышкары); б) метеошарттардын начарлашында: көрүүнүн 20 м азга чейин төмөндөшүндө, шамалдын штормдук деңгээлге чейин күчөшүндө ( 20 м/с ашык), катуу муз каптоодо.

3.3.1.28. Скважинада адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган авариялык кырдаалдар (өрт, уулуу заттардын, термалдык суулардын чыгышы ж.б.) пайда болгондо, геофизикалык бөлүмдүн кызматкерлери дароо коопсуз жерге эвакуацияланууга тийиш.

3.3.1.29. Приборду скважинага түшүрөрдөн мурун көтөргүчтүн механизмдеринин оңдугун, жүктүн (зонддун) кабельге бекитилишинин ишенимдүүлүгүн, ошондой эле жүктөрдү жана снаряддарды көтөрүү үчүн колдонулган блоктордун жана илгичтердин ишенимдүүлүгүн текшерүү зарыл.

3.3.1.30. Скважинада түшүрүү-көтөрүү операциялары учурунда: кабелдин үстүнө эңкейүүгө, анын үстүнөн өтүүгө, ошондой эле кыймылдагы кабелди кол менен кармоого тыюу салынат. Көтөргүчтүн барабанына кабель кабельтөшөгүч менен багытталууга тийиш.

3.3.1.31. Скважинада кысылып калган приборду же жүктү лебедканын же бургулоо станогунун жардамы менен бошотууда, бул операцияга түздөн-түз катышкандардан башка бардык иштегендер коопсуз аралыкка алынып салынууга тийиш.

3.3.1.32. Адамдарды каротаждык автомобилдерде ташууга айдоочунун кабинасында, ошондой эле көтөргүчтүн башкаруу пультунун жана лабораториянын кабинасында, эгерде алар атайын отургучтар менен жабдылган болсо, уруксат берилет. Адамдарды көтөргүчтүн лебедкалык бөлүмүндө жана өзү жүрүүчү станцияларда ташууга тыюу салынат.

**3.3.2. СГСтин электрдик ыкмалары**

3.3.2.1. Ченөө схемасынын азыктандыруучу чынжырына чыңалууну скважиналык приборду жана зондду скважинага түшүргөндөн кийин гана берүүгө болот. Приборлордун оңдугун текшерүү (градуирлөө, эталондоо) үчүн беттин үстүндө азыктандыруучу чынжырга токту кошуу зарыл болсо, бул жөнүндө отряддын (партиянын) персоналын эскертүү керек.

3.3.2.2. Ченөөлөр аяктагандан кийин жана кабелди көтөрүүнү аргасыз токтоткондо кабель линиясындагы чыңалуу өчүрүлүүгө тийиш. Коргоочу жердеткичти лабораторияны жана көтөргүчтү ток булагынан ажыраткандан кийин гана алууга болот.

3.3.2.3. Электр жаракаттары боюнча кооптуу токтарды генерациялоочу же аларды азыктандыруу үчүн колдонгон түйүндөрдү камтыган скважиналык приборлордун электр схемаларын оңдоо жана текшерүү иш орундарында чыңалууну өчүргөндө гана аткарылышы мүмкүн. Чыңалууну өчүрбөстөн иш аткарууну талап кылган оңдоону (ченөөлөрдү, жөндөөлөрдү, текшерүүлөрдү) атайын устаканада (ГМЛ) кошумча коопсуздук чараларын көргөндө жүргүзүү зарыл.

**3.3.3. Скважиналык геофизика ыкмалары**

3.3.3.1. Жер үстүндөгү аппаратураны жана жабдууларды азыктандыруу үчүн скважиналык приборлордун жана зонддордун чынжырларында кооптуу чыңалууларды

жана токтарды колдонууда ушул Эрежелердин 9-"Электротехникалык иштер" бөлүмүнүн жана 3.3.2-"СГСтин электрдик ыкмалары" бөлүмчөсүнүн талаптарын жетекчиликке алуу зарыл.

3.3.3.2. Скважиналык электрчалгындоо ыкмаларында жер үстүндөгү линияларды төшөөдө, жердеткичтерди орнотууда жана аларда иштөөдө ушул Эрежелердин 3.2.2-"Электрчалгындоо иштери" бөлүмчөсүнүн талаптары аткарылууга тийиш.

**3.3.4. Скважиналардагы атуу-жардыруу иштери (АЖИ)**

3.3.4.1. ЖМдан жасалган буюмдар жана атуу-жардыруу аппараттары менен иштөөнүн бардык стадияларында, кооптуу зоналарды аныктоодо, белгилөөдө жана кайтарууда, электр жарыдыруунун коопсуздугун камсыз кылууда колдонуудагы "Жардыруу иштериндеги коопсуздуктун бирдиктүү эрежелеринин" талаптары сакталууга тийиш.

3.3.4.2. 3.3.1.2-п. талаптарына кошумча катары бургулоо эритмесине (перфорациялык суюктукка) геологдун жана бургулоо мастеринин колу коюлган, ар бир скважина үчүн катмарды ачуу шарттарына туура келген параметрлерге шайкештиги жөнүндө акт түзүлөт.

3.3.4.3. "Жардыруу иштериндеги коопсуздук эрежелери" менен талап кылынган токтон ажыратуу зонасында 36 В жогору чыңалуудагы электр орнотмолорун колдонууга зарыл болгон учурда кошумча коопсуздук чараларын (блокировкалоочу түзүлүштөрдү колдонуу, электр корголушунун классын жогорулатуу, сезгичтиги төмөндөтүлгөн жардыруу каражаттарын колдонуу ж.б.) көргөндө гана жол берилет.

3.3.4.4. Скважинадагы электр жабдууларын токтон ажыраткан учурдан баштап аппарат 50 м тереңдикке түшкөнгө чейин 400 м радиуста электр ширетүү иштерин жүргүзүүгө жол берилбейт. Бул талапты аткаруу мүмкүн болбогондо (скважинанын шахта талаасынын чегинде, калктуу конушта ж.б. жайгашканда) электр жардыруу тармагынын блокировкалоочу түзүлүштөрүн колдонуу милдеттүү.

3.3.4.5. Атуу-жардыруу аппаратурасынын кысылып калуусун жоюуга тартылган бургулоо бригадасынын персоналы геофизикалык иштердин жооптуу жетекчиси тарабынан коопсуздук чаралары боюнча нускамадан өткөрүлүшү керек. Кысылып калууну жоюу боюнча иштер "тапшырыкчынын" иш жетекчисинин (бургулоо мастери, сыноолор боюнча мастер, татаал иштер боюнча мастер) түздөн-түз жетекчилиги астында жана геофизикалык иштердин жооптуу жетекчисинин түздөн-түз катышуусунда жана көзөмөлүндө аткарылууга тийиш.

3.3.4.6. Скважинада кысылып калган заряддалган аппаратты башка аппарат менен жардырып жоюуга "тапшырыкчы" жана иш аткаруучу уюмдардын жетекчилеринин макулдашылган чечими боюнча гана уруксат берилет.

**3.3.5. Скважиналарды бургулоо процессиндеги геологиялык-технологиялык изилдөөлөр (ГТИ)**

3.3.5.1. ГТИ станциясын орнотуу үчүн аянтча жана ага коммуникацияларды тартуу 3.3.1.3-п. кошумча катары төмөнкү талаптарга жооп бериши керек: а) анын жайгашуусу бургулоого башка транспорт каражаттарынын эркин киришин камсыз кылууга тийиш; б) станцияны датчиктер жана сырткы жабдуулар менен байланыштырган туташтыруучу кабелдер таянычтарга асылууга же ар кандай транспорт каражаттары жана көчмө механизмдер тарабынан бузулуу мүмкүнчүлүгүн болтурбаган коргоочу жабдыктарда болууга тийиш. Датчиктердин кабелдери бургулоо бригадасынын ишине тоскоол болбошу керек; в) аянтчага бургулоо орнотмосунун

күчтүк жыйымынын өзүнчө өчүрүүчү түзүлүшүнөн 380 В чыңалуу, бургулоонун жердетүү контурунан жердетүүчү өткөргүч жана суу тартылууга тийиш; г) станцияга баруучу жолдор жарыктандырылып, ал эми Түндүк шарттарында иштөөдө алар боюнча леерлер (аркандар) тартылууга тийиш.

3.3.5.2. ГТИ лабораториясы жана бургулоо сүйлөшүүчү түзүлүш менен байланышта болууга тийиш.

3.3.5.3. Масса датчигин монтаждоо (демонтаждоо) таль системасы жүктөн бошотулганда жүргүзүлүүгө тийиш. Масса датчиги таль арканынын учунун оң бекитүү механизмине гана же таль арканына бургулоо полунан 2 метрден ашпаган бийиктикте орнотулат.

3.3.5.4. Басым жана сарптоо датчиктерин басым берүүчү линиядан алуу жана орнотуу басымды атмосфералык деңгээлге чейин төмөндөткөндөн жана насостун иштетилишине каршы чараларды көргөндөн кийин жүргүзүлүүгө тийиш.

3.3.5.5. ГТИ станциясынын аянтчасында отко кооптуу материалдарды сактоо үчүн кулпу менен жабылуучу жашиктер орнотулууга тийиш. Аларды станцияда сактоого тыюу салынат.

3.3.5.6. ГТИ бөлүмүнүн персоналынын бургулоо бригадасынын иштөө процессинде анда орнотулган геофизикалык жабдууларды тейлөө үчүн бургулоого киришине бургулоо мастери менен макулдашуу боюнча гана жол берилет.

**3.3.6. Скважиналарды сыноо жана гидродинамикалык изилдөөлөр**

3.3.6.1. ККСны (кабелдеги катмар сынагычты) түшүрүүгө даярдык көпүрөчөлөрдө, ККСнын корпусунун радиусу боюнча оюгу бар атайын төшөмөлөрдө жүргүзүлүүгө тийиш.

3.3.6.2. ККСнын сынамык алгычтарын скважинада герметикадан чыгарууга атайын түзүлүштөрдү колдонуу менен гана жол берилет.

**3.4. Аэрогеофизикалык жана авиадесанттык иштер**

3.4.1. Аба транспортун (учактар, вертолеттор) колдонууда бортоператор жана фотооператор катары иштөөгө атайын курстарда окуган, атайын медициналык күбөлөндүрүүдөн жана коопсуздук техникасы боюнча нускамадан өткөн адамдарга уруксат берилет. Нускаманы жарандык авиация (ЖА) бөлүмү тарабынан бул үчүн бөлүнгөн кызматкерлер жүргүзүүгө тийиш.

3.4.2. Аэрогеофизикалык иштерди жүргүзүүгө уруксат берилген адамдар колдонуудагы "Кызматтык жүргүнчүлөрдү ташуу, жүктөрдү сырткы асмада ташуу жана курулуш-монтаждоо иштери үчүн авиацияны колдонгон ишканалардын кызматкерлери үчүн коопсуздук техникасы боюнча нускаманын", "Съемкалык учуулар боюнча колдонмонун", авиатранспорт жана жердеги кызматтар үчүн шарттуу белгилердин кодунун талаптарын изилдеп, билүүгө тийиш.

3.4.3. Иштелип чыккан конкреттүү учуу планы партиянын начальниги тарабынан экипаждын командирине белгиленген форма боюнча учуу тапшырмасы түрүндө таризделүүгө тийиш.

3.4.4. Уруксат берүүчү документтерди даярдоо (учууга арыз, учуу тапшырмалары), учуучу аппараттарга геофизикалык аппаратураны орнотуу, геофизикалык кызматтын жана ЖА кызматынын кызматкерлеринин авиациялык транспортту колдонуунун бардык стадияларындагы өз ара мамилелери, учууларды камсыз кылуу боюнча

алардын ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү "Съемкалык учуулар боюнча колдонмо" менен жөнгө салынат.

3.4.5. Кыймылдаткычтарды учуу аэродромунда иштеткен учурдан баштап, дайындалган аэродромдо винттер толук токтогонго чейин, анын ичинде аралык конуу чекиттеринде болуу убактысын кошкондо, учууга катышкан бардык адамдар кеменин командирине баш ийип, анын бардык көрсөтмөлөрүн дароо жана так аткарышат.

3.4.6. Учуу жана конуу учурунда: а) учууга катышкан бардык адамдар жумушчу орундарында болууга тийиш, аларды аба кемесинин командиринин көрсөтмөсүз таштап кетүүгө болбойт; б) съемкалык аппаратураны текшерүүгө, аба кемесинин командиринин көңүлүн учууга (конууга) тиешеси жок жана учуунун коопсуздугуна коркунучту алдын алуу менен байланышпаган суроолор менен алаксытууга тыюу салынат.

3.4.7. Учуу учурунда съемкалык аппаратураны иштетүү (өчүрүү), ошондой эле фюзеляждан тышкаркы жыйналуучу түзүлүштөрдү чыгаруу жана жыйноо аба кемесинин командиринин уруксаты менен гана жүргүзүлөт.

3.4.8. Геофизикалык аппаратураны чыгарылуучу гондолага жайгаштырууда, ошондой эле вертолетко тростук асмага же кабель-троско асып коюуда (гравиметрлердин маалыматтарын колдонууда) атайын трос кескичтерди колдонуу милдеттүү. Трос кескичтин пиропатрондору менен иштөөдө ЖМ менен иштөөнүн жалпы эрежелерин сактоо зарыл.

3.4.9. Съемкалык аппаратураны жерде жылытуу жана сыноо үчүн аэродромдук азыктандыруу булактарын колдонуу менен иштетүүгө бортмеханиктин (борттехниктин) катышуусунда гана жол берилет. Иш жүргүзүлбөгөн каналдардын өзүнчө блокторунун электр азыктандыруу булактары өчүрүлүүгө тийиш.

3.4.10. Аппаратуранын жердеги азыктандыруу агрегаттарынын кыймылдаткычтары учактын (вертолеттун) токтоочу жайынан 50 м жакын эмес жайгаштырылууга тийиш.

3.4.11. Аба кемесин күйүүчү май менен толтурууда съемкалык аппаратуранын электр азыктандыруусун иштетүүгө тыюу салынат.

3.4.12. Учууну аткарууда оператор-геофизик учуучу аппараттын экипажы жана жердеги топ менен байланыш менен камсыз болууга тийиш.

3.4.13. Вертолетко асылуучу түпкү гравиметрлердин тростук асмасынын узундугу 40 м кем болбоого тийиш.

3.4.14. Түпкү гравиметри бар платформаны түшүрүү (көтөрүү) жүргүзүлүүчү вертолеттун люгу тосмолорго ээ болууга, ал эми платформанын орнотулушун көзөмөлдөгөн бортоператор көз айнек менен жана сактануучу кур менен иштөөгө тийиш.

3.4.15. Вертолетко тростук асмага асылуучу же кабель-тросто түшүрүлүүчү түпкү гравиметрлер менен иштөөгө тыюу салынат: а) жагымсыз аба ырайы шарттарында (булуттуулуктун бийиктиги 150 м кем, көрүнүү 3 км кем, шамалдын ылдамдыгы 20 м/с ашык); б) тростор дарактарга илинип калышы мүмкүн болгон жыш токойдо; в) жайкы жана күзгү-жазгы мезгилде саздак жерлердин участокторунда.

3.4.16. Тростук асмага асылуучу түпкү гравиметрлер менен иштөөгө кошумча түрдө тыюу салынат: а) профилдин абадагы ЭБЛ өткөн участокторунда; б) токойдо, эгерде дарактардын бийиктиги 25 м ашса.

3.4.17. Авиатранспорт каражаттарынын жанында иштерди жүргүзүүдө (десанттык-съемкалык иштерде, абадан тандалып алынган аянтчаларга конууда) зарыл: а) ачык от булактарын, анын ичинде тамеки чегүү үчүн жерлерди, учактан (вертолеттон) 50 м кем эмес аралыкта жайгаштыруу; б) иштеп жаткан винттерден 25 м кем эмес аралыкта иштөө жана жабдууларды жайгаштыруу; в) авиатранспорт каражатынын учуу (конуу) ордунан учуу (конуу) багытынан четке карай 50 м кем эмес аралыкка алыстоо.

3.4.18. Аргасыз конууда, тандалып алынган аянтчаларга (убактылуу аэродромдорго) конууда зарыл: а) аба кемесинин бортун командирдин уруксаты менен жана кызматтык иштер боюнча гана таштап кетүү (авариялык кырдаал учурларынан тышкары); б) аба кемесинен жалгыз түз көрүү чегинде гана алыстоо; в) алдын ала макулдашылган чогулуу сигналы боюнча дароо аба кемесинин токтоочу жайына кайтып келүү.

3.4.19. Аэрогеофизикалык иштерди аткарган бардык кызматкерлер сигнализация каражаттары, бортпаектор, аптечкалар, суу үчүн идиштер (суусуз райондордо), куткаруучу жилеттер (суу беттеринин үстүндө иштөөдө) менен камсыз болууга тийиш.

3.4.20. Десанттык топту түшүрүүдө анын жетекчиси учактын (вертолеттун) командири менен сааттарды салыштырып, жолугушуунун ордун жана убактысын (анын ичинде запастык варианттарды) макулдашып, ага чыгуунун (учуп келүүнүн) контролдук мөөнөтүн дайындап, командирге алдыдагы маршруттун абрисин берип же бул маршрутту анын картасына түшүрүүгө тийиш.

3.4.21. Десанттык топту түшүргөндөн кийин учак (вертолет) кыска убакытка болсо да абага көтөрүлгөн учурда, десанттык топ кол тийгис азык-түлүк жана талаа жабдууларынын комплекти менен камсыз болууга тийиш.

**3.5. Жер астындагы тоо-кен казмаларындагы геофизикалык иштер**

3.5.1. Жер астындагы тоо-кен казмаларында геофизикалык иштерди жүргүзгөн персонал ушул Эрежелердин 5-"Бургулоо иштери", 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" жана 7-"Сынамык алуу иштери" бөлүмдөрүнүн талаптарын аткарууга тийиш.

3.5.2. Иштеп жаткан тоо-кен ишканаларында геофизикалык иштерди жүргүзүүдө ошол ишкананын персоналы жетекчиликке алган коопсуздук техникасынын талаптарын аткаруу зарыл.

3.5.3. Иштерди жүргүзүү үчүн участкалар шахтанын (кендин) башкы инженери менен макулдашуу боюнча аныкталууга тийиш.

3.5.4. Кенде (шахтада) иш баштаар алдында жер астындагы шарттарда иштөөгө уруксат берилген бардык адамдар аварияларды жоюу планынын негизги жоболору, негизги жана запастык чыгуулар, тоо-кен казмаларынын жайгашуусу менен тааныштырылууга тийиш.

3.5.5. Жумуш ордунда коркунуч белгилери табылганда иштерди токтотуп, адамдарды коопсуз жерге чыгарып, кен мастерине кабарлоо зарыл.

3.5.6. Геофизикалык аппаратуранын аткарылышы, геофизикалык иштер жүргүзүлүп жаткан кендин (шахтанын) казмаларынын газ-чаң режиминин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

3.5.7. Ташуучу казмаларда байкоолорду жүргүзүүдө аппаратура жайгашкан жерден эки тарапка 40 м аралыкта эскертүүчү белгилерди орнотуу зарыл.

3.5.8. Кен мастеринин уруксатысыз казмалардын капталдарын жана чатырын ачуу үчүн бекиткичти алууга тыюу салынат.

3.5.9. Көтөрүлүүчү скважиналарда, скважинадан тоо тектеринин сыныктары (скважиналык приборлор ж.б.) түшүп калган учурда иштердин коопсуздугун камсыз кылган жабдууларсыз геофизикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тыюу салынат.

**3.6. Ядролук-геофизикалык ыкмалар**

3.6.1. Ядролук-геофизикалык жана радиометриялык изилдөөлөрдүн бардык түрлөрүндө радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтерине ылайык аткарылууга тийиш.

3.6.2. Тоо-кен казмаларында ченөөлөрдү жүргүзүүдө жана лабораториялык изилдөөлөр үчүн сынамыктарды даярдоодо ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери", 7-"Сынамык алуу иштери" жана 8-"Лабораториялык иштер" бөлүмдөрүнүн тиешелүү талаптарын жетекчиликке алуу зарыл.

## 4-БӨЛҮМ

## ГИДРОГЕОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ИНЖЕНЕРДИК-ГЕОЛОГИЯЛЫК ИШТЕР

4.1. Жалпы жоболор

4.1.1. Атайын скважиналарды бургулоо, бургулоо жана башка орнотмолорду, ошондой эле жабдууларды (анын ичинде суу көтөргүч) монтаждоо, демонтаждоо жана жылдыруу, көпүрөлөрдү (жасалма түптөрдү) орнотуу, колонналарды куюу менен байланышкан скважиналардагы цементтөө иштери, скважиналарды оңдоо жана жоюу ушул Эрежелердин 5-"Бургулоо иштери" бөлүмүнүн талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

4.1.2. Катмарларды жаруу, скважиналарды туз-кислоталык иштетүү Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтерине ылайык, ал эми скважиналардагы жардыруу иштери (торпедалоо, перфорация ж.б.) "Жардыруу иштериндеги коопсуздук эрежелерине" жана ушул Эрежелердин 3-"Геофизикалык иштер" бөлүмүнө ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

4.1.3. Караңгы убакта тажрыйбаларды жүргүзүүдө жумушчу орундар ушул Эрежелердин 11.2.2. "Жарыктандыруу" бөлүмчөсүнүн талаптарына ылайык жарыктандырылууга тийиш.

4.1.4. Жумушчу аянтча пландаштырылып, тазаланып, ыңгайлуу кирүү жана өтүү жолдоруна ээ болууга тийиш. Котловандарда (карьерлерде ж.б.) жайгашкан байкоо пункттарына баруучу жолдор жана чыйырлар жүрүү үчүн коопсуз жер боюнча салынууга тийиш; (эңкейиш 30 градустан ашканда) түшүү үчүн кармагычтары бар тепкичтер орнотулууга тийиш.

4.1.5. Көзөмөл-өлчөөчү приборлорго эркин өтүүгө мүмкүнчүлүк болушу керек. Өлчөөлөрдү алуу үчүн атайын аянтчалар жабдылууга тийиш; аянтчанын бийиктиги 1 м ашканда, ал бийиктиги 1,2 м тосмого ээ болуп, кармагычтары бар тепкич менен жабдылууга тийиш.

4.1.6. Тоо-кен казмаларындагы гидрогеологиялык жана инженердик-геологиялык иштер иштердин коопсуздугу үчүн жооптуу адамдын уруксаты менен жүргүзүлүүгө тийиш. Тоо-кен казмаларында ишенимдүү желдетүү камсыз кылынып, ал эми көзөмөл-өлчөөчү приборлор, механизмдер жана түзүлүштөр жардыруу иштери жүргүзүлгөндөн кийин кылдат текшерилүүгө тийиш.

4.1.7. Тыюу салынат:

а) тоо-кен казмаларында жана бургулоо скважиналарында аларды түздөн-түз өтүү процессинде тажрыйбаларды жүргүзүүгө;

б) гидрогеологиялык приборлорду (деңгээл өлчөгүчтөрдү, чапкычтарды, сынамык алгычтарды ж.б.) үзүлгөн зымдары бар жана багыттоочу роликсиз тросто түшүрүүгө жана көтөрүүгө;

в) насостук орнотмолордо жана тажрыйба объектисинин башка участокторунда объектте кандайдыр бир иштерди аткаруу менен алектенбеген адамдардын болушуна.

4.1.8. Жүк астында же басым астында турган приборлорду (ченөөчү аппаратураны, басым түтүктөрүн, аба өткөргүчтөрдү, насосторду, гидравликалык орнотмону ж.б.) ажыратууга жана оңдоого тыюу салынат.

**4.2. Гидрогеологиялык иштер**

4.2.1. Тажрыйбалык сордуруулар, багдыруулар, куюулар

4.2.1.1. Компрессордук орнотмолорду жана аба өткөргүчтөрдү эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Скважиналардын арматурасы, ошондой эле эрлифт менен сордурууда жана багдырууда колдонулуучу жабдуулар бир жарым эселенген жумушчу басымга сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Сыноолордун жыйынтыктары актылар менен таризделүүгө тийиш.

4.2.1.2. Скважина бекитилген каптама түтүктөрдүн колоннасынын үстүнкү кыры тегиз эмес же кесүүчү жээктерге ээ болбоого тийиш.

4.2.1.3. Скважинадан суу түтүк өткөргүч же шланг аркылуу жумушчу аянтчанын чегинен тышкары чыгарылууга тийиш. Мында турак жай жана өндүрүштүк жайларды суу каптоо, жолдорду жууп кетүү ж.б. мүмкүндүгү жокко чыгарылышы керек. Сууну чыгаруу үчүн түтүк өткөргүч же шланг скважинадан төгүүчү жерге карай 1 градустан кем эмес эңкейишке ээ болуп жана ишенимдүү бекитилүүгө тийиш.

4.2.1.4. Тыюу салынат:

а) фонтандоочу скважиналарда алардын оозу жабдылганга чейин байкоолорду жүргүзүүгө;

б) скважинадан сууну чыгаруучу түтүктүн астында турууга;

в) суу чыгаруучу түтүккө каршы турууга.

4.2.1.5. Эскирген бекиткичи бар кудуктардан, ошондой эле ооздору бекитилбеген скважиналардан, шурфтардан жана шахталардан тажрыйбалык сордурууларды жүргүзүүгө тыюу салынат. Шурфтардан, шахталардан же скважиналардан сордурууда, эгер алар шурфтар менен башталса, казмалардын ооздору бекем калкандар менен жабылууга тийиш.

4.2.1.6. Өлчөөчү бактардын жардамы менен дебитти өлчөөдө төмөнкүлөр зарыл:

а) бактарды алардын туруктуулугун камсыз кылган атайын аянтчага орнотуу;

б) бактын сыйымдуулугу 200 л ашканда, аны атайын төгүүчү түзүлүш менен жабдуу.

4.2.1.7. Күйүүчү газдарды бөлүп чыгарган скважиналарда тыюу салынат:

а) электрдик контакттуу деңгээл өлчөгүчтөр жана башка жарылуу коркунучу бар приборлор менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө;

б) каптама түтүктөрдү кыймылдатууга жана аларга болот буюмдар менен урууга;

в) тамеки чегүүгө же скважинанын жанында ачык от булактары менен болууга.

4.2.1.8. Жай мезгилинде сордурууну жүргүзүүдө байкоочу жана мастер үчүн жамгырдан жана шамалдан коргонуучу жай, ал эми кышында жылытылуучу жай жабдылат.

4.2.1.9. Скважинадан сууну желонкалар менен сордурууда аларды скважинанын оозунан алыстатуу жана сууну төгүү үчүн чыгаруучу ноо болушу керек.

4.2.1.10. Скважинага мунаранын бийиктигинин 0,8инен же крандын көтөрүү бийиктигинин чегинен ашкан узундуктагы фильтрлердин секцияларын, бургулоо жана каптама түтүктөрдү түшүрүүгө тыюу салынат.

4.2.1.11. Скважинанын тереңдиги 5 м ашканда, ошондой эле фильтрлердин диаметри 75 мм ашканда фильтрлерди орнотуу, түшүрүү жана көтөрүү жүк көтөрүүчү механизмдердин жардамы менен жүргүзүлүүгө тийиш.

4.2.1.12. Электр кыймылдаткычтуу сууга чөгөрүлүүчү насос менен сордурууда тыюу салынат:

а) суу көтөргүч насостун колоннасын тиешелүү шаймандарсыз жана түтүктөр үчүн хомуттарсыз монтаждоого;

б) кабель токтон ажыратылбаганда насосту түшүрүүгө жана көтөрүүгө;

в) насостун электр кыймылдаткычына кабелди иштеп жаткан бригаданын же лебедканын тарабынан төшөөгө; азыктандыруучу кабель суу көтөргүч колоннага бири-биринен 1,5 м ашпаган аралыкта жайгашкан кашаалар менен бекитилүүгө тийиш; электрдик сууга чөгөрүлүүчү насостордун ишке киргизүү механизмдери кулпу менен жабылуучу буткаларда же жайларда орнотулууга тийиш.

4.2.1.13. Насостук агрегаттарга азыктандыруу тармагынын киришинде (тажрыйбалык орнотмонун жумушчу аянтчасынын жанында) жалпы ажыраткыч орнотулушу керек, анын жардамы менен зарыл болгон учурда электр жабдууларынан чыңалуу толугу менен алынышы мүмкүн.

4.2.1.14. Иштеп жаткан жана кароосуз калган тоо-кен казмаларындагы гидрогеологиялык байкоолор ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" бөлүмүнүн талаптарын сактоо шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

4.2.1.15. Шурфтарда же шахталарда орнотулган насостор менен сордурууда, насостор жайгашкан текчелер тосмолорго ээ болууга тийиш.

4.2.1.16. Багдыруу үчүн насостук орнотмо эки манометрге ээ болууга тийиш: насосто жана тампондоочу түзүлүштүн куюучу баш жагында.

4.2.1.17. Скважиналарга тампондорду орнотуудан мурун төмөнкүлөр зарыл:

а) скважинанын стволун иштеп чыгуу жана аны шаблон менен текшерүү;

б) бир жана эки колонналуу тампондордун туташууларынын оң экендигине ынануу; пневматикалык жана гидравликалык тампондордо сактагыч клапандардын, аба, суу магистралдарынын жана изоляциялоочу түзүлүштөрдүн оң экендигин текшерүү.

4.2.1.18. Скважинада бир жана эки колонналуу тампондорду орнотууда ачкычтарды патрубкалар менен узартууга жол берилет. Патрубок тигишсиз түтүктөн жасалууга тийиш. Патрубоктун ачкыч менен кошулган жеринин узундугу 0,2 м кем болбоого тийиш. Патрубогу бар ачкычтын жалпы узундугу 2 м ашпоого тийиш.

4.2.1.19. Басым 5 ат (0,5М˜Pia) жогору болгондо жана башка табигый таянычтар жок болгондо скважинага суу берүү үчүн түтүк өткөргүчтөр эстакадаларга төшөлүүгө тийиш. *Эскертүү. СИ системасы боюнча 1 ат 0,1 МПа (мегапаскаль) түзөт.*

4.2.1.20. Түтүк өткөргүчтөрдө пайда болгон "тыгынды" насостордун жардамы менен түртүп чыгарууга тыюу салынат. Тажрыйбаны жүргүзүү токтотулуп, "тыгын" жоюлгандан кийин кайра жандандырылышы мүмкүн.

4.2.1.21. Сууну скважинанын изилденүүчү аралыгына багдыруу аяктагандан кийин жана суу өлчөгүчтүн жанындагы вентилди жапкандан кийин скважинадан суу фонтан сыяктуу атылып чыгышы мүмкүн болгон аба кранынын жанында турууга тыюу салынат.

4.2.1.22. Тажрыйбаларды жүргүзүү үчүн тереңдиги 1 м жана андан ашык убактылуу суу сактагычтар (котловандар) бийиктиги 1,2 м кем эмес кармагычтар менен тосулууга же тактайлардан жасалган төшөлмө менен жабылууга тийиш.

4.2.1.23. Тоо тектеринин фильтрация коэффициентин шурфтарга жана скважиналарга куюу ыкмасы менен аныктоодо:

а) туруксуз тектердеги шурфтун капталдары казманын бүт тереңдигине бекитилүүгө тийиш;

б) суу берүү үчүн өлчөөчү бактар шурфтун оозунан 1 м кем эмес аралыкта жайгаштырылып, ишенимдүү бекитилүүгө тийиш;

в) скважинанын оозу жабдылып, ал эми шурф суунун деңгээлин өлчөө үчүн тешиктери бар калкан менен жабылууга тийиш.

**4.2.2. Режимдик байкоолор**

4.2.2.1. Режимдик байкоолорду жүргүзүүдө төмөнкүлөр зарыл:

а) режимдик байкоолордун объектилерин изилдөө жана коопсуз жүрүү маршруттарын тандоо; кооптуу жерлерди (карсттык воронкалар, чуңкурлар, саздак жерлер жана саздардагы "терезелер") жергиликтүү жерде белгилөө; аларды айланып өтүү мүмкүн болбогон учурда, өтмөктөрдү жабдуу керек;

б) суу өлчөөчү постторго жакындоодо тик жээк капталдарында тепкичтерди, өтмөктөрдү, баскычтуу траптарды, бийиктиги 1,2 м кем эмес кармагычтар менен жабдылган өтмө көпүрөлөрдү куруу, аларды ылайдан, кардан, муздан тазалоо жана зарыл болсо кум же күл менен сээп коюу;

в) байкоолорду жүргүзүүнүн схемасын, планын жана графигин түзүү;

г) ар бир топко так жүрүү маршрутун көрсөтүү менен участокторду бекитүү;

д) топту алыскы участокторго жөнөтүүдө аралыктагы түнөөчү жерлерди жана топтун кайтып келүүсүнүн контролдук убактысын аныктоо.

4.2.2.2. Көпүрөнүн таянычтарына, жээктерге жана башка курулмаларга суу өлчөөчү рейкаларды бекиткен кызматкерлер сууга кулап кетүүдөн ишенимдүү камсыздандырылууга тийиш.

4.2.2.3. Режимдик байкоолорду жүргүзүүдө тыюу салынат:

а) өлчөөлөр үчүн 2 адамдан кем топту жөнөтүүгө; *Эскертүү. Шаарлардын жана калктуу конуштардын чегинде гидрорежимдик байкоолорду бир байкоочунун аткаруусуна жол берилет.*

б) бороон, шамал учурунда жана караңгы убакта байкоолорду жүргүзүүгө;

в) эгерде рейканын жанында сүзүп жүргөн муз болсо же суу сактагычтан муздун кысымы байкалса, эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн сууга кирүүгө жана рейкага жакындап барууга;

г) газ бөлүп чыгаруучу скважиналардын ооздорун ойдуңдарда, шурфтарда жана газдын топтолушу үчүн шарттар бар башка жерлерде жабдууга; *Эскертүү. Газ бөлүп чыгаруучу скважиналардын жанына эскертүүчү жазууларды коюу зарыл.*

д) байкоо тармагына срубдары же тосмолору жок, же урап түшүү коркунучу бар кудуктарды кошууга.

**4.2.3. Гидрометриялык иштер**

4.2.3.1. Сууда сүзүүчү каражаттарды колдонуу менен гидрометриялык иштерди жүргүзүүдө ушул Эрежелердин 10.6 "Суу транспорту" жана 10.9 "Суу тоскоолдуктары аркылуу өтмөктөр" бөлүмчөлөрүнүн талаптары аткарылууга тийиш.

4.2.3.2. Катерден же понтондон гидрометриялык иштерди жүргүзүүдө куткаруу каражаттары бар кайык болууга тийиш.

4.2.3.3. Шамал 4 баллдан ашканда, муз жүрүп жатканда, туманда, караңгы убакта кайыктарда жана понтондордо иштерди жүргүзүүгө жана дарыялар менен суу сактагычтарда жүрүүгө, ал эми дарыя катерлеринде шамал 5 баллдан ашканда тыюу салынат (2-тиркемени караңыз).

4.2.3.4. Якорду таштоодо кайыктын тумшугун агымга каршы багыттап, анын тең салмактуулугун камсыз кылуу зарыл.

4.2.3.5. Суу сактагычтын тереңдиги 6 м чейин болгондо, өлчөө иштери шыргый (шест) менен жүргүзүлүүгө тийиш. Бул иштерди аткарган адам куткаруучу кур тагынып, сууга кулап кетүүдөн камсыздандырылууга тийиш. Шыргыйды агым боюнча кармоо зарыл.

4.2.3.6. Туурасынан кесилиштер боюнча тереңдикти өлчөөгө уруксат берилет:

- агымынын ылдамдыгы 1,5м˜/с чейин болгон дарыяларда калактуу кайыктардан жана катерлерден;
- агымынын ылдамдыгы 1,5 м/с ашкан дарыяларда тиешелүү кубаттуулуктагы моторлуу кайыктардан жана катерлерден гана;
- агымы катуу ( 2м˜/с ашык) дарыяларда өлчөөчү кеменин түрү жана кыймылдаткычтын кубаттуулугу жергиликтүү шарттарга жараша аныкталат.

4.2.3.7. Өзү жүрүүчү кемелерден шыргый же лот менен тереңдикти өлчөө жай жүрүштө ( 1м˜/с чейин) жүргүзүлүүгө тийиш.

4.2.3.8. Тыюу салынат:

а) лот, вертушкалар менен иштерди жүргүзүүдө кайыктын бортунда жана отургучтарында турууга. Лоттун массасы 10 кг ашканда, аны көтөрүү жана түшүрүү үчүн түзүлүш каралууга тийиш;

б) лот-линди колго ороого.

4.2.3.9. Агызып өлчөөдө, кыйгач галстар менен же агымга туурасынан өлчөөдө шыргый жана лот кайыктын же катердин агым боюнча жогорку бортунан түшүрүлүүгө тийиш. Шыргый өлчөөчү кеменин корпусунун астына кирип кетсе же топуракка тыгылып калса, аны дароо коё берүү керек.

4.2.3.10. Катерден өлчөөдө ороочунун жумушчу орду бийиктиги 1,1 м кем эмес леер же фальшборт менен тосулууга тийиш. Кайыктан өлчөөдө өлчөөчү кайыктын мурун бөлүгүндө, түбүндө, агым боюнча жогорку бортуна карап турууга тийиш. Өлчөөчү кеме муз каптаганда шыргый жана лот менен тереңдикти өлчөөгө тыюу салынат.

4.2.3.11. Эхолот менен иштөөдө төмөнкүлөр зарыл:

а) тосмо вибраторлорун аларды кемеге трос же жип менен аскандан кийин гана орнотуу;

б) иштөө учурунда эхолоттун капкактарын жабуу;

в) монтаждалуучу эхолоттун бөлүктөрүн катерде (шлюпкада) бир калыпта жайгаштыруу.

4.2.3.12. Штангадагы вертушка жана батометрден башка кандайдыр бир приборлорду лебедкаларсыз жана кран-балкаларсыз борттун сыртына түшүрүүгө жана кармап турууга тыюу салынат.

4.2.3.13. Тыюу салынат:

а) бардык приборлор суудан көтөрүлүп, жүрүшкө даярдалып бекитилмейинче якорду көтөрүүгө киришүүгө;

б) гидрометриялык приборлор лебедкаларда абада бош илинип турганда кайыктарда өтүүгө;

в) гидрометриялык приборлорду туткасы алынбаган абалда лебедканын тормозунда түшүрүүгө;

г) гидрометриялык приборлорду түшүрүү үчүн храп механизми жок лебедкаларды колдонууга. *Эскертүү. Приборлорду көтөрүүдө лебедканын храп механизми милдеттүү түрдө иштетилиши керек.*

4.2.3.14. Гидрометриялык иштерди жүргүзүү үчүн понтондор, көпүрөлөр бийиктиги 1,2 м кем эмес кармагычтар менен жабдылууга тийиш.

4.2.3.15. Тыгын болгон райондо иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

4.2.3.16. Убактылуу тосмолордон төмөн гидрометриялык иштерди жүргүзүүдө суу жарып кеткен учурда коопсуздукту камсыз кылган чаралар каралууга тийиш.

4.2.3.17. Суу ташкыны, толкун, токой агызуу жана башка татаалдашкан шарттарда иштерди жүргүзүүдө бардык зарыл куткаруу каражаттары бар нөөмөтчү кайык болууга тийиш.

4.2.3.18. Агымынын ылдамдыгы 1,5 м/с ашкан дарыяларда иштөөдө якорь сүзүүчү каражатка зарыл болгон учурда кесип салынышы мүмкүн болгон аркан менен бекитилүүгө тийиш.

4.2.3.19. Гидрометриялык иштерди жүргүзүүдө створду трос аркылуу белгилөөгө дарыянын агымынын ылдамдыгы 2,5м˜/с чейин болгондо жол берилет. Аркандын бекемдиги эсептөөгө ылайык келүүгө тийиш. Арканды күндүз желекчелер, түнкүсүн фонарлар менен белгилөө зарыл. Арканды тарткан түзүлүштөр оң абалда болуп, зарыл болгон учурда аны тез чөктүрүүнү камсыз кылууга тийиш. Таянычтардын бекемдиги, аркандын жана механизмдердин оңдугу иш башталар алдында текшерилүүгө тийиш.

4.2.3.20. Иштебеген убакта аркан дарыянын түбүнө түшүрүлүп, ал эми арканды тарткан механизмдер өчүрүлүп, аларды бөтөн адамдардын иштетишине жол бербөө чаралары көрүлүүгө тийиш.

4.2.3.21. Аркан боюнча жүрүү үчүн атайын шаймандар (илгичтер, чынжырлар, илмектер ж.б.) колдонулууга тийиш. Арканды кол менен кармоого тыюу салынат.

4.2.3.22. Гидрометриялык створлор гидрогеолог (гидролог) тарабынан тандалууга тийиш. Створлорду дарыянын чатында, сайларда, босоголордо жана башка кооптуу жерлерде жайгаштырууга тыюу салынат.

**4.3. Инженердик-геологиялык иштер**

4.3.1. Тоо тектеринин компрессиялык жана жылышуу касиеттерин аныктоо боюнча талаа тажрыйбаларын жүргүзүүдө төмөнкүлөр зарыл:

а) приборлорду монтаждоо алдында аркандардын, хомуттардын, илгичтердин жана рычагдардын оңдугун, ал эми жүктөөчү платформаларда орнотмонун бекитилишинин ишенимдүүлүгүн текшерүү; тирөөчтөрдү жана домкраттарды орнотуу учурунда оор салмактагы асма рычагдардын абалын көзөмөлдөп, алардын кулап кетишине каршы чараларды көрүү;

б) жылышуу параметрлерин аныктоо үчүн приборлорго үлгүлөрдү жүктөөдө рычагдарды четке тартып коюу;

в) тажрыйбалар жүргүзүлүп жаткан казмалардын капталдарын жана чатырын бекитүү, казмаларды жер үстүндөгү жана жер астындагы суулар менен суу каптоодон сактоо чараларын көрүү; казмаларда тажрыйбаларды жүргүзүүгө түздөн-түз катышкан адамдар гана болууга тийиш;

г) авария болгон учурда адамдарды тез арада чыгарууну камсыз кылган тоо-кен казмасынан эркин чыгууга ээ болуу;

д) талаа сыноолору үчүн орнотмонун жана жабдуулардын (штамптын конструкциясы, таяныч устундун профили, анкердик сваялар ж.б.) түрүн чектик эсептик жүктөөгө жараша тандоо; анкердик сваяларды топуракка тереңдетүүдө таяныч устундун көтөрүү жөндөмдүүлүгү эсептелгенден 25% жогору болууга тийиш.

4.3.2. Тоо тектеринин компрессиялык жана жылышуу касиеттерин аныктоо боюнча талаа тажрыйбаларын жүргүзүүдө тыюу салынат:

а) платформаны жүктөө учурунда казмада адамдардын болушуна;

б) жүк платформасынын жана рычагдардын астында адамдардын болушуна.

4.3.3. Эгерде тажрыйба учурунда бузуктуктар (прибордо жана өлчөөчү аппаратурада, өткөрүүчү тирөөчтөрдөгү кыйшаюулар ж.б.) аныкталса, тажрыйбаны жүргүзүү токтотулуп, бардык бузуктуктар жоюлгандан кийин кайра жандандырылууга тийиш.

4.3.4. Шурфтарга жамгыр жана эрүү сууларынын киришин болтурбоо үчүн, акыркылар калкандар же чатырлар менен жабдылып, шурфтун четинен 1,0-1,5 м кем эмес аралыкта топурактан жасалган дөбө менен курчалууга тийиш.

4.3.5. Жер астындагы казмаларда тажрыйба иштерин жүргүзүүдө тажрыйба камерасынын чатырындагы бетон таяныч жаздыкчалары 40 см кем эмес тереңдикке салынган анкердик якорьлор менен бекемделүүгө тийиш. Бетон жаздыкчаларын даярдоонун сапаты статикалык жүктөмдөрдө алардын бузулуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга тийиш.

4.3.6. Тажрыйбаларды жүргүзүү үчүн жумушчу жүктөмдүн астына орнотулган гидравликалык домкраттар жумушчу жүктөн 25% ашкан жүктөм менен сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Домкраттарды сыноо аларды оңдоодон кийин, бирок жылына 1 жолудан кем эмес жүргүзүлөт.

4.3.7. Гидравликалык домкраттарды колдонууда тыюу салынат:

а) бузук домкраттар, гидравликалык жаздыкчалар, насостук агрегаттар, май өткөргүч жана манометрлер менен иштөөгө;

б) домкраттын поршенинин штогунун узундугунун 3/4 бөлүгүнөн ашык чыгышына жол берүүгө;

в) чыгаруучу пробканы тез бурап, басымды кескин төмөндөтүүгө.

4.3.8. Гидроорнотмо эки оң манометрге ээ болууга тийиш: бири насосто, экинчиси жаздыкта же домкраттарда.

4.3.9. Тыюу салынат:

а) вентилдери жабык насосту иштетүүгө;

б) басымдын максималдуу жумушчу басымдан жогорулашына жол берүүгө.

4.3.10. Гидроорнотмону жүктөө учурунда тажрыйбаларды жүргүзүү менен алектенген бардык кызматкерлер алардын толук коопсуздугун камсыз кылган жерлерде болууга тийиш.

4.3.11. Электр энергиясын берүү күтүлбөгөн жерден токтоп калган учурда, насостук агрегатты тейлеген адам насосту ишке киргизген электр кыймылдаткычын дароо өчүрүүгө милдеттүү.

4.3.12. Байкоо пункту жана гидравликалык орнотмо авариялык жарыктандыруу менен камсыз болууга тийиш.

4.3.13. Тоо-кен казмасында тектердин жылышуу параметрлерин аныктоо боюнча тажрыйбаларды жүргүзүүдө орнотмо экиден кем эмес бурамалуу домкраттар менен тирелип бекемделүүгө тийиш.

4.3.14. Гидравликалык жаздыкчаларды жана бурамалуу домкраттарды колдонуу менен тажрыйба орнотмосун пайдаланууда жаздыкча сактагыч металл (алынма) кабыкка, ал эми бурамалуу домкраттар сактагыч металл курго ээ болууга тийиш.

4.3.15. Ар бир тажрыйба жүргүзүлгөндөн кийин камера техникалык көзөмөл адамы тарабынан текшерилип, коопсуз абалга келтирилүүгө тийиш.

4.3.16. Скважиналарда прессиометрлердин жардамы менен тектердин кысылууга жана жылышууга каршылыгын талаада аныктоолорду (тажрыйбаларды) жүргүзүүдө төмөнкүлөр керек:

а) аныктоолорду баштоодон мурун шлангдардын, газ редукторунун, вентилдин, баллондордун оңдугун жана абалын текшерүү;

б) кыш мезгилинде аныктоолорду жүргүзүүдө скважинанын оозунун үстүнө жылытылуучу жай куруу;

в) манометрлердин көрсөткүчтөрүнө көз салуу жана басымдын чектен ашып кетишине жол бербөө;

г) электр-пневматикалык прессиометрлер менен иштөөдө персонал "Ашыкча басым астында иштеген жабдуулар колдонулган кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жай коопсуздугунун эрежелерин" сактоого тийиш.

4.3.17. Тыюу салынат:

а) сыноо жүргүзүү процессинде скважинанын оозунун үстүндө турууга;

б) приборлордун, өлчөөчү аппаратуранын бузуктугунда, абанын агып кетишинде, ошондой эле редуктордун клапанынын илинип калышында, деформация көрсөткүчүнүн аномалдуу көрсөткүчтөрүндө ж.б. скважиналарды сыноону жүргүзүүгө. Бузуктуктар аныкталганда сыноону жүргүзүү токтотулуп, жогорку басымдын булагы өчүрүлүп, прессиометрдин системаларындагы басым алынып салынууга тийиш.

4.3.18. Пенетрациялык-каротаждык станциялар менен иштөөдө "пайдалуу кендерди издөөдө жана чалгындоодо радиоактивдүү заттар жана башка иондоштуруучу нурлануунун булактары менен иштөө" талаптарын, ошондой эле ушул Эрежелердин 3-"Геофизикалык иштер" жана 5-"Бургулоо иштери" бөлүмдөрүнүн талаптарын милдеттүү түрдө аткаруу керек.

4.3.19. Топурактарды динамикалык зонддоо менен талаа сыноолорун жүргүзүүдө төмөнкүлөр зарыл:

а) ишти баштоодон мурун жана ар бир саат иштегенден кийин уруучу элементтин, анын кыймылдаткыч түзүлүшүнүн оңдугун, багыттоочуларда анын бекитилишинин ишенимдүүлүгүн текшерүү, орнотмонун уруучу механизминде жаракалар жок экендигине ынануу;

б) механизм толугу менен өчүрүлүп, тормоздук түзүлүшкө коюлганда өлчөөлөрдү жүргүзүү;

в) штангалардын бурамалуу туташууларынын бекитилишинин ишенимдүүлүгүн текшерүү.

4.3.20. Статикалык зонддоо ыкмасы менен талаа тажрыйбаларын жүргүзүүдө төмөнкүлөр зарыл:

а) иш баштаар алдында пенетрациялык орнотмонун бекитилишинин ишенимдүүлүгүн, анын скважина менен бир окто жана борбордо болушун, ошондой эле аянтчанын горизонталдуулугун текшерүү;

б) орнотмонун гидравликалык системаларынын оңдугун текшерүү.

4.3.21. Тыюу салынат:

а) пенетрациялык орнотмолордун уруучу элементтеринин, гидравликалык домкраттардын жана жүктөөчү аянтчалардын жанындагы аракеттенүү зоналарында адамдардын болушуна;

б) бурамалуу домкраттарды колдонуу менен топурактын компрессиялык, жылышуу касиеттерин аныктоого жана статикалык зонддоону жүргүзүүгө.

4.3.22. Динамикалык зонддоо үчүн орнотмолорду (искеметрия, прессиометрия ж.б.) эксплуатациялоодо компрессордук орнотмолорду техникалык эксплуатациялоо эрежелери жана ушул Эрежелердин 5-"Бургулоо иштери" бөлүмү сакталууга тийиш.

## 5-БӨЛҮМ

## БУРГУЛОО ИШТЕРИ

5.1. Жалпы жоболор

5.1.1. Кирүү жолдорун салуу, бургулоо орнотмосун куруу, жабдууларды жайгаштыруу, жылытуу (жарыктандыруу ж.б.) тутумун орнотуу ишкананын жетекчилиги тарабынан бекитилген, көз карандысыз экспертизадан өткөн долбоорлор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Долбоорлор жабдууларды эксплуатациялоонун техникалык талаптарына жана ушул Эрежелерге ылайык иштелип чыгууга тийиш.

5.1.2. Бургулоо орнотмосу бул типтеги орнотмолор үчүн каралган, иштердин коопсуздугун жогорулатуучу механизмдер жана шаймандар менен камсыз болууга тийиш.

5.1.3. Бургулоо орнотмолорунда иштеген бардык жумушчулар жана адистер коргоочу каскалар менен иштөөгө тийиш. Жылдын суук мезгилинде каскалар жылууланган тумаксалар менен жабдылууга тийиш. Бургулоо орнотмолоруна коргоочу каскасы жок адамдарды киргизүүгө тыюу салынат.

5.1.4. Бургулоо орнотмолорунун жабдуулары, шаймандары, полдору, тепкичтери жана кармагычтары таза кармалууга тийиш.

### 5.2. Курулуш-монтаждоо иштери

**5.2.1. Жалпы талаптар**

5.2.1.1. Курулуш-монтаждоо иштери жооптуу адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш.

5.2.1.2. Мунараларды (мачталарды) монтаждоодо, демонтаждоодо жана тейлөөдө бийиктикте иштөөгө ден соолугунун абалы боюнча жарактуу жана иштерди коопсуз жүргүзүү боюнча окуудан өткөн бургулоо бригадаларынын жумушчулары жана мунара монтаждоочуларына жол берилет.

5.2.1.3. Бургулоо орнотмосунан турак жай жана өндүрүштүк жайларга, темир жана таш жолдордун коргоо зоналарына, инженердик коммуникацияларга, ЭБЛге чейинки аралык мунаранын (мачтанын) бийиктигине 10 м кошулгандан кем болбоого, ал эми магистралдык мунай жана газ түтүктөрүнө чейин 50 м кем болбоого тийиш.

**5.2.2. Бургулоо орнотмолорун куруу**

5.2.2.1. Катуу пайдалуу кендерге бургулоочу геологиялык-чалгындоо орнотмолору жана гидрогеологиялык скважиналарды бургулоо үчүн орнотмолор ушул эрежелерге жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтерине ылайык келүүгө тийиш.

5.2.2.2. Бургулоо мунаралары (мачталары), эгерде алардын эксплуатациялоо боюнча нускамаларында каралса, болот аркандардан жасалган тартуулар менен бекитилүүгө тийиш. Тартуулардын саны, диаметри жана бекитүү жерлери техникалык документацияга ылайык келүүгө тийиш. Тартуулар диагоналдык тегиздиктерде, алар жолдорду, аба электр берүү линияларын, жүрүш тепкичтерин жана өтмө аянтчаларды кесип өтпөгөндөй орнотулат. Тартуулардын төмөнкү учтары тартма муфталар аркылуу якорьлорго бекитилет. Тартуулардын бекиткичтери үчтөн кем эмес кыскыч менен аткарылууга тийиш.

Тыюу салынат:

а) эки тартууну бир якорьго бекитүүгө;

б) улаштырылган аркандан тартууларды орнотууга.

5.2.2.3. Манжалар, шамсалгыч жана шамкабылдагыч жаа алардын сынып калуусунда кулап түшүүдөн камсыздандырылып, таль блогунун жана элеватордун кыймылына тоскоол болбоого тийиш.

5.2.2.4. Учактардын (вертолеттордун) мунаранын же мачтанын бийиктигине салыштырмалуу бийиктикте учуусу мүмкүн болгон райондордогу бургулоо орнотмолорунун мунаралары жана мачталары сигналдык отторго ээ болууга тийиш.

5.2.2.5. Стационардык жана көчмө бургулоо орнотмолорунда жумушчу (негизги) чыгуу тарабында калыңдыгы 40 мм кем эмес тактайлардан жасалган, эңкейиши 1:10 болгон кабыл алуу көпүрөсү курулууга тийиш; көпүрөнүн узундугу чыгарылуучу бургулоо түтүктөрүнүн (шамдардын) узундугунан 2 м кем эмес ашык болууга тийиш. Бургулоо жана каптама түтүктөрдү коюу үчүн кабыл алуу көпүрөсүнүн жанында түтүктөрдүн жайылып кетишинен сактоочу шаймандары бар стеллаждар жабдылууга тийиш. Эгерде кабыл алуу көпүрөсү 0,7 м ашык бийиктикте болсо, ал стеллажга карама-каршы тарабынан кармагычтар менен жабдылып, калыңдыгы 50 мм кем эмес тактайлардан жасалууга тийиш. Өзү жүрүүчү жана көчмө (автомобилдик чиркегичтердеги) бургулоо орнотмолорун бургулоо, колонкалык жана каптама түтүктөр менен иштерди жүргүзүү үчүн стеллаждар менен жабдууга жол берилет. Бул учурда бургулоо орнотмосунан негизги чыгуу эки тараптуу кармагычтары бар траптар же тепкичтер менен жабдылууга тийиш.

5.2.2.6. Бургулоо насосторунун сактагыч түзүлүшү агызуучу линия менен жабдылууга тийиш, ал аркылуу сактагыч клапан иштегенде жуугуч суюктук кабыл алуучу сыйымдуулукка төгүлөт.

5.2.2.7. Агызуучу линия кескин ийилүүлөргө ээ болбоого жана катуу бекитилүүгө тийиш.

5.2.2.8. Даярдоочу заводдор жана оңдоочу ишканалар бургулоо насосторун жана алардын байламталарын техникалык паспорттордо көрсөтүлгөн максималдуу жумушчу басымдан 30% ашкан басым менен сыноодон өткөрүүгө тийиш. Сыноонун жыйынтыктары насостун паспортуна жазылат.

5.2.2.9. Бургулоо насостору заводдо жасалган сактагыч клапандарга ээ болууга тийиш.

5.2.2.10. Бургулоо орнотмосунун имараты сыртка ачылуучу эшиктери бар эки чыгууга (негизги жана запастык) ээ болууга тийиш. Имараттын полдору тегиз, жылчыксыз, быдырлуу металлдан же калыңдыгы 50 мм кем эмес, бекем негизге төшөлгөн тактайлардан жасалууга тийиш.

5.2.2.11. Мунаралардын жана мачталардын бардык болттук туташуулары контргайкаларга же атайын шайбаларга ээ болууга тийиш.

5.2.2.12. Бийиктиги 14 м ашкан мунаралар бийиктиги 1,2 м, ортоңку рейкасы жана бийиктиги 0,15 м кем эмес борттук каптамасы бар кармагычтар менен тосулган кронблоктук аянтчага ээ болууга тийиш. Кронблоктун айланасында туурасы 0,7 м кем эмес өтмөк курулууга тийиш.

5.2.2.13. Манжалар, шамсалгыч жана шамкабылдагыч жаа сынып калганда алардын кулап түшүүсүн алдын алуучу болот трос менен камсыздандырылууга тийиш.

5.2.2.14. Өзү жүрүүчү жана көчмө бургулоо орнотмолорунда бургулоочунун жана анын жардамчысынын жумушчу орундары тактайлардан жасалган бекем төшөлмөгө жана жагымсыз атмосфералык шарттардан коргоочу жайга ээ болууга тийиш.

**5.2.3. Бургулоо мунараларын (мачталарын) монтаждоо, демонтаждоо**

5.2.3.1. Жерде чогултулган мунараларды жана жүктөрдү көтөрүү үчүн механизмдер жана шаймандар (лебедкалар, эстакадалар, стрелалар, аркандар, блоктор ж.б.) максималдуу мүмкүн болгон жүктөөгө карата үч эселенген бекемдик запасына ээ болууга тийиш. Көтөрүүнү баштоодон мурун көтөрүүчү механизмдердин, шаймандардын, аркандардын (чынжырлардын ж.б.) оңдугу иштердин жооптуу жетекчиси тарабынан текшерилүүгө тийиш.

5.2.3.2. Жерде чогултулган мунараны көтөрүүдөн мурун иштердин жооптуу жетекчиси төмөнкүлөргө ынанууга тийиш:

а) мунаранын туура чогултулганына;

б) мунаранын элементтеринде калтырылган шаймандардын же башка буюмдардын жоктугуна;

в) көтөрүү системасынын аркан менен жабдылышынын жана бекитилишинин тууралыгына жана ишенимдүүлүгүнө;

г) таяныч плиталарынын бекитилишинин ишенимдүүлүгүнө.

5.2.3.3. Чогултулган бургулоо мунарасын же анын бөлүктөрүн (жуптарын) көтөрүү жана түшүрүү көтөргүч лебедкалардын, крандардын же тракторлордун жардамы менен жүргүзүлүүгө тийиш. Мында көтөрүүчү механизмдер жана жумушчулар мунарадан анын бийиктигине 10 м кошулган аралыкта болууга тийиш. Мунаранын таяныч буттарынын негиздери көтөрүү учурунда алардын жылышын болтурбоо үчүн ишенимдүү бекитилүүгө тийиш. Көтөргүч лебедкалар фрикциялык жана храп тормоздоруна ээ болууга тийиш.

5.2.3.4. Көтөрүлүүчү мунара мунаранын оодарылып кетишине жол бербөөнү кепилдеген камсыздандыруучу тартуу менен жабдылууга тийиш.

5.2.3.5. Бургулоо мунарасын чогултуу, ажыратуу жана оңдоо жүргүзүлүп жаткан алкакта калыңдыгы 50 мм кем эмес тактайлардан жасалган туташ төшөлмө курулууга тийиш.

5.2.3.6. Монтаждоо жана демонтаждоо учурунда адамдарды мунаранын алкактарына көтөрүү үчүн асма шатылар, жүрүш тепкичтери же туннель тибиндеги тепкичтер орнотулууга тийиш. Көтөрүү бийиктиги 5 м ашканда, тепкичтер мунаранын конструкциясына бекитилүүгө тийиш, мында жүрүш тепкичтерин жана туннель тибиндеги тепкичтерди гана колдонууга уруксат берилет.

5.2.3.7. Бургулоо орнотмосунун мунарасы же мачтасы эксплуатациялоо процессинде механик жана бургулоо мастери тарабынан эки айда бир жолудан кем эмес текшерилип турууга тийиш. Мындан тышкары, мунаранын (мачтанын) абалы төмөнкү учурларда текшерилүүгө тийиш:

а) мунараны жылдыруунун алдында жана андан кийин;

б) каптама түтүктөрдүн колоннасын түшүрүүнүн алдында;

в) мунай-газ көрүнүштөрүнүн жүктөмдөрүнөн кийин;

г) аварияларды жоюу менен байланышкан жүктөмдөрдөн кийин.

Текшерүүнүн жыйынтыктары текшерүүнү жүргүзгөн кызматкерлер тарабынан "Коопсуздук техникасынын абалын текшерүү журналына" жазылат. Мунараны (мачтаны) оңдоо жөнүндө маалыматтар мунаранын техникалык паспортунда белгиленүүгө тийиш.

**5.2.4. Көчмө жана өзү жүрүүчү орнотмолорду монтаждоо, демонтаждоо**

5.2.4.1. Кронблоктук аянтчасы жок мачтанын таль системасын жабдуу жана кронблогун оңдоо, мачта түшүрүлгөн абалда гана, шаты-тепкичтерди же атайын аянтчаларды колдонуу менен, ушул Эрежелердин 1.4 "Жогорку коркунуч шарттарында иштөө" бөлүмчөсүнүн талаптарын сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

5.2.4.2. Жумушчу абалында өзү жүрүүчү жана көчмө бургулоо орнотмолорунун мачталары бекитилүүгө тийиш; бургулоо иштеринин процессинде бургулоо орнотмосунун жылышын болтурбоо үчүн анын дөңгөлөктөрү, грейдерлери, чаналары бекем бекитилүүгө тийиш.

**5.2.5. Бургулоо жабдууларын монтаждоо, демонтаждоо**

5.2.5.1. Жүк көтөрүүчү крандарды колдонуу менен бургулоо жабдууларын монтаждоо, демонтаждоо Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук документтерине ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

5.2.5.2. Механизмдердин жардамы менен жылдырылып жаткан жабдууну тартуулардын жардамы менен гана колдоп жана багыттоо керек. Көтөрүлүп жаткан жүктөрдүн үстүндө же астында болууга тыюу салынат.

**5.2.6. Бургулоо орнотмолорун жылдыруу**

5.2.6.1. Стационардык жана көчмө бургулоо орнотмолорун жылдыруу бургулоо мастеринин же бургулоо иштерин жоопкерчиликтүү жүргүзүүгө укугу бар башка адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш. Мунараларды жана бургулоо орнотмолорун жылдыруу трассасы алдын ала тандалып, даярдалууга тийиш. Трассада түшүүдөн көтөрүлүүгө кескин өтүүлөр жана тескерисинче болбоого тийиш. Мунараларды жана бургулоо орнотмолорун жылдырууга уруксат берилген бир тараптуу эңкейиш орнотмонун (мунаранын) техникалык паспортунда жол берилгенден ашпоого тийиш.

5.2.6.2. Катуу туманда, жамгырда, кар жааганда, муз тоңгондо, шамалдын күчү 5 баллдан ашканда (же мунарасы жок блоктор үчүн 7 баллдан ашканда), ал эми кескин кесилишкен жерлерде шамал 4 баллдан ашканда бургулоо орнотмолорунун мунараларын жылдырууга тыюу салынат (2-тиркемени караңыз). Бургулоо орнотмолорун караңгы убакта жылдырууда жылдырылып жаткан бургулоо орнотмосу менен тарткычтын ортосундагы, ошондой эле жылдыруу багыты боюнча трасса жарыктандырылууга тийиш.

5.2.6.3. Тик абалда жылдырылып жаткан мунарадан тракторлорго чейинки аралык мунаранын бийиктигине 10 м кошулгандан кем болбоого тийиш. Жердин жагымсыз шарттарында бул аралыкты кыскартууга жол берилет, бирок мунаранын оодарылып кетишине каршы камсыздандыруучу тартууну милдеттүү түрдө колдонуу менен. Мунаранын эңкейиш менен ылдый жылып баратканда тайып кетишин алдын алуу үчүн мунаранын негизине бекитилген камсыздандыруучу тартууну колдонуу керек. Мунараларды жылдыруу учурунда бул ишке түздөн-түз тиешеси жок адамдардын мунаранын бир жарым эселенген бийиктигинен аз аралыкта болушуна тыюу салынат.

5.2.6.4. Бургулоо орнотмолорун же мунараларды жылдырууда аларда калтырылган жана жылышы мүмкүн болгон бардык буюмдар бекитилүүгө тийиш. Жылдырылып жаткан бургулоо орнотмолорунда адамдардын болушуна тыюу салынат.

## 5.3. Скважиналарды бургулоо

### 5.3.1. Жалпы талаптар

5.3.1.1. Скважинаны бургулоо боюнча иштер монтажы аяктаган бургулоо орнотмосунда, геологиялык-техникалык наряд болгондо жана бургулоо орнотмосун эксплуатацияга кабыл алуу жөнүндө акт таризделгенден кийин гана башталышы мүмкүн (ушул Эрежелердин 1.2.2, 1.2.3-пп. ылайык) (5-тиркемени караңыз).

### 5.3.2. Бургулоо жабдууларын жана шаймандарын эксплуатациялоо

5.3.2.1. Таль системасында бургулоо станогунун (орнотмосунун) паспортунда уруксат берилген аркандар колдонулууга тийиш. Таль системасын жабдыгандан кийин бургулоо мастери "Эмгекти коргоонун абалын текшерүү журналына" (1-тиркемени караңыз) таль системасынын конструкциясын, аркандын узундугун жана диаметрин, күбөлүктүн (сертификаттын) номерин, даярдалган жана илинген күнүн жазууга тийиш.

5.3.2.2. Таль арканы лебедканын барабанына барабандын конструкциясында каралган атайын түзүлүштөрдүн жардамы менен бекитилүүгө тийиш. Бардык учурларда түшүрүү-көтөрүү операцияларында лебедканын барабанында аркандын үч оромосунан кем эмес калууга тийиш. Бардык иштеп жаткан аркандар смена башталганга чейин бургулоо орнотмосунун машинисти тарабынан текшерилүүгө тийиш.

5.3.2.3. Таль арканынын кыймылсыз учу атайын шайман менен бекитилип, мунаранын (мачтанын) элементтерине тийбеши керек.

5.3.2.4. Арканды көтөрүүчү шайман менен туташтыруу коуштун жана үчтөн кем эмес бурамалуу кыскычтын же аркан кулпусунун жардамы менен жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.2.5. Болот аркандарды кесүү жана чабуу атайын шаймандардын жардамы менен жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.2.6. Түшүрүү-көтөрүү операциялары үчүн арканды төмөнкү учурларда колдонууга тыюу салынат:

а) аркандын бир өрүмү үзүлгөндө;

б) диаметри 20 мм чейинки аркандын бир оролуу кадамынын узундугунда үзүлгөн зымдардын саны 5% түзсө, ал эми диаметри 20 мм ашкан арканда 10% ашса;

в) аркан созулуп же жалпайып, анын эң кичинекей диаметри баштапкысынын 90% жана андан азды түзсө;

г) өзөгү үзүлгөндүктөн, өрүмдөрдүн бири ичине кирип кетсе; д) арканда буралуу ("жучок") болсо.

5.3.2.7. Түшүрүү-көтөрүү операцияларын жүргүзүү үчүн заводдор тарабынан сериялык түрдө чыгарылган жана стандарттарга же даярдоочу-заводдордун техникалык шарттарына жооп берген жүк көтөрүүчү түзүлүштөр жана шаймандар (элеваторлор, фарштулдар, жарым автоматтык элеваторлор, вертлюг-тыгындар ж.б.), ГОСТ 25468-82 «Түшүрүү-көтөрүү операциялары үчүн жабдуулар жана вертлюгдар» талаптарына ылайык колдонулууга тийиш.

Жергиликтүү конструкциядагы жүк көтөрүүчү түзүлүштөрдү жана шаймандарды (элеваторлор, вертлюг-тыгындар ж.б.) колдонууга, аларды кабыл алуу комиссиялары ушул Эрежелердин 1.6.3-пунктуна ылайык кабыл алгандан кийин гана жол берилет.

Бекемдөөчү илгичтери жок затворлору бар элеваторлорду колдонууга тыюу салынат.

5.3.2.8. Түтүк ачкычтарынын туткаларын узартуу ушул Эрежелердин 4.2.1.18-п. талаптарын сактоо менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.3.2.9. Бургулоо насостору жана алардын байламталары (компенсаторлор, түтүк өткөргүчтөр, шлангдар жана сальниктер) эксплуатацияга киргизилгенге чейин насостун техникалык паспортунда көрсөтүлгөн эсептик максималдуу басымга суу менен сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Насостун сактагыч клапаны сыноо басымынан төмөн басымда иштеши керек.

5.3.2.10. Насостордун байламталарын сыноодон өткөрүүдө сыноо жеринде аткарылып жаткан ишке тиешеси жок адамдардын болушуна тыюу салынат.

5.3.2.11. Байламтаны сыноо үчүн шаймандарды демонтаждоо системадагы басым алынгандан кийин жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.2.12. Сыноонун жыйынтыктары актка киргизилүүгө тийиш (5-тиркемени караңыз).

5.3.2.13. Тыюу салынат:

а) басым берүүчү шлангдын жетектөөчү түтүктүн айланасында оролуп калышын жана анын кулап түшүүсүн алдын алуучу шаймансыз иштөөгө;

б) кышында узак токтоп тургандан кийин басым берүүчү түтүк өткөргүчтүн жана агызуучу линиянын өткөрүмдүүлүгүн текшербестен насосторду ишке киргизүүгө;

в) түтүк өткөргүчтөрдө пайда болгон тыгындарды насостун жардамы менен түртүп чыгарууга;

г) алар аркылуу жуугуч суюктук берилип жаткан учурда түтүк өткөргүчтөрдү, шлангдарды, сальникти оңдоого;

д) шлангдарды насоско, сальникке жана бири-бирине зым, штырь, кашаа ж.б. менен туташтырууга;

е) басым берүүчү шлангды кол менен кармап, анын термелүүсүнө жана жетектөөчү түтүктүн айланасында оролушуна жол бербөөгө;

ж) айланып жаткан жетектөөчү түтүктү өлчөөгө.

**5.3.3. Механикалык колонкалык бургулоо**

5.3.3.1. Тыюу салынат:

а) шамдарды мунаранын (мачтанын) манжасына киргизбей калтырууга;

б) бургулоо, колонкалык жана каптама түтүктөрдү кабыл алуу көпүрөсүнөн көтөрүүгө жана ага түшүрүүгө, эгерде элеватордун кыймылынын ылдамдыгы 1,5 м/с ашса.

5.3.3.2. Горизонталдуу скважиналарды бургулоодо жетектөөчү түтүк бүт узундугу боюнча тосулууга тийиш.

5.3.3.3. Бургулоо түтүктөрүн чопо эритмесинен тазалоо көтөрүү учурунда атайын шаймандар менен жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.3.4. Бургулоо түтүктөрүнүн шамдарынын узундугундагы айырма 0,5 м ашпоого тийиш, мында минималдуу узундуктагы шамдар жумушчу аянтчанын (төшөлмөнүн) деңгээлинен 1,2 м кем эмес, ал эми максималдуу узундуктагы шамдар 1,7 м ашпаган бийиктикте чыгып турушу керек.

5.3.3.5. Шпиндельдин механикалык патрондорун кайра бекитүү шпиндель толук токтогондон кийин, айланткычтын (берүүлөрдү алмаштыруу кутусунун) иштетүү жана өчүрүү туткасын нейтралдуу абалга которгондон кийин жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.3.6. Сальникти, бургулоо түтүктөрүн буроо жана ажыратуу боюнча бардык операциялар атайын аянтчадан аткарылууга тийиш. Бийиктиктеги иштер ушул Эрежелердин 1.4 "Жогорку коркунуч шарттарында иштөө" бөлүмчөсүнүн талаптарын сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.3.7. Болот бургулоо түтүктөрүнүн диаметри 63,5 мм жана андан ашык болгондо, аларды скважинанын оозунан шам коюучуга жана кайра жылдыруу үчүн, ошондой эле жогорку аянтчадан бургулоо мунарасынын огуна чейинки аралык 0,7 м ашканда түтүктөрдү мунаранын манжасына тартуу үчүн атайын илгичтер колдонулууга тийиш. Жогорку аянтчада жайгашкан илгичтер байлануу болууга тийиш.

5.3.3.8. Кен талкалоочу шайманды буроо жана ажыратуу жана асылып турган колонкалык түтүктөн кернди чыгаруу төмөнкү шарттарды сактоо менен аткарылууга тийиш: а) түтүк тормоз менен асма абалда кармалып турат, түтүктү илип коюуга вертлюг-тыгынга, шакекчелүү элеваторго же жарым автоматтык элеваторго, эгерде анын затвору жабык жана бекиткич менен бекемделген болсо гана жол берилет; б) түтүктүн төмөнкү учунан полго чейинки аралык 0,2 м ашпоого тийиш.

5.3.3.9. Жарым автоматтык элеваторлорду колдонууда төмөнкүлөр зарыл:

а) элеваторду вертлюг-амортизаторго гана асуу;

б) периметри боюнча бийиктиги 350 мм кем эмес металл борттору бар шам койгучтарды колдонуу;

в) элеваторду шам боюнча өйдө көтөрүүдө машинист шам койгучтан 1 м кем эмес аралыкта турууга тийиш.

г) ишти баштоодон мурун элеваторлордун жана баш кийгичтердин оңдугун текшерүү; д) элеваторлорду жана баш кийгичтерди таза кармоо.

5.3.3.10. Колонкалык түтүктөн кернди чыгарууда тыюу салынат:

а) асма абалда турган колонкалык түтүктү астынан кол менен кармоого;

б) асылып турган колонкалык түтүктөгү керндин абалын кол менен текшерүүгө;

в) керндн колонкалык түтүктү лебедка менен силкилдетүү, колонкалык түтүктү ысытуу аркылуу чыгарууга.

5.3.3.11. Тыюу салынат:

а) түшүрүү-көтөрүү операциялары процессинде элеватор түшүп жатканда баш кийгичтерди бекитүүгө;

б) бургулоо снаряды скважинада кокусунан токтоп калганда, снарядды астына коюлуучу вилкага же шарнирдик хомутка орнотмоюнча элеваторду жана баш кийгичти оңдоого, чечүүгө жана кийгизүүгө;

в) тормоздору бузук лебедкада иштөөгө;

г) түшүрүлүп (көтөрүлүп) жаткан түтүктөргө жана элеваторго өтө жакын турууга;

д) туташтырууларында сайлары толук буралбаган түтүктөрдү түшүрүүгө;

е) скважинанын бардык кырларында жана өтмөктөрүндө тез түшүрүү жүргүзүүгө;

ж) сайлуу туташтырууларды жылаңач кол менен текшерүүгө же тазалоого;

з) бекитүүчү шаймандары бузук же аларсыз элеваторлорду, илгичтерди, вертлюг сөйкөлөрүн колдонууга.

5.3.3.12. Бургулоо түтүктөрүн түтүк бурагычтын жардамы менен буроодо жана ажыратууда аны машинисттин жардамчысына гана башкарууга уруксат берилет. Түтүк бурагычты башкаруу баскычы вилкалар жана башкаруу баскычы менен бир убакта иштөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгара тургандай жайгаштырылууга тийиш.

5.3.3.13 Бургулоону кыска мөөнөткө токтоткондо, бургулоо түтүктөрүн алардын кысылып калуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу үчүн бийиктикке көтөрүү зарыл.

5.3.3.14. Түтүк бурагыч менен иштөөдө тыюу салынат: а) айланып жаткан шамды кол менен кармоого; б) вилкаларды бургулоо түтүгүнүн кулпусунун оюгуна киргизүүгө же аларды айдангыч толук токтомоюнча чыгарууга; в) узартылган туткалары бар жана оюктары кулпу жана ниппель туташтырууларындагы оюктардын өлчөмдөрүнөн 2,5 мм ашык иштелип чыккан жетектөөчү вилкаларды колдонууга; г) катуу тартылган сайлуу туташтырууларды ажыратуу үчүн кошумча түтүк ачкычтарын колдонууга; д) сайлуу туташтырууну ажыратуунун баштапкы учурунда айдангычтын айлануу багытында турууга; е) эгерде астына коюлуучу вилка центраторго жантайып орнотулса, ал эми вилканын куйрук бөлүгү капкактын чыгып турган жерлеринин ортосундагы оюкка кирбесе, түтүк бурагычты иштетүүгө.

5.3.3.15. Алынма керн кабылдагычы бар (АКК жана КССК) түтүк кармагыч менен иштөөдө төмөнкүлөр зарыл:

а) бургулоо түтүктөрүн кысуу үчүн түтүктөрдүн диаметрине туура келген плашкаларды колдонуу;

б) түтүктөрдүн колоннасын кысууну ал толук токтогондон кийин гана жүзөгө ашыруу;

в) бургулоо колоннасынын кыймылын түтүк кармагыч ачык турганда гана жүргүзүү;

г) колонкалык снарядды скважинадан көтөрүүнүн алдында жана бургулоону баштоонун алдында плашкалары бар обойманы чечип алуу.

Түтүк кармагычтын педалын бут менен кармап туруууга жана бургулоо колоннасы кыймылдап жатканда скважинанын оозуна өтө жакын болууга тыюу салынат.

Кысылган аба менен үйлөтүп жана газ-суюктук аралашмаларын колдонуп бургулоо

5.3.3.16. Скважинанын оозун жабдуу бургулоо орнотмосунун жумушчу зонасына чаңдашкан абанын, аэрацияланган суюктуктун жана газ-суюктук аралашмасынын (көбүктүн) киришине жол бербөөгө тийиш.

5.3.3.17. Көбүктү колдонуу менен скважиналарды бургулоодо циркуляциялык система жабык болууга тийиш. Скважинадан чыккан көбүк атайын түзүлүштө (көбүк талкалагычта) талкаланууга тийиш.

5.3.3.18. Компрессордук орнотмолорду жана аба өткөргүчтөрдү монтаждоо жана эксплуатациялоо компрессордук орнотмолордун жана басым астында иштеген идиштердин коопсуздугунун колдонуудагы эрежелеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.3.19. Компрессордук-кысуучу түзүлүштөр (ККТ) эксплуатацияга киргизүүнүн алдында жана оңдоодон кийин сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Сыноо ККТ орнотулган бургулоо насосу сыналган басымга техникалык суу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Сыноонун жыйынтыктары акт менен тариздделет.

5.3.3.20. Аба өткөргүчтө бургулоо орнотмосунун чегинде абанын басымын көрсөтүүчү манометр, скважинага аба берүүнү жөнгө салуучу вентиль жана абаны коопсуз жакка чыгаруучу сактагыч клапан болууга тийиш. Манометр байкоого ыңгайлуу жерлерге орнотулууга тийиш.

5.3.3.21. Көбүктү колдонуу менен скважиналарды бургулоодо бургулоо түтүктөрүнүн колоннасы кайтарма клапандар менен жабдылууга тийиш, алар сырткы көрүнүшү боюнча муфталардан жана кулпу туташтырууларынан оңой айырмаланууга тийиш.

5.3.3.22. Түшүрүү-көтөрүү операцияларын жүргүзүү учурунда кайтарма клапанды бурап чыгаруудан мурун, атайын шаймандын жардамы менен колоннадагы басымды алып салуу зарыл.

5.3.3.23. Шламды жана аэрацияланган суюктукту чыгаруучу түтүк шамал тийбеген тарапта жайгашып, узундугу 15 м кем болбоого тийиш. Шламданган абаны түздөн-түз атмосферага чыгарууга тыюу салынат. Аны тазалоо үчүн шлам кармагычтар орнотулууга тийиш.

5.3.3.24. Кургак тектерде аба менен үйлөтүп скважиналарды баштоого (кондуктордун астын бургулоого) герметикалоочу түзүлүш жана чаңдан жеке коргонуу каражаттары болгондо гана уруксат берилет.

5.3.3.25. Аба өткөргүч бир жарым эселенген жумушчу басымга сыноодон өткөрүлүүгө тийиш.

5.3.3.26. Басым берүүчү линияда абанын (көбүктүн) ашыкча басымы болгондо тыюу салынат:

а) тыгындоочу материалды салуу үчүн сальниктеги тыгынды бурап чыгарууга же аралаштыргычтагы тешикти ачууга;

б) бургулоо снарядын узартууга; в) аба өткөргүчтү, арматураны, сальникти оңдоого.

5.3.3.27. Тыюу салынат:

а) шлангды ийип, аба берүүнү токтотууга;

б) тоңуп калган шлангдарды ачык отко жылытууга.

5.3.3.28 Шлангды басым магистралына, компрессорго туташтыруу атайын хомуттар же кыскычтар менен аткарылууга тийиш.

**5.3.4. Урма-аркандык бургулоо**

5.3.4.1. Станоктун жанындагы жумушчу аянтча таза кармалып, ыңгайлуу өтмөктөргө ээ болууга, системалуу түрдө чыгарылган тектерден, ал эми кышкы убакта муздан жана кардан тазаланып турууга тийиш. Кеңейткичтин кескичтерин анын каптама түтүктөргө түшүрүүдө орнотууда, колду кескич менен жабыркатып алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган чаралар көрүлүүгө тийиш.

5.3.4.2. Шаймандык жана желонкалык аркандар максималдуу мүмкүн болгон жүктөөгө карата 2,5 кем эмес бекемдик запасына ээ болууга тийиш.

5.3.4.3. Желонканы жана бургулоо снарядын скважинага түшүрүүдө багыттоо үчүн, ошондой эле термелүүдөн кармап туруу жана четке тартуу үчүн четке тарткыч илгичтер колдонулууга тийиш.

5.3.4.4. Тыюу салынат:

а) бургулоо снаряды үчүн багыттоочу түзүлүшсүз скважинаны баштоого;

б) урма механизм иштеп турганда бургулоо снарядын көтөрүүгө жана түшүрүүгө, ошондой эле кагуучу баштыкты бекитүүгө;

в) долотолорду асма абалда алмаштырууга;

г) буроо механизми иштеп жатканда ачкычтын аракет радиусунда жана тартылган аркандын багытында турууга;

д) желонканын клапанын түздөн-түз кол менен ачууга;

е) бургулоо снарядын жана желонканы скважинага түшүрүүдө кол менен багыттоого, ошондой эле аларды көтөрүүдө термелүүдөн кармап турууга жана четке тартууга;

ж) бургулоо снарядын жана желонканы мачтага бекем бекитпестен асма абалда калтырууга;

з) сайлары начарлаган бургулоо снарядын колдонууга;

и) иштин шарттары талап кылбаган учурда скважинанын оозун ачык калтырууга;

к) диаметри 500 мм ашкан скважинанын оозун тосулбаган абалда калтырууга;

л) атайын багыттоочу роликтери жок болгондо каптама түтүктөрдү жана башка оор нерселерди станоктун мачтасы аркылуу 10 м ашык аралыкка тартууга;

м) каптама түтүктөрдү түтүктөр колоннасынын төмөнкү бөлүгүн хомуттар менен бекитпестен бурoого жана ажыратууга, ошондой эле түтүктөр колоннасын кармап туруу үчүн шарнирдик жана чынжырлуу ачкычтарды колдонууга;

н) жумушчу аркандын роликтин амортизатору бузук болгондо бургулоо жүргүзүүгө.

**5.3.5. Керндн гидротранспорттоо менен скважиналарды бургулоо**

5.3.5.1. Түшүрүү-көтөрүү операцияларында элеватор менен түтүктү кармоону айланткыч толук токтогондон кийин жүргүзүү керек. Айланткычтын өзүнөн-өзү иштеп кетишин болтурбоо үчүн, айланткычты башкаруучу золотниктин туткасы бекитилген нейтралдуу абалга орнотулуп, ал эми айлануу санын жөнгө салуучу вентиль толугу менен ачык болууга тийиш.

5.3.5.2. Тыюу салынат: а) механикалык жабыркоолору бар же жеңчелердин бекитүүчү участоктору обоймаларга карата жылган жуугуч системасынын туташтырууларын, жеңчелерди эксплуатациялоого; б) суюктуктун агымынын багытын өзгөртүү үчүн жуугуч системасынын вентилинин туткасын басым берүүчү магистралдагы басымды нөлгө чейин төмөндөтпөстөн которууга.

**5.3.6. Шнектик бургулоо**

5.3.6.1. Станокторду жылдыруу, мачтаны көтөрүү жана түшүрүү учурунда айланткыч эң төмөнкү абалда бекитилүүгө тийиш.

5.3.6.2. Скважинаны баштоо төмөнкүдөй жүргүзүлүүгө тийиш: а) багыттоочу түзүлүштү милдеттүү түрдө колдонуу менен; б) шнектин жана шпиндельдин бир окто экендигин текшергенден кийин.

5.3.6.3. Скважинанын оозунан жогору турган бургулоо снарядын түзгөн шнектер колдонуудан мурун шламдан кылдат тазаланууга тийиш.

5.3.6.4. Шнектерди көтөрүүдө же бургулоо процессинде узартууда ажыратуу аларды вилкага же ачкыч-кашаага отургузгандан кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.6.5. Тыюу салынат: а) түтүгүндө же шнектин спиралында жаракалары жана үзүлүүлөрү бар шнектер менен бургулоого; б) эскирген туташтыруучу элементтери (куйрукчалары, муфталары, манжалары) бар, ошондой эле колоннанын жетиштүү катуулугун камсыз кылбаган бузук манжа фиксаторлору бар шнектерди колдонууга; в) айланткычты көтөргүч лебедканын жардамы менен багыттоочуларда кошумча бекитпестен асма абалда кармап турууга, ошондой эле көтөрүлгөн айланткычтын астында болууга; г) шнектерди айланып жатканда кол менен же кандайдыр бир буюмдар менен шламдан тазалоого; д) тосулбаган шнек менен бургулоо жүргүзүүгө.

**5.3.7. Бургулоонун башка түрлөрү**

**Вибробургулоо**

5.3.7.1. Вибратордун бөлүктөрүнүн туташууларынын бекемдиги аны ишке киргизүүнүн алдында жана ар бир жарым саат иштегенден кийин текшерилүүгө тийиш. Вибратордун бардык түйүндөрүн жана туташууларын толук контролдоо ар бир 20 саат иштегенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Корпустарында жана деталдарында эң кичинекей жаракалары болсо да, вибраторлорду колдонууга тыюу салынат.

5.3.7.2. Вибратордун деталдарынын сайлуу туташуулары контргайкалар менен тартылып, шплинттелүүгө тийиш.

5.3.7.3. Вибратордун электр кыймылдаткычы өзүнчө рубильник аркылуу иштетилүүгө тийиш.

5.3.7.4. Вибратордун көтөрүү системасынын илмеги жана элеватору менен туташуусу ишенимдүү кулпулануучу түзүлүшкө ээ болууга тийиш.

5.3.7.5. Виброорнотмо багыттоочу түзүлүш менен жабдылууга тийиш. Скважинаны баштоодо түтүктү кол менен багыттоого жана кармап турууга тыюу салынат.

5.3.7.6. Кароо жана майлоо учурунда, ошондой эле виброорнотмону жылдырууда вибратор эң төмөнкү абалда болууга тийиш.

5.3.7.7. Вибратор иштеп жаткан учурда анын эксцентриктеринин айлануу тегиздигинде турууга тыюу салынат.

5.3.7.8. Вибратордун электр кыймылдаткычына баруучу кабелдин бузулушун жана кыска туташуунун пайда болушун болтурбоо үчүн, кабель дирилдеп жаткан бөлүктөргө тийбеши керек.

5.3.7.9. Вибратор менен станоктун лебедкасы биргелешип иштөөдөн мурун, каптама түтүктөрдү түшүрүүдө жана чыгарууда жана аварияларды жоюуда төмөнкүлөр керек: а) таль системасын жана лебедканын станоктун рамасына жана раманын фундаментке бекитилишинин ишенимдүүлүгүн текшерүү; байкалган бузуктуктарды жоюу; б) мунараны (мачтаны) текшерүү, бузук элементтерди жаңыларына алмаштыруу, начар сайлуу туташууларды тартуу; в) бургулоо орнотмосунан станоктун лебедкасын башкарган адамдан башка адамдарды чыгаруу. Вибратор менен станоктун лебедкасы биргелешип иштеп жатканда, түтүктөрдү домкрат менен бир убакта тартууга тыюу салынат.

Чоң диаметрдеги скважиналарды, шурфтарды (дудкаларды) бургулоо

5.3.7.10. Бургулоо учурунда жумушчулардын шурфтун (дудканын) оозуна өтө жакын болушуна тыюу салынат.

5.3.7.11. Бургулоочу учту тектерден тазалоо үчүн көтөргөндөн кийин шурфтун (дудканын) оозу дароо бекем калкан менен жабылууга тийиш. Шурфтун (дудканын) оозу ачык турганда бургулоочу учту тазалоого жана алмаштырууга тыюу салынат. Учту айланткычтын жардамы менен механикалык тазалоо учурунда бургулоочуну тектердин сыныктарынын соккусунан коргоо үчүн жумушчу орун атайын калкан менен тосулууга тийиш.

5.3.7.12. Шурфту (дудканы) долбоордук диаметр боюнча алгачкы тереңдеткенден кийин, оозду урап түшүүдөн сактоо үчүн атайын таяныч плита орнотулууга тийиш.

5.3.7.13. Бургулоо иштери аяктагандан кийин, ошондой эле жумуштагы тыныгуулар учурунда дудканын оозу таяныч плитага бекитилген калкан менен жабылууга тийиш. Калкандын бекитилиши анын ооздон жылдырылып кетишине жол бербөөгө тийиш.

5.3.7.14. Шурфтун (дудканын) оозунун жанындагы аянтча таза кармалып, тайгак болбоого тийиш.

5.3.7.15. Газдуу же суу басымдуу катмар жайгашкан жерлерде шурфтарды (дудкаларды) бургулоо, бул шарттарда иштөөдө коопсуздук чараларын караган бекитилген долбоор болгондо жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.7.16. Түп газдуу катмарга жакындаганда, шурфтун оозунун жанындагы аба чөйрөсүнүн абалына системалуу байкоо уюштурулууга тийиш.

**5.3.8. Жер астындагы тоо-кен казмаларынан бургулоо**

5.3.8.1. Жер астындагы тоо-кен казмаларынан бургулоодо "Пайдалуу кендерди казып алуу менен байланышпаган жер астындагы объекттерди, ошондой эле пайдалуу кендерди жер астындагы ыкма менен казып алуу объекттерин куруунун жана

эксплуатациялоонун өндүрүштүк процесстеринин коопсуздук эрежелерин" жана ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" бөлүмүн жетекчиликке алуу керек.

5.3.8.2. Камеранын (нишанын) өлчөмдөрү казманын капталдары менен жабдуулардын ортосундагы өтмөктөрдүн туурасын төмөнкүдөн кем эмес камсыз кылууга тийиш: а) кыймылсыз деталдар тарабынан 0,7 м; б) кыймылдуу деталдар тарабынан 1 м; в) бургулоо бригадасы жайгашкан тараптан 1,8 м.

5.3.8.3. Эгерде бул аларды тейлөөнү кыйындатпаса, жабдууларды жана механизмдерди камералардын капталдарына жакын орнотууга жол берилет.

5.3.8.4. Бургулоо механизмдери жана жабдуулары алар камералардан жана нишалардан иштеп жаткан тоо-кен казмаларына чыкпай тургандай орнотулууга тийиш.

5.3.8.5. Бургулоо агрегаты орнотулган камерадан (нишадан) чыккан жерден эки тарапка 40 м аралыкта, механикалык транспорту бар казмага жолдордо адамдардын пайда болуу мүмкүндүгү жөнүндө эскертүүчү белгилер орнотулууга тийиш. Камерадан (нишадан) чыгуу жарыктандырылууга тийиш.

5.3.8.6. Мунараларга тепкичтер 80 градустан ашпаган эңкейиш менен орнотулууга тийиш. Текчелердеги тешиктердин үстүндө жайгашпоого тийиш; тепкичтердин учтары текчелерге бекем бекитилүүгө тийиш. Мында төмөнкүлөр зарыл: а) люктардын бош өлчөмдөрү 0,6×0,7 м кем болбошу; б) тепкичтин негизинен тик казманын бекиткичине чейинки эң кыска аралык 0,6 м түзүшү; в) тепкич текчелеринин ортосундагы аралык 6 м ашпоого, тепкичтердин туурасы 0,6 м кем болбоого жана тепкич баскычтарынын ортосундагы аралык 0,3 м ашпоого тийиш.

5.3.8.7. Бургулоо жүргүзүлүп жаткан камераларды жана нишаларды, ошондой эле аларга көмөкчү казмаларды өткөөлдөө, желдетүү жана бекитүү ушул Эрежелердин 6-"Тоо-кен чалгындоо иштери" бөлүмүнүн талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

5.3.8.8. Бургулоо агрегатынын электр жабдууларынын жана аппаратурасынын аткарылышы, бургулоо жүргүзүлүп жаткан кендин (шахтанын) казмаларынын газ-чаң режиминин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

5.3.8.9. Жогору багытталган скважиналарды, ошондой эле суунун олуттуу агымы бар скважиналарды бургулоодо скважинанын оозу сууну суу агызгыч арыктарга чыгаруу үчүн герметикалоочу түзүлүш менен жабдылууга тийиш. Газ көрүнүштөрү болгондо газды кармоо боюнча чаралар көрүлүүгө тийиш. Текчелерден жана башка курулмалардан бургулоодо алардын бекемдигин системалуу түрдө текшерүү зарыл.

5.3.8.10. Скважиналарды бургулоо үчүн камеранын жумушчу аянтчасын бөтөн буюмдар менен тосууга тыюу салынат.

5.3.8.11. Бургулоо орнотмосу аба менен үйлөтүп бургулоодо абанын тазалыгын санитардык ченемдердин чегинде камсыз кылган чаң басуучу жана чаң кармоочу зарыл каражаттар менен жабдылууга тийиш.

**5.3.9. Суунун үстүнөн бургулоо**

Жалпы жоболор

5.3.9.1. Кеме жүрүүчү дарыяларда жана көлдөрдө бургулоо иштери бассейндик жол башкармалыгынан уруксат алгандан кийин гана башталышы мүмкүн.

5.3.9.2. Кеме жүрүүчү дарыяда иштөөдө орнотмодо дайыма нөөмөтчү болушу керек, ал кемелердин жана салдардын кыймылын көзөмөлдөп, сигналдык белгилерди билүүгө

милдеттүү. Дарыяда босоголор, шаркыратмалар (суу айлампалары ж.б.) болгондо, аларга 100 м калганда кооптуу зонага кирүүнү тыюу салган тосмо белгилери орнотулууга тийиш.

5.3.9.3. Иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат: а) шамал 5 баллдан ашканда; б) муз жүргөндө жана майда-чүйдө сал агызганда; в) "снежница" жана "сало" пайда болгондо; г) кеме жүрүүчү трассаларда катуу туман учурунда. Бул учурларда адамдар жээкке чыгарылууга тийиш.

5.3.9.4. Түнкү убакта орнотмо от 500 м кем эмес аралыктан көрүнө тургандай эсеп менен коюлган сигналдык оттор менен жарыктандырылууга тийиш.

5.3.9.5. Орнотмодогу траптарга, трюмдарга, люктарга, чыгууларга, өрткө каршы жана куткаруу каражаттарына жетүү дайыма эркин болууга тийиш.

Таблица 1 Жумушчу зонанын абасындагы зыяндуу заттардын чеги жеткен жол берилген концентрациялары (иштеп жаткан казмада)

| Заттын аталышы | Формула | Чеги жеткен жол берилген концентрациянын чоңдугу |
|---|---|---|
| | | % көлөмү боюнча |
| Азоттун оксиддери ($NO_2$ге кайра эсептегенде) | $NO+NO_2$ | 0,00026 |
| Акролеин | $CH_2=CH-CHO$ | 0,000009 |
| Май альдегиди | | |
| Көмүртектин оксиди | CO | 0,0017 |
| Минералдык майлар (нефтилик) | | |
| Металлдык сымап | Hg | |
| Күкүрттүү суутек | $H_2S$ | 0,00071 |
| Көмүр суутектер, Сга кайра эсептегенде | | |
| Формальдегид | $CH_2O$ | 0,00004 |
| Күкүрттүү ангидрид | $SO_2$ | 0,00038 |
| Кремний диоксидин камтыган чаңдар: | | |
| а) $SiO_2$, 70% ашык (кварцит, динас ж.б.) | | |
| б) $SiO_2$, 10-70% (гранит, шамот, чийки слюда, | | |

көмүртек чаңы ж.б.)

в) $SiO_2$, 2-10% (күйүүчү кукерсит сланецтери, жез-сульфид кендери, көмүртек жана көмүр чаңы, чопо жана жез-никель кени)

Доломит, акиташ, нефелин, сиенит

Магнезит

Силикаттар жана силикат камтыган чаңдар:

а) табигый асбест (асбест 10% ашык)

б) тальк, слюда (флогопит жана мусковит)

Таш көмүр ($SiO_2$, 2% аз)

Экспортировать в Таблицы

Эскертүү: Жардыруунун уулуу продуктуларынын суюлтулушунун жетиштүүлүгүн текшерүүдө 1 л азот диоксидин 6,5 л көмүртек оксидине, 1 л күкүрттүү ангидридди 2,5 л көмүртек оксидине жана 1 л күкүрттүү суутекти 2,5 л көмүртек оксидине эквиваленттүү деп кабыл алуу керек.

6.7.9. Чалгындоо шахтасынын стволуна каналдын шахтанын стволу менен кошулган жеринин деңгээлинде берилген абанын температурасы +2°C төмөн болбоого тийиш. Жер астындагы казмалардагы абанын температурасы салыштырмалуу нымдуулук 90% чейин болгондо 26°C ашпоого тийиш; салыштырмалуу нымдуулук 90% ашканда - 25°C.

Көп жылдык тоң тектерде горизонталдуу жер астындагы казмаларды жүргүзүүдө жумушчу зонадагы абанын температурасы тоо тектеринин температурасына (турукташкан температуралар зонасы) ылайык келүүгө тийиш. Берилген абаны жылытуунун зарылдыгы жана чектери долбоор менен аныкталат.

**Желдетүүнүн ыкмалары жана каражаттары**

6.7.10. Жер астындагы тоо-кен казмаларын желдетүү негизинен комбинацияланган ыкма менен жүзөгө ашырылууга тийиш. Башка ыкмаларды колдонууга жол берилет. Бардык желдетүү ыкмаларында абанын курамы 6.7.8-п. талаптарына жооп бериши керек. Кампалар, жардыргыч материалдарды сактоо пункттары, электровоздук депо жана аккумулятордук батареяларды заряддоо үчүн камералар, камералардын бүт көлөмүндө ЧЖКны туруктуу кармап турууну камсыз кылган вентиляциялык түтүк өткөргүчү бар сордуруучу ыкма менен вентиляторлордун же эжекторлордун жардамы менен желдетилүүгө тийиш.

6.7.11. Вентиляциялык түтүк өткөргүчтүн учунун казманын забойунан артта калышы төмөнкүдөн ашпоого тийиш:

а) горизонталдуу жана жантайыңкы казмаларды өткөөлдөөдө 10 м;

б) көтөрүлүүчү казмаларды өткөөлдөөдө - 6 м;

в) гезенктерди жана шурфтарды өткөөлдөөдө - 5 м.

Стволдорду өткөөлдөөдө вентиляциялык түтүк өткөргүчтүн учунун артта калышы 15 м ашпоого, ал эми грейфер менен жүктөөдө 20 м ашпоого тийиш.

6.7.12. Горизонталдуу жана жантайыңкы казмаларды өткөөлдөөдө түтүк өткөргүчтүн учу же жергиликтүү желдетүүнүн вентилятору желдетилүүчү казманын оозунан 10 м жакын эмес, ал эми стволдорду өткөөлдөөдө 15 м жакын эмес орнотулууга тийиш. Мында казмага берилүүчү таза агымдын булгануу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылышы керек.

6.7.13. Бетке эки жана андан ашык чыгуусу бар жер астындагы казмаларды желдетүү башкы вентилятордук орнотмолордун жардамы менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

Жалпы шахталык желдетүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү желдетүүнүн вентиляторлорун колдонууга, алардын реверсирлөө мүмкүнчүлүгү жана ишин аралыктан контролдоо, ошондой эле орнотулган резервдик вентиляторлор болгондо жол берилет.

6.7.14. Жергиликтүү желдетүүнүн вентиляторлорунун сордуруучу патрубкаларында адамдардын айлануучу жумушчу дөңгөлөк менен тийишүү жана бөтөн буюмдардын кирип кетүү мүмкүнчүлүгүнөн сактаган торлор орнотулууга тийиш.

Адамдар туруктуу жайгашкан жерлерде орнотулган ЖЖВ (жергиликтүү желдетүү вентиляторлору) үн басаңдатуучу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

**Чаң менен күрөшүү ыкмалары**

6.7.15. Абаны гидрочаңсыздандыруу, тоо тектерин нымдоого жол берилбеген, терс температуралар шартында казмаларды жүргүзүү жана суу жок болгон учурлардан тышкары, чаңдын пайда болушу менен байланышкан технологиялык операцияларды аткарууда колдонулууга тийиш.

Бул учурларда кургак чаң кармоо ыкмалары жана жеке коргонуу каражаттары колдонулууга тийиш. Терс температуралар шартында гидрочаңсыздандыруу жылытылган сууну же тоңуу температурасы төмөндөтүлгөн суу эритмелерин колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

6.7.16. Тоо-кен казмаларын чаңсыздандыруу үчүн колдонулган суу ичүүчү суунун талаптарына жооп берүүгө тийиш.

Мамлекеттик санинспекция органдары менен макулдашуу боюнча техникалык суу менен камсыздоо үчүн жер үстүндөгү сууну (дарыялар, арыктар, кудуктар ж.б.) жана жер астындагы булактарды, ошондой эле шахталык сууну аны тазалап жана зыянсыздандырып, төмөнкү параметрлерге жеткирүү шартында колдонууга жол берилет: механикалык аралашмалардын курамы 50 мг/л ашпаган, суутектик көрсөткүч pH=6,0...9,5.

Чаң басуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн химиялык заттарды жана эритмелерди колдонуу саламаттыкты сактоо органдарынын уруксаты болгондо гана жүргүзүлүүгө тийиш.

6.7.17. Тоо-кен казмаларын суу менен камсыздоо абаны комплекстүү тазалоо долбоорунун бөлүмү болуп саналган суу менен камсыздоо долбоору боюнча жүзөгө ашырылууга тийиш. Суу менен камсыздоонун ыкмасы, схемасы жана жабдуулары жумушчу орундарда зарыл болгон суунун чыгымын жана басымын камсыз кылууга тийиш.

Казманын абасындагы чаңдын курамын ЧЖКдан жогору эмес камсыз кылган автономдуу суу менен камсыздоого жол берилет.

**Абанын курамын жана абалын контролдоо**

6.7.18. Жер астындагы казмаларда абанын курамынын жана абалынын төмөнкү параметрлери контролдонууга тийиш:

а) кычкылтектин, көмүр кычкыл газынын жана зыяндуу заттардын курамы;

б) чыгымы, кыймылдуулугу, температурасы жана нымдуулугу.

Абанын курамын жана абалын контролдоо саналган параметрлерди аныктоо жана аларды чеги жеткен жол берилген концентрациялар жана ченемдер менен салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

Контролго алынуучу казмалардын жана зыяндуу заттардын тизмеси экспедициянын башкы инженери тарабынан бекитилет.

6.7.19. Абанын курамынын жана абалынын параметрлерин өлчөө, ошондой эле жер астындагы тоо-кен казмаларында абанын бөлүштүрүлүшүн контролдоо айына 1 жолудан кем эмес жүргүзүлүүгө тийиш.

Жардыруу иштеринен жана желдетүүдөн кийин казмалардын абасындагы зыяндуу заттардын курамын контролдоо ар бир жардыруудан кийин, адамдарды казмага киргизүүнүн алдында экспресс-анализаторлордун жардамы менен жүргүзүлүүгө тийиш. Абанын чаңдуулугу айына 1 жолудан кем эмес, смена ичинде үзгүлтүксүз өлчөнүүгө тийиш.

Абанын курамын жана абалын контролдоо, ошондой эле технология жана иш режимдери, желдетүү жана чаң менен күрөшүү ыкмалары жана каражаттары өзгөргөндө жана эмгек коопсуздугунун абалын көзөмөлдөгөн адамдардын талабы боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

Жардыруу иштерин жүргүзгөндөн кийин, абанын курамынын жана абалынын параметрлерин, анын ичинде зыяндуу заттардын курамын экспресс-анализ ыкмасы менен өлчөөнүн натыйжалары желдетүү журналына жазылууга тийиш (6-тиркемени караңыз).

6.7.20. Иш учурунда казмаларда зыяндуу заттар ЧЖКдан жогору табылган учурда, ошондой эле желдетүү бузулганда, бул казмалардагы адамдар дароо таза агымга чыгарылууга тийиш.

Иштерди кайра жандандырууга желдеткенден жана казмадагы зыяндуу заттардын курамын техникалык көзөмөл адамы контролдогондон кийин гана уруксат берилиши мүмкүн.

Казмаларга берилүүчү абадагы (таза агымдагы) зыяндуу заттардын курамы ЧЖКнын 0,3 бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

6.7.21. Заряддоо камераларынын абасындагы суутектин курамын контролдоо батареяларды заряддоо учурунда системалуу түрдө жүргүзүлүүгө тийиш. Контролдун мезгилдүүлүгү экспедициянын (партиянын) башкы инженери тарабынан белгиленет, бирок айына 1 жолудан кем эмес.

6.7.22. Тоо-кен казмаларындагы абанын курамын жана абалын контролдоо ыкмалары жана үлгүлөрдү алуу жана талдоо үчүн аппаратура жумушчу зонанын абасына карата санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

6.7.23. Жумушчу зонанын абасынын курамын жана абалын контролдоо тоо-кен иштеринин жетекчиси менен макулдашылган жана экспедициянын (партиянын) башкы инженери (техжетекчиси) тарабынан бекитилген жана ААЧБ (ЫАЧБ) менен макулдашылган график боюнча жүзөгө ашырылат.

6.7.24. Жумуш орундарынын абасындагы абанын санынын жана зыяндуу заттардын пландалган жана кезексиз өлчөөлөрүнүн натыйжалары тоо-кен иштеринин жетекчисине жана экспедициянын (партиянын) башкы инженерине натыйжаларды алгандан кийин 24 сааттан кечиктирбестен, ал эми зыяндуу заттардын ЧЖКсы ашкан учурда дароо билдирилүүгө тийиш.

6.7.25. Казмада күкүрттүү суутек, метан, суутек жана көмүр кычкыл газы пайда болгондо, алардын забой алдындагы мейкиндикте бөлүнүп чыгуусунун суммардык интенсивдүүлүгү 0,6 куб.м/мин ашканда, бул казма кирген штольня (шахта) газ режимине которулууга тийиш; жарылуу коркунучу бар чаң пайда болгон казмалар, чаңдын жарылуусу боюнча кооптуу режимге которулууга тийиш.

**6.8. Транспорт жана көтөрүү**

Адамдарды жылдыруу жана ташуу, жүктөрдү ташып чыгаруу жана жеткирүү горизонталдуу казмалар боюнча

6.8.1. Казма боюнча жүргөн адамдарга тыюу салынат:

а) вагонеткалардын ортосунан өтүүгө;

б) жүрүп бара жаткан электровозго же вагонеткаларга отурууга;

в) транспорттун кыймылы жок экендигине ынанбай туруп, рельс жолдоруна чыгууга;

г) аркан менен ташып чыгаруучу же скрепердик орнотмо менен жабдылган казмаларда алар иштеп жаткан учурда болууга.

6.8.2. Эки жолдуу казмаларда жолдордун ортосунда адамдар үчүн өтмөктөрдү курууга тыюу салынат.

6.8.3. Иш ордуна чейинки аралык 1,0 км ашканда горизонталдуу казмаларда адамдарды ташуу зарылдыгы долбоор менен белгиленет. Ал жүргүнчү ташуучу вагонеткаларда кыймылдын ылдамдыгы 12 км/сааттан ашпаган ылдамдыкта жүргүзүлүүгө тийиш. Адамдарды ташуу үчүн арналган поезддерде вагонеткалардын габаритинен чыкпаган шаймандарды жана запастык бөлүктөрдү гана ташууга болот.

Адамдарды электровоздо жана адамдарды ташуу үчүн жабдылбаган вагонеткаларда ташууга тыюу салынат.

6.8.4. Электровоз менен ташып чыгарууда горизонталдуу тоо-кен казмаларынын ташып чыгаруу жолдору ствол жанындагы короо же казманын оозу тарапка 0,003төн 0,005ке чейинки эңкейишке ээ болуп, стрелкалуу котормолор менен жабдылууга тийиш. Электровоз менен ташып чыгарууда бурулуучу тегеректерди колдонууга тыюу салынат.

Жүктөрдү ташууда басымдуулук кылган эңкейиштеги тормоздук жолдун узундугу 40 м ашпоого, ал эми адамдарды ташууда 20 м ашпоого тийиш.

6.8.5. Кол менен вагонеткаларды ташууда ташып чыгаруу жолдорунун эңкейиши казманын оозу тарапка 0,01ге чейин болушуна жол берилет. Вагонеткалардын ортосундагы аралык эңкейиши 0,003төн 0,005ке чейинки жолдордо 10 м кем болбоого жана эңкейиши 0,005тен 0,01ге чейинки жолдордо 30 м кем болбоого тийиш. Ташуу учурунда вагонетканын алдыңкы дубалына күйгүзүлгөн чырак илинип турушу керек.

6.8.6. Шахталарда (штольняларда) рельстик ташып чыгаруу жолдорун нивелирлөө экспедициянын (партиянын) башкы инженери тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзүлүүгө тийиш. Транспорт каражаттарын маневрлөө тартиби менен ташып чыгаруу жолдорунун схемасы долбоор менен аныкталат.

6.8.7. Вагонеткаларды чиркештирүү жана ажыратуу жүргүзүлүүчү жерлердеги рельс жолдору горизонталдуу болууга тийиш. Ствол жанындагы короолордо жана шахталардын кабыл алуу аянтчаларында рельс жолдорунун эңкейиши долбоор менен белгиленет.

6.8.8. Рельс жолдорунун ийрилик радиусу кол менен ташууда кыймылдуу составдын эң чоң катуу базасынын жети эселенген чоңдугунан кем болбоого, ал эми электровоз менен ташууда он эселенгенден кем болбоого тийиш. Шпалдардын окторунун ортосундагы аралык кол менен ташууда 1 м ашпоого, электровоздук жана аркандык ташууда 0,7 м ашпоого тийиш.

6.8.9. Вагонеткаларды ташып чыгаруу жолдорунда токтотуучу башмактар менен тормоздолбогон абалда калтырууга тыюу салынат. Рельстен чыгып кеткен вагонеткаларды, электровоздорду жана башка жабдууларды рельске коюуда домкраттар, өзү тургузгучтар же башка жүк көтөрүүчү механизмдер колдонулууга

тийиш. Жер астындагы казмаларда эки жана андан ашык электровоздор (составдар) менен бир убакта ташып чыгарууда (жүктөрдү жеткирүүдө) транспорт каражаттарынын кагылышуу мүмкүнчүлүгүн алдын алган жарык сигнализациясы колдонулууга тийиш.

6.8.10. Составдар менен ташууда вагонеткалардын кокусунан ажырап кетишине жол бербеген чиркегичтер жана чиркөөчү түзүлүштөр колдонулууга тийиш. Жүрүп бара жатканда вагонеткаларды чиркештирүүгө жана ажыратууга тыюу салынат.

6.8.11. Адамдарды ташууда, жүктөрдү ташып чыгарууда жана жеткирүүдө электровоз составдын башында болууга тийиш. Электровоздун составдын аягында болушуна төмөнкү учурларда жол берилет:

а) 300 м ашпаган узундуктагы участокто маневрдик жана чогултуу операцияларын аткарууда;

б) бир жолдуу казмаларды 400 м ашпаган аралыкка жүргүзүүдө;

в) үймөктөргө ташып чыгарууда. Электровоз составдын аягында болгондо кыймылдын ылдамдыгы 2 м/с ашпоого тийиш.

6.8.12. Габариттүү эмес жабдууларды (жүк которгучтар, жүктөөчү машиналар, трансформаторлор ж.б.) тоо-кен казмалары боюнча ташууда төмөнкү шарттар сакталууга тийиш:

а) казманын дубалы (бекиткичи) менен жабдуунун чыгып турган бөлүгүнүн ортосундагы боштуктар ар бир тараптан 0,2 м кем болбоого тийиш;

б) бул казмалар боюнча ташууга байланышпаган адамдардын жана транспорт каражаттарынын кыймылы токтотулууга тийиш;

в) ташуу ылдамдыгы 1 м/с ашпоого тийиш;

г) жабдуу техникалык көзөмөл адамынын жетекчилиги астында атайын бөлүнгөн жана нускамадан өткөн жумушчулар тарабынан коштолууга тийиш.

6.8.13. Түздөн-түз электровозго жүктөлгөн "козаларды" жана платформаларды, ошондой эле кузовдун жогорку габаритинен чыгып турган жыгач же жабдуулары бар вагонеткаларды чиркештирүүгө тыюу салынат. Узун өлчөмдүү материалдарды жана жабдууларды жеткирүүдө катуу чиркегичтерди жана бул максаттар үчүн атайын арналган вагонеткаларды, "козаларды" же платформаларды колдонуу зарыл. Электровоздо жүк ташууга тыюу салынат.

6.8.14. Кыймылдагы же убактылуу токтоп турган составдын башкы жана арткы бөлүгүндө сигналдык түзүлүштөр орнотулууга тийиш: башкы бөлүгүндө ак жарыктуу лампа (электровоз составдын башында баратканда фаралар), ал эми арткы бөлүгүндө кызыл жарыктуу чырак.

Электровоз вагонеткаларсыз баратканда, алдыңкы бөлүгүндө ак жарыктуу фаралар, арткы бөлүгүндө кызыл жарыктуу чырак (кызыл жарыктуу фара жок болсо) күйгүзүлүүгө тийиш.

6.8.15. Поездди коштогон персонал тарабынан стрелкаларды которууга состав токтотулганда гана уруксат берилет.

**Адамдарды жылдыруу жана ташуу, жүктөрдү жеткирүү жантайыңкы казмалар боюнча**

6.8.16. Акыркы пункттардын ортосундагы бийиктиктердин айырмасы 60 м чейин болгондо, жантайыңкы стволду механикалык адам көтөргүчсүз эксплуатациялоого жол берилет. Адамдарды ташуу жана жүктөрдү жеткирүү казмалар боюнча "Пайдалуу кендерди казып алуу менен байланышпаган жер астындагы объекттерди, ошондой эле пайдалуу кендерди жер астындагы ыкма менен казып алуу объекттерин куруунун жана эксплуатациялоонун өндүрүштүк процесстеринин коопсуздук эрежелеринин" талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

**Адамдарды түшүрүү жана көтөрүү, жүктөрдү жеткирүү тик казмаларда**

6.8.17. Тереңдиги 40 м ашкан казмалар механикалык (бадьялык же клетьтик) көтөрүүчү орнотмолор менен жабдылууга тийиш. Аларда адамдарды түшүрүүгө жана көтөрүүгө түбүнүн аянты бир адамга 0,25 $м^2$ кем болбогон клетьтерде же бадьяларда уруксат берилет. Шахталардын стволдорун өткөөлдөөдө адамдарды бадьяга отургузуу жана түшүрүү үчүн илмек илгичтери бар коюлма тепкичтер колдонулууга тийиш. Тереңдиги 60 м чейинки казмаларды шурф өткөөлдөөчү крандарды колдонуу жана адамдарды бадьяларда (ээрлерде) түшүрүп-көтөрүү менен өткөөлдөөгө жана эксплуатациялоого жол берилет. Мында жүк бөлүмү тактайлар менен капталууга тийиш.

6.8.18. Көтөрүүчү орнотмолор менен жабдылган чалгындоо шахталарынын стволдорунда адамдарды түшүрүүдө жана көтөрүүдө клетьтердин жана бадьялардын багыттагычтар боюнча кыймылынын эң жогорку ылдамдыктары долбоор менен аныкталат, бирок клетьтик көтөрүүдө 12 м/с жана бадьялык көтөрүүдө 6 м/с ашпоого тийиш. Багыттагычтар жок стволдордо (стволдордун участокторунда) адамдарды түшүрүүдө жана көтөрүүдө бадьялардын кыймылынын ылдамдыгы 1 м/с ашпоого, ал эми шурфтарда бадьялардын же ээрлердин кыймылынын ылдамдыгы 0,3 м/с ашпоого тийиш. Стволду текшерүүдө көтөрүүчү идиштердин кыймылынын ылдамдыгы 0.3 м/с ашпоого тийиш.

6.8.19. Клетьтерде жүктөрдү көтөрүүнүн жана түшүрүүнүн эң жогорку ылдамдыгы чалгындоо шахталарынын стволдору боюнча долбоор менен аныкталат. Жүктөрдү бадьяларда багыттагычтар боюнча көтөрүүдө жана түшүрүүдө бадьялардын кыймылынын ылдамдыгы 12 м/с ашпоого, ал эми багыттагычтар жок жерлерде - 2 м/с ашпоого тийиш. Алардын астына асылган жүктөрдү түшүрүүдө-көтөрүүдө көтөрүүчү идиштердин кыймылынын ылдамдыгы бул көтөрүү үчүн номиналдык ылдамдыктын 1/3 бөлүгүнөн ашпоого тийиш. Шурфтарда жүктөрдү көтөрүүдө жана түшүрүүдө бадьялардын кыймылынын ылдамдыгы 1 м/с ашпоого тийиш.

6.8.20. Адамдарды бадьяларда (ээрлерде) механикалык түшүрүүдө жана көтөрүүдө төмөнкү шарттар аткарылууга тийиш: а) беттин үстүндө адамдардын бадьяларга (ээрлерге) отуруусу жана андан чыгуусу жабык лядаларда жана аларга орнотулган бадьяда (токтотулган ээрде) төмөнкү кабыл алуу аянтчасында гана, ал эми текчелерде

бадьянын борту текченин раструбунун же кабаттын полунун деңгээлинде болгондо, раструбда эшиктер болсо жүргүзүлүүгө тийиш; б) бадьялар багыттагычтар боюнча же бүт узундугу боюнча туташ капталган бөлүмдөрдө кыймылдоого тийиш; багыттагычтарсыз же каптамасыз бадьялардын кыймылына забойдон 20 м ашпаган аралыкта гана жол берилет; тик казмаларды өткөөлдөөдө өткөөл агрегаттарын (стволдук жүктөөчү машиналар, грейферлер, шурф өткөөлдөөчү крандар ж.б.) колдонууда бул аралык 40 м чейин көбөйтүлүшү мүмкүн; ошондой эле бадьялардын багыттагычтарсыз жана бадьялык бөлүмдүн каптамасыз кыймылына, тереңдиги 40 м ашпаган, туташ венецтик бекиткич менен бекитилген казмаларда, ылдамдыгы 0,3 м/с ашпаганда жол берилет; в) бадьянын четинде туруп же отуруп, ошондой эле жүктөлгөн бадьяда түшүүгө жана көтөрүлүүгө тыюу салынат; г) өзү оодарылуучу бадьяларда түшүүгө жана көтөрүлүүгө бадьянын төмөнкү кабыл алуу аянтчасынан жогору көтөрүлүшүн камсыз кылган блокировка болгондо уруксат берилет; д) шурфтарда түшүүдө жана көтөрүүдө сактануучу курларды колдонуу милдеттүү; е) жумушчуларды кокусунан кулап түшкөн буюмдардан сактоо үчүн бадьялардын (ээрлердин) үстүнө кол чатырлар асылууга тийиш.

6.8.21. Лядалар менен жабдылган шахталардын жана шурфтардын стволдорунда, адамдарды жана жүктөрдү бадьяларда түшүрүүдө жана көтөрүүдө, ошондой эле адамдарды ээрлерде түшүрүүдө жана көтөрүүдө лядалар өтүү үчүн ачылып, бул каражаттар өткөндөн кийин жабылууга тийиш.

6.8.22. Бадьялар тек менен үстүнкү жээгине 10 см кем эмес жеткирилбей жүктөлүүгө тийиш. Түшүрүүдө же көтөрүүдө бадьянын бортторунан чыгып турган жыгач материалдары жана шаймандар чиркөөчү түзүлүшкө же көтөрүүчү арканга бекем байланууга тийиш. Узундугу 2 м ашкан буюмдарды бадьяларда түшүрүүгө тыюу салынат; аларды түшүрүү үчүн атайын сөйкөлөр же контейнерлер колдонулууга тийиш. Арканга асылган бадьяга материалдарды жүктөө жана узун өлчөмдүү материалдарды жана жабдууларды сөйкөгө асуу жабык лядаларда жүргүзүлүүгө тийиш.

6.8.23. Эгерде бадьянын бортунда түшүрүлгөн жааны бадьянын бортунан 40 мм кем эмес бийиктикте кармап туруу үчүн ар бир тарабында экиден сактагыч муштумчалар (таянычтар) жок болсо, сыйымдуулугу 0,2 $м^3$ ашкан бадьяларды эксплуатациялоого тыюу салынат.

6.8.24. Кол воротогун колдонууда төмөнкү талаптарды аткаруу милдеттүү: а) адамдарды жана жүктөрдү түшүрүү жана көтөрүү экиден кем эмес жумушчу тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш; б) ээрде же бадьяда бир эле убакта бир гана адамды түшүрүүгө же көтөрүүгө уруксат берилет; в) бадьяларды чечүү жана асуу бул ишке катышкан жумушчулар жана шурфта иштегендер үчүн коопсуз түрдө жүзөгө ашырылууга тийиш; г) казмадан бетке сигнал берүү үчүн түзүлүштүн болушу.

6.8.25. Көтөрүүчү идиштердин кыймылы учурунда жумушчуларга горизонталдуу казмадан шахтанын же шурфтун стволунун көтөрүүчү бөлүмүнө чыгууга тыюу салынат. Шахтанын стволу же шурф ар бир горизонтто башка казмалардан металл сактагыч торлор менен бөлүнүүгө тийиш.

6.8.26. Клетьтик көтөрүүчү орнотмо иштеп жаткан учурда шахта үстүндөгү имараттын кабыл алуучу (отургузуучу) аянтчасында туткачы-сигналчы, ал эми иштеп жаткан горизонттун ствол жанындагы короосунда стволчу болууга тийиш.

6.8.27. Клетьтерде (бадьяларда) түшүүдө жана көтөрүүдө адамдар туткачы-сигналчынын жана стволчунун талаптарын сөзсүз аткарууга тийиш, акыркылар адамдар клетьке кирген же андан чыккан тарапта болууга тийиш. Тыюу салынат: а) сигналдан кийин адамдардын клетьтерге (бадьяларга) отуруусуна жана андан чыгуусуна; б) адамдардын стволдун көтөрүүчү бөлүмү аркылуу өтүүсүнө. Ствол жанындагы короонун бир тарабынан экинчи тарабына өтүү үчүн айланма казма өтүлүүгө тийиш. Тепкич бөлүмүнүн астынан өтмөк курууга уруксат берилет. Адамдарды аралык горизонттордон түшүрүп-көтөрүүгө, эгерде аларда стволчулар жок болсо, төмөнкү шарттар сакталганда жол берилет: а) горизонттордо жүктөрдү кабыл алуу жана берүү жүргүзүлбөсө; б) горизонттордо көтөрүүчү машинанын машинистине жана туткачы-сигналчыга жумушчу сигнализация, ошондой эле алар менен түз телефон байланышы болсо; в) клетьте туткачы-сигналчыга жана көтөрүүчү машинанын машинистине түздөн-түз сигнализация үчүн түзүлүш, ошондой эле алар менен телефон байланышы болсо.

6.8.28. Адамдарды жана жүктөрдү бир клетьте (бадьяда) бирге, ошондой эле ар башка клетьтерде (бадьяларда) бир убакта түшүрүүгө жана көтөрүүгө тыюу салынат.

6.8.29. Адамдарды түшүрүү жана көтөрүү үчүн клетьтер парашюттар менен жабдылууга тийиш. Шахталык парашюттарды сыноо эксплуатациялоо жана сыноо боюнча талаптарга ылайык жарым жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлүүгө тийиш.

6.8.30. Адамдарды жана жүктөрдү көтөрүү жана түшүрүү үчүн карама-каршы салмагы бар бир клетьтүү көтөргүчтөр төмөнкү талаптарга жооп бериши керек: а) карама-каршы салмактын көтөрүүчү арканы клетьтин көтөрүүчү арканы менен диаметри жана бекемдик запасы боюнча бирдей болууга тийиш; көзөмөл жана сыноо жагынан ага клетьтин арканына коюлган талаптардай эле талаптар коюлууга тийиш; б) жүк-адам көтөргүчтөрүнүн карама-каршы салмагынын массасы клетьтин массасына жана бул клетьте көтөрүлүүчү максималдуу эсептик жүктүн массасынын жарымына барабар болууга тийиш. Айрым учурларда жүк-адам көтөрүүчү орнотмолордо карама-каршы салмактын массасын бош вагонеткалары бар клетьтин массасына барабар мааниге чейин азайтууга жол берилет; в) карама-каршы салмактар багыттагычтар боюнча кыймылдап, клетьтик бөлүмдөн, ал үзүлгөндө стволдун клетьтик бөлүмүнө түшүп кетишин алдын алган бекем тосмолор менен бөлүнүүгө тийиш.

6.8.31. Көтөрүүчү идиштер менен бекиткичтин же арматуранын элементтеринин ортосундагы боштуктар тик шахталардын стволдорунда 2-таблицада келтирилген өлчөмдөргө ылайык келүүгө тийиш. Шурфтарда бадья менен дубалдын (бекиткичтин) ортосундагы боштуктар 200 мм кем болбоого тийиш.

Таблица 2 Көтөрүүчү идиштер менен бекиткичтин же арматуранын элементтеринин ортосундагы жол берилген боштуктар тик стволдордо

| Бекиткичтин түрү | Стволдун арматурасынын элементтеринин түрү жана жайгашуусу | Боштуктун аталышы | Минималдуу боштуктун чоңдугу, мм | Эскертүү |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| Жыгач бетон | Бир жана эки тараптуу жайгашкан жыгач багыттагычтар | Көтөрүүчү идиш менен бекиткичтин ортосунда | 200 | Өзгөчө тар жайгашкан учурда, стволдогу жыгач багыттагычтары бар көтөрүүчү идиштер үчүн боштук 150 мм кем эмес болушуна жол берилет, эгерде идиштин эң чыгып турган бөлүгү багыттагычтардын огунан 1 м ашпаган аралыкта болсо |
| Бетон | Бир жана эки тараптуу жайгашкан металл багыттагычтар | Ошол эле | 150 | |
| Жыгач бетон | Багыттагычтарды көтөрбөгөн металл жана жыгач расстрелдер | Расстрелдер менен көтөрүүчү идиштердин ортосунда | 150 | Өзгөчө тар жайгашкан учурда, стволдогу идиштер үчүн бул боштук 100 мм чейин азайтылышы мүмкүн |
| Жыгач бетон | Бир жана эки тараптуу жайгашкан жыгач жана металл багыттагычтар | Көтөрүүчү идиштердин багыттагычтардын огунан 750 мм аралыкка алыстатылган чыгып турган бөлүктөрүнүн ортосунда | 40 | Көтөрүүчү идиштеги чыгып турган жүк түшүрүүчү роликтер болгондо, ролик менен расстрелдин ортосундагы боштук 25 мм көбөйтүлүүгө тийиш |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ошол эле | Ошол эле | Идиштин борборунан эң чыгып турган жана алыс жайгашкан бөлүктөрү менен расстрелдин ортосунда, багыттагычтардын жана идиштеги башмактардын эскирүүсүн жана идиштин мүмкүн болгон бурулушун эске алуу менен | 25 | Долбоорлонуп жаткан шахталар үчүн |
| Жыгач бетон | Бир жана эки тараптуу жайгашкан металл багыттагычтар | Көтөрүүчү идиштин башмагынын сыртkы жээги менен багыттагычты расстрелге бекитүү үчүн кашаанын ортосунда, багыттагычтардын жана идиштеги башмактардын эскирүүсүн эске алуу менен | 20 | Долбоорлонуп жаткан шахталар үчүн |
| | Бир жана эки тараптуу жайгашкан жыгач багыттагычтар | Көтөрүүчү идиштин башмагынын сырткы жээги менен багыттагыч бекитилген расстрелдин ортосунда | 60 | Ошол эле |
| Жыгач жана металл | Бир жана эки тараптуу жайгашкан багыттагычтар | Клеть менен отургузуучу түзүлүштөрдүн элементтеринин ортосунда | 60 | Долбоорлонуп жаткан шахталар үчүн |
| Ошол эле | Ошол эле | Кабыл алуу аянтчаларынын жана клетьтердин | 35 | Ошол эле |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | рельстеринин ортосунда | |
| Жыгач | Өткөөл көтөргүчтүн аркан багыттагычтары | Бадья же бадьянын багыттоочу алкагы менен бекиткичтин ортосунда | 250 |
| Бетон | Ошол эле | Ошол эле | 200 |
| Жыгач бетон | Өткөөл көтөргүчтүн аркан багыттагычтары | Бадья же бадьянын багыттоочу алкагы менен расстрелдин ортосунда | 250 |
| | Өткөөл көтөргүчтүн жыгач багыттагычтары | Бадьянын багыттоочу алкагынын сырткы жээги менен багыттагыч бекитилген расстрелдин ортосунда | 60 |
| | | Бадья менен багыттагычтын ортосунда | 40 |

Экспортировать в Таблицы

6.8.32. Кыймылдагы бадьялар менен түтүк өткөргүчтөрдүн чыгып турган бөлүктөрүнүн ортосундагы боштук: шахталардын стволдорунда 400 мм, шурфтарда 200 мм кем болбоого тийиш.

6.8.33. Көтөрүүчү идиштин (карама-каршы салмактын) жумушчу сыйгаланма багыттагыч башмактары менен багыттагычтардын контакттык беттеринин ортосундагы боштук аларды орнотууда металл (рельс) багыттагычтар үчүн 5 мм жана жыгач багыттагычтар үчүн 10 мм ар бир тарабынан ашпоого тийиш. Сыйгаланма башмактар же алардын алмаштырылуучу ич каптары контакттык беттери ар бир тарабынан 8 мм ашык эскиргенде алмаштырылууга тийиш. Башмактардын жана багыттагычтардын ар бир тарабындагы суммардык эскирүүсү рельстик багыттагычтарда 10 мм, жыгач багыттагычтарда 18 мм ашпоого тийиш. Ачык типтеги жумушчу сыйгаланма багыттагыч башмактардын оозунун тереңдиги аларды орнотууда: рельстик багыттагычтар үчүн 60 мм, жыгач багыттагычтар үчүн - 70 мм кем болбоого тийиш. Аркан багыттагычтар үчүн багыттоочу муфталардын жаңы втулкаларынын ички диаметри аларды орнотууда багыттоочу аркандын диаметринен 5

мм чоң болууга тийиш. Втулкалары диаметри боюнча 15 мм ашык эскирген багыттоочу муфталарды эксплуатациялоого жол берилбейт.

6.8.34. Багыттагычтар төмөнкүдөй эскиргенде алмаштырылууга тийиш: рельстиктер ар бир тарабынан 8 мм ашык; жыгачтар ар бир тарабынан 15 мм ашык; аркандыктар номиналдык диаметринин 15% жана андан ашык же сырткы зымдарынын диаметринин жарымынан ашык эскиргенде. Рельстик багыттагычтардын башын таманы менен бириктирген текченин эскирүүсү анын номиналдык калыңдыгынын 25% ашпаганга жол берилет. "Кесүүчү" парашюттарда жыгач багыттагычтар каптал жактарынын суммардык эскирүүсү 20 мм ашканда алмаштырылууга тийиш. Багыттагычтардын эскирүүсүн толук инструменталдык текшерүү арматуранын ар бир ярусунда: металл багыттагычтарда 1 жылда бир, жыгач багыттагычтарда 6 айда бир жүргүзүлүүгө тийиш.

6.8.35. Ашыра көтөрүү бийиктиги клетьтик көтөрүүчү орнотмолор үчүн көтөрүү ылдамдыгы 3 м/с чейин камтылганда 4 м кем болбоого, ал эми көтөрүү ылдамдыгы 3 м/с ашканда 6 м кем болбоого тийиш; үчүн ...бадьялык көтөрүүчү орнотмолор үчүн адамдарды түшүрүүдө жана көтөрүүдө 4 м кем болбоого, жүктөрдү түшүрүүдө жана көтөрүүдө 2,5 м кем болбоого; скиптик көтөрүүчү орнотмолор үчүн 2,5 м кем болбоого тийиш.

Ашыра көтөрүү бийиктиги деп төмөнкүлөр эсептелет: а) оодарылбас клетьтер үчүн - клетьтин жогорку кабыл алуу аянтчасында жүк түшүрүүдөгү нормалдуу абалдан баштап, аркандын жогорку кыскычы багыттоочу шкивдин алкагына же клетьтин айрым бөлүктөрү копердин элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик; б) скиптер үчүн - скиптин жүк түшүрүүдөгү нормалдуу абалдан баштап, аркандын жогорку кыскычы багыттоочу шкивдин алкагына же скиптин айрым бөлүктөрү копердин элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик; в) адамдары бар бадьялар үчүн - төмөнкү кабыл алуу аянтчасынын лядаларынын үстүндө, бул лядалардын тоскоолдуксуз жабылышын камсыз кылган төмөнкү абалда турган бадьянын, аркандын жогорку кыскычы же багыттоочу алкактын жогорку кыры багыттоочу шкивдин алкагына же копердин элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик; г) жүгү бар бадьялар үчүн - жогорку кабыл алуу аянтчасынын лядаларынын үстүндө, бул лядалардын тоскоолдуксуз жабылышын камсыз кылган төмөнкү абалда турган бадьянын, аркандын жогорку кыскычы же багыттоочу алкактын жогорку кыры багыттоочу шкивдин алкагына же копердин элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик. Эскертүү. Иштеп жаткан бадьялык көтөрүүчү орнотмолор үчүн ашыра көтөрүү бийиктигин бадьянын тиешелүү кабыл алуу аянтчасынын деңгээлиндеги абалынан баштап эсептөөгө жол берилет.

6.8.36. Шурф крандары жана агрегаттары үчүн, ошондой эле тик казмаларды өткөөлдөөдө колдонулуучу башка жүк көтөрүүчү механизмдер үчүн, жүктү көтөрүү ылдамдыгы 1 м/с чейин жана адамдарды ээрлерде 0.3 м/с чейин болгондо, ашыра көтөрүү бийиктиги 1 м кем болбоого тийиш. Бул учурларда ашыра көтөрүү бийиктиги деп төмөнкүлөр эсептелет:

а) ээрлер үчүн - ээрдин адам менен төмөнкү (лядалардын үстүндөгү), лядалардын тоскоолдуксуз жана коопсуз жабылышын камсыз кылган абалдан баштап, аркандын жогорку кыскычы же коргоочу зонттун жогорку кыры шкивдин алкагына же крандын (агрегаттын) стреласынын элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик;

б) жүгү бар бадьялар же грейферлер үчүн, алар казмалардан көтөрүлгөндөн кийин четке тартылганда, бадьянын (грейфердин) казманын оозунан баштап, аркандын жогорку кыскычы шкивдин алкагына же крандын (агрегаттын) стреласынын элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган 58бийиктик;

в) механикалаштырылган жүк түшүрүү үчүн түзүлүш менен жабдылган шурф крандары менен көтөрүлүүчү бадьялар үчүн, жүк түшүрүүчү түзүлүшкө орнотулган бадьянын, аркандын жогорку кыскычы шкивдин алкагына же крандын стреласынын элементтерине тийгенге чейин эркин көтөрүлө алган бийиктик.

6.8.37. Көтөрүүчү орнотмолордун багыттоочу шкивдеринде жана көтөрүүчү машиналардын барабандарында, ошондой эле шурф өткөөлдөөчү крандарда аркандын агымынын четтөө (девиация) бурчу 1°30' ашпоого, ал эми өткөөл багыттагыч шкивдерде жана өткөөл лебедкаларынын барабандарында 2°30' ашпоого тийиш. Тик стволдордун көтөрүүчү орнотмолору үчүн аркандын агымынын горизонтко карата эңкейиш бурчу, анын узундугу 45 м ашканда, 30° кем болбоого тийиш. Айрым учурларда, долбоордо негизделгенде, бул бурч азайтылышы мүмкүн. Колдоочу роликтери жок аркандын агымынын узундугу, эреже катары, 65 м ашпоого тийиш: агымдын горизонтко карата эңкейиш бурчу 45° ашканда, анын узундугун 75 м чейин көбөйтүүгө жол берилет.

6.3.38. Вагонеткаларда жүктөрдү көтөрүү жана түшүрүү жүргүзүлүүчү тик стволдордун бардык жогорку, аралык жана төмөнкү кабыл алуу аянтчалары вагонеткалардын өз алдынча стволго кулап кетишин алдын алган токтотуучу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

6.8.39. Көтөрүүчү идиштер, чиркөөчү түзүлүштөр, парашюттар, багыттоочу башмактар, багыттагычтар, муштумчалар, копердик шкивдер, көтөрүүчү машиналар (лебедкалар) жана көтөрүүчү орнотмонун башка элементтери ар сутка сайын атайын дайындалган адам тарабынан, ал эми айына бир жолудан кем эмес партиянын (экспедициянын) башкы механиги же анын милдеттерин аткарган адам тарабынан текшерилип, каралууга тийиш. Эгерде текшерүүдө адамдар же жүк үчүн коркунуч туудурган бузуктуктар табылса, түшүрүү жана көтөрүү дароо токтотулууга тийиш. Текшерүүнүн натыйжалары "Көтөрүүчү орнотмону текшерүү журналына" жазылат (7-тиркемени караңыз).

6.8.40. Жыгач коперлор партиянын (экспедициянын) начальниги тарабынан дайындалган комиссия тарабынан жылына эки жолу, ал эми металл коперлор жылына бир жолу текшерилип, текшерүүнүн натыйжалары боюнча акт түзүлүүгө тийиш.

Тик жана жантайыңкы казмаларда адамдарды жана жүктөрдү түшүрүү жана көтөрүү үчүн аркандар, асма жана чиркөөчү түзүлүштөр

6.8.41. Чалгындоо шахталарынын (шурфтардын) стволдорундагы көтөрүүчү орнотмолор үчүн ГОСТко же техникалык шарттарга ылайык болот аркандар колдонулууга тийиш.

6.8.42. Чалгындоо шахталарынын стволдорун өткөөлдөөдө адамдарды түшүрүү жана көтөрүү үчүн аз буралма аркандар же кайчылаш өрүлгөн, бир катмарлуу, тегерек өрүмдүү, буралбас аркандар колдонулууга тийиш.

6.8.43. Кол менен жана механикалаштырылган көтөрүү үчүн көтөрүүчү аркандар илингенде, алардын бекемдик запасынын коэффициенти төмөнкүдөн кем болбоого тийиш:

9,0 - адамдарды түшүрүү жана көтөрүү үчүн;

7,5 - адамдарды жана жүктөрдү түшүрүү жана көтөрүү үчүн;

6,5 - жүктөрдү түшүрүү жана көтөрүү үчүн;

6,0 - стволдорго насосторду, суу сордуруу түтүктөрүн, текчелерди, өткөөл агрегаттарын, куткаруучу тепкичтерди асуу үчүн;

5,5 - стволдо грейфердик жүктөгүчтөрдү асуу үчүн;

5,0 - өткөөл көтөрүүчү орнотмолордун аркан багыттагычтары үчүн, ошондой эле стволдорго калыптарды, желдетүү жана кысылган аба түтүктөрүн, кабелдерди ж.б. асуу үчүн;

3,0 - убактылуу иштеген крандардын (иштөө мөөнөтү бир жылга чейин) мачталарын жана таянычтарын тартуу үчүн.

6.8.44. Бардык шахталык көтөрүүчү аркандар (жүк ташуучу, эңкейиши 30 градустан аз жантайыңкы көтөргүчтөрдөгү аркандардан тышкары), ошондой эле текчелерди, куткаруучу тепкичтерди жана өткөөл люлькаларды асуу үчүн аркандар илинердин алдында аркан сыноочу станцияларда сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Стволдорго жайгаштырылуучу калган бардык аркандар, ошондой эле башка бардык орнотмолордун жана механизмдердин аркандары илинердин алдында сыналбайт. Бул аркандарды асуу заводдук акт-сертификаттын маалыматтары боюнча жүргүзүлөт. Резервдик сыналган арканды, эгерде анын сактоо мөөнөтү 12 айдан ашпаса, экинчи жолу сынабастан асууга болот.

6.8.45. Илинердин алдында сыналган аркандар төмөнкү мөөнөттөрдө кайрадан сыноодон өткөрүлүүгө тийиш: а) адам ташуучу жана жүк-адам ташуучу көтөрүүчү орнотмолор үчүн, ошондой эле өткөөл люлькалар үчүн ар бир 6 айда; б) жүк ташуучу жана көчмө көтөрүүчү орнотмолор үчүн, ошондой эле куткаруучу тепкичтер үчүн илингенден кийин 12 айдан соң, андан кийин ар бир 6 айда; в) цинктелбеген, аз буралма, көп өрүмдүү көтөрүүчү аркандар (жүк ташуучу жана жүк-адам ташуучу) илингенден кийин 6 айдан соң, андан кийин ар бир 3 айда. Текчелерди асуу үчүн аркандар кайрадан сыналбайт. Арканды сыноо үчүн узундугу 1,5 м кем эмес кесинди кесилет. Кайталап сыноо үчүн узундугу 1,5 м болгон аркан кесиндиси запанцовканын акыркы кыскычынын үстүнөн кесилет. Сыноого жөнөтүлгөн ар бир аркан үлгүсү

заводдук паспорттун көчүрмөсү жана жарлык менен жабдылууга тийиш. Жарлыкта экспедиция, партия, асылган, кесилген жана сыноого жөнөтүлгөн күнү, аркандын диаметри, заводдук номери, ГОСТ же техникалык шарттар көрсөтүлүүгө тийиш. Арканды сыноо жөнүндө күбөлүк экспедицияда, партияда аркандын бүткүл кызмат мөөнөтү ичинде сакталат.

6.8.46. Көтөрүүчү аркан, эгерде аны кайталап сыноодо бекемдик запасы адам ташуучу көтөргүчтөр үчүн 7 эседен, жүк-адам ташуучу көтөргүчтөр жана өткөөл люлькалар үчүн 6 эседен жана жүк ташуучу көтөргүчтөр, көчмө көтөрүүчү орнотмолор жана куткаруучу тепкичтер үчүн 5 эседен төмөн болуп калса; эгерде үзүлүүгө жана ийилүүгө сыноодон өтпөгөн зымдардын суммардык аянты аркандын бардык зымдарынын кесилишинин жалпы аянтынын 25% жана андан ашыгын түзсө, алмаштырылууга тийиш.

6.8.47. Ар бир көтөрүүчү аркан ар сутка сайын анын кыймыл ылдамдыгы 0,3 м/с ашпаганда, бүт узундугу боюнча кылдат текшерилүүгө тийиш, мында аркандын бүт узундугу боюнча үзүлгөн зымдардын жалпы саны аныкталат. Мындан тышкары, жума сайын аркан кошумча текшерилип, эң көп бузулган жерлердеги бир оролуу кадамындагы үзүлгөн зымдардын саны эсептелүүгө тийиш. Эксплуатациядагы аркандар атайын аркан майы менен майланууга тийиш. Майлоонун алдында аркан кирден жана эски майдан тазаланууга тийиш.

6.8.48. Арканды деталдуу текшерүү ай сайын жүргүзүлөт, мында аркандын бети катып калган майдын кабыгынан тазаланып, бузулуулар эң көп күтүлгөн жерлер (коуштун асты, кыскычтар ж.б.) жана үзүлгөн зымдардын саны эң көп болгон жерлер кылдат текшерилет. Көрсөтүлгөн жерлер аркан кыймылсыз турганда текшерилүүгө тийиш. Аркандан чыгып турган үзүлгөн зымдардын учтары кесилип салынышы керек. Эгерде арканды текшерүүдө кандайдыр бир оролуу кадамына барабар участокто үзүлгөн зымдардын саны алардын аркандагы жалпы санынын 5% жана андан ашыгын түзсө, анда аркан алмаштырылууга тийиш. Эгерде үзүлгөн зымдардын саны оролуу кадамында анын чиркөөчү түзүлүштүн коушуна бекитилген жеринде 5% жана андан ашыкка жетсе, үзүлгөн зымдары бар аркандын учун кесип салууга жана арканды коушка кайра бекитүүгө уруксат берилет. Эңкейиши 30 градуска чейинки жантайыңкы казмалар боюнча учтук ташып чыгарууда, эгерде оролуу кадамындагы үзүлгөн зымдардын саны алардын жалпы санынын 10% жана андан ашыгын түзсө, аркан алмаштырылууга тийиш.

6.8.49. Арканга чукул жүктөм болгон учурда (клетьтин же бадьянын багыттагычтарда кысылып калышы, машинанын кескин токтошу ж.б.) түшүрүү же көтөрүү арканды текшерүү үчүн дароо токтотулууга тийиш. Эгерде аркан бузулса же анын диаметри баштапкы диаметринен 5% жана андан ашыкка азайса (чукул жүктөмгө дуушар болгон участокто), ал алмаштырылууга тийиш.

6.8.50. Аркандарды текшерүүнүн натыйжалары ошол эле күнү "Көтөрүүчү аркандарды жана алардын чыгымын текшерүү журналына" жазылууга тийиш (8-тиркемени караңыз). Журналга аркандардын бузулушунун бардык учурлары жазылууга тийиш.

6.8.51. Үзүлгөн өрүмдөрү, түйүндөрү, "жучоктору" бар жана иштөө учурунда баштапкы диаметринен 10% жана андан ашыкка ичкерген аркандарды эксплуатациялоого тыюу салынат. Улаштырылган аркандарды горизонталдуу жана эңкейиш бурчу 30 градуска чейинки жантайыңкы казмалар боюнча жүктөрдү ташуу үчүн гана колдонууга жол берилет.

6.8.52. Шахталык өткөөл көтөрүүчү орнотмолордун аркан багыттагычтары катары металл же органикалык өзөгү бар, бир катмарлуу, тегерек өрүмдүү, буралбас, кайчылаш өрүлгөн аркандарды, ошондой эле сырткы зымдарынын диаметри 1,5 мм кем болбогон көп өрүмдүү, аз буралма аркандарды колдонуу зарыл.

6.8.53. Өткөөл жабдууларын асуу үчүн тегерек зымдардан жасалган бир жолку өрүмдүү спиралдык аркандарды, ошондой эле аркан багыттагычтар катары жабык көтөрүүчү аркандарды колдонууга тыюу салынат.

6.8.54. Өткөөл жабдууларын асуу үчүн аркандар жана өткөөл көтөргүчтүн аркан багыттагычтары жумасына бир жолу атайын бөлүнгөн адам тарабынан, айына эки жолу партиянын механиги тарабынан жана айына бир жолу экспедициянын башкы механиги тарабынан текшерилүүгө тийиш. Аркандар бадьянын кыймыл ылдамдыгы 0,3 м/с ашпаганда текшерилет. Ай сайын бир жолудан кем эмес аркандарды кыймылсыз бадьядан кыскычтардын жана коуштардын жанында текшерүү жүргүзүлүүгө тийиш. Текшерүүнүн натыйжалары "Өткөөл лебедкаларын жана алардын аркандарын текшерүү журналына" жазылат. Журналдын формасы экспедициянын башкы инженери тарабынан белгиленет.

6.8.55. Өткөөл жабдууларын асуу үчүн аркандар (текчелик жана багыттагычтардан тышкары), эгерде кандайдыр бир оролуу кадамына барабар участокто үзүлгөн зымдардын саны аркандын жалпы зымдарынын санынын 10% жана андан ашыгына жетсе, алмаштырылууга тийиш. Текчелерди асуу үчүн аркандар, эгерде кандайдыр бир оролуу кадамына барабар участокто үзүлгөн зымдардын саны 5% жана андан ашыгын түзсө же аркандын диаметринин иштөө убагында азайышы номиналдык диаметрдин 10% жана андан ашыгын түзсө, алмаштырылууга тийиш. Өткөөл көтөргүчтүн багыттагыч аркандары төмөнкү учурларда алмаштырылууга тийиш: а) бир оролуу кадамында 10% жана андан ашык үзүлгөн зымдар табылса; б) үзүлгөн өрүм болсо; в) аркан багыттагычтардын эскирүүсү аркандын номиналдык диаметринен 15% жана андан ашыкка же сырткы зымдардын диаметринин 50% жана андан ашыгына жетсе.

6.8.56. Грейфердик жүктөгүчтөрдү асуу үчүн аркандар суткасына бир жолу атайын бөлүнгөн адам тарабынан текшерилүүгө тийиш. Жүктөгүчтөрдүн аркандары оролуу кадамында 5% жана андан ашык зым үзүлгөн учурда же аркандын диаметри номиналдыктан 10% жана андан ашыкка азайганда алмаштырылууга тийиш.

6.8.57. Стволдордо өткөөл жабдууларын асуу үчүн аркандардын, ошондой эле өткөөл көтөргүчтүн аркан багыттагычтарынын чектик кызмат мөөнөтү үч жыл деп белгиленет.

6.8.58. Көтөрүүчү идиштердин асма жана чиркөөчү түзүлүштөрү ГОСТко же техникалык шарттарга ылайык даярдалууга тийиш. Шахталардын стволдору үчүн асма жана чиркөөчү түзүлүштөр заводдук номери жана даярдалган күнү көрсөтүлгөн

маркировкага ээ болууга тийиш. Сыйымдуулугу 0,18 $м^3$ чейинки бадьялар үчүн тилкелүү же жалпак болоттон жасалган жана арканды сүрүлүүдөн ишенимдүү сактаган илгичи бар атайын чиркөөчү түзүлүштөрдү, ошондой эле спираль тибиндеги чиркөөчү түзүлүштөрдү колдонууга жол берилет. Бадьялардын чиркөөчү түзүлүшү илгичтин оозун ишенимдүү жаап, анын өзүнөн-өзү ачылып кетишин жокко чыгарган шайманга ээ болууга тийиш. Текчелердин, насостордун, түтүк өткөргүчтөрдүн жана башка жабдуулардын асма түзүлүштөрүнүн (илгичтеринин) аркан менен туташуусу алардын өзүнөн-өзү ажырап кетишине жол бербөөгө тийиш.

6.8.59. Клетьтер кош көз карандысыз асмага ээ болууга тийиш: жумушчу жана сактагыч. Сактагыч асма чынжырлардан жасалышы мүмкүн.

6.8.60. Асма жана чиркөөчү түзүлүштөрдүн (эсептик статикалык жүктөөгө карата) бекемдик запастары илингенде төмөнкүдөн кем болбоого тийиш: а) адам ташуучу көтөрүүчү орнотмолордун асма түзүлүштөрү, ошондой эле өткөөл бадьяларынын чиркөөчү түзүлүштөрү жана жаалары үчүн 13 эседен; б) тик жана жантайыңкы казмалардын жүк жана жүк-адам ташуучу көтөрүүчү орнотмолорундагы көтөрүүчү идиштердин асма түзүлүштөрү үчүн 10 эседен; жүк-адам ташуучу көтөрүүчү орнотмолордун асма түзүлүштөрү көтөрүүчү идиштин жана максималдуу түшүрүлүүчү адамдардын санынын массасына карата 13 эселенген бекемдик запасын камсыз кылууга тийиш; в) текчелердин, насостордун, түтүк өткөргүчтөрдүн жана башка өткөөл жабдууларынын асма түзүлүштөрү үчүн 10 эседен; г) өткөөл көтөрүүчү орнотмолордогу аркан багыттагычтардын асма түзүлүштөрү үчүн 6 эседен; д) спираль тибиндеги өткөөл чиркөөчү түзүлүштөр үчүн материалдын агуу чегине карата 4 эседен.

6.8.61. Адамдарды жана жүктөрдү көтөрүү жана түшүрүү жүргүзүлгөн тик жана жантайыңкы казмаларды жүргүзүүдө, көтөрүүчү идиштердин асма жана чиркөөчү түзүлүштөрү илинердин алдында кош учтук жүктөөгө сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Ушундай эле сыноолор жарым жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Сыноолордун натыйжалары "Көтөрүүчү орнотмону текшерүү журналына" жазылууга тийиш (7-тиркемени караңыз).

6.8.62. Клетьтердин асма түзүлүштөрү беш жылдан кечиктирбестен, ал эми чалгындоо шахталарынын стволдору үчүн бадьялардын чиркөөчү түзүлүштөрү эксплуатация башталгандан эки жылдан кийин жаңыларына алмаштырылууга тийиш. Шурфтарды өткөөлдөө үчүн бадьялардын (шурф крандарынын) чиркөөчү түзүлүштөрү илгичтин жумушчу кесилишинин оозундагы эскирүүсү баштапкы кесилиштин чоңдугунун 10% түзгөндө же анын конструкциясынын шарнирдик туташууларынын суммардык эскирүүсү 4 мм ашканда жаңыларына алмаштырылууга тийиш; шарнирдик туташуулардын камтуучу деталдары алардын тешиги 2 мм ашык эскиргенде алмаштырылууга тийиш.

6.8.63. Бадьялардын жаалары эксплуатация башталгандан эки жылдан кийин алмаштырылууга тийиш.

Бадьянын жаасы, ошондой эле, анын кулакчасынын эскирүүсү огунун диаметринин 5% жана андан ашыгын түзгөндө алмаштырылууга же кулакчадагы алмаштырылуучу

втулканын ошол эле чоңдукка эскирүүсүндө оңдолууга тийиш. Жаанын кулакчасынын же алмаштырылуучу втулкасынын жана аны бадья менен бириктирген огунун суммардык эскирүүсү огунун диаметринин 10% ашпоого тийиш.

Көтөрүүчү машиналар жана өткөөл лебедкалары

6.8.64. Ороо органынын же шкивдин эң кичинекей диаметринин аркандын диаметрине болгон катышы төмөнкүдөн аз болбоого тийиш:

а) бетке орнотулган көтөрүүчү машиналардын багыттоочу шкивдери жана барабандары үчүн - 60;

б) жер астындагы казмаларга орнотулган көтөрүүчү машиналардын багыттоочу шкивдери жана барабандары, ошондой эле өткөөл көтөрүүчү машиналар, өткөөл крандары, көтөргүчтөр жана көчмө агрегаттар үчүн - 40;

в) текчелерди, түтүк өткөргүчтөрдү, асма насосторду ж.б. асуу үчүн арналган өткөөл лебедкаларынын багыттоочу шкивдери жана барабандары үчүн - 20.

6.8.65. Аркандын учу машинанын конструкциясында атайын каралган түзүлүш менен барабандын ичинде бекитилүүгө тийиш. Каптамадан өткөн жерде аркан жылчыктын четтеринен деформацияланбоого тийиш. Аркандын учун түздөн-түз барабандын валына бекитүүгө тыюу салынат.

6.8.66. Аркандын барабанга бекитилген жериндеги тартылышын басаңдатуу үчүн, эгерде барабан жыгач же прессмасса менен капталган болсо, анын бетинде үчтөн кем эмес сүрүлүү оромосу, ал эми барабан фрикциялык материалдар менен капталбаган болсо, бештен кем эмес сүрүлүү оромосу болууга тийиш. Сүрүлүү оромолорунан тышкары, арканды мезгил-мезгили менен сыноо үчүн запастык оромолор болууга тийиш, алар барабандын бетинде да, анын ичиндеги бобиналарда да жайгашышы мүмкүн.

6.8.67. Чалгындоо шахталарында жана шурфтарда жүк-адам ташуучу механикалык көтөргүчтөр үчүн аркандарды барабанга эки-үч катмар кылып ороого төмөнкү шарттар сакталганда жол берилет: а) барабандын кабыргалары жогорку катардан аркандын диаметринин 2,5 эселенгенинен кем эмес чыгып турушу керек; б) көтөрүүчү машиналардын барабандарынын ороо бети аркандын төмөнкү катарынын оромолорун салуу үчүн спиралдык канатчаларга ээ болууга тийиш (шурфтардагы көтөргүчтөргө бул талап жайылтылбайт); в) төмөнкү катардын акыркы оромосунун төрттөн бир бөлүгүнүн узундугундагы аркандын критикалык участогунун артынан (жогорку катарга өтүү) күчөтүлгөн байкоо жүргүзүлүп (бул жерде үзүлгөн зымдардын эсеби алынып) жана ар 2 ай сайын арканды оромонун төрттөн бир бөлүгүнө жылдыруу жүргүзүлүүгө тийиш. Аркандарды барабанга көп катмар кылып ороого көчмө көтөрүүчү орнотмолордо (шурф өткөөлдөөчү агрегаттардын лебедкалары, шурф өткөөлдөөчү крандар ж.б.), аркандын кыймыл ылдамдыгы 0,35 м/с ашпаган жай жүрүүчү лебедкаларда (жүк ташуучу өткөөл лебедкалары жана куткаруучу тепкичтер үчүн лебедкалар), ошондой эле кол менен иштетилүүчү лебедкаларда уруксат берилет. Өткөөл лебедкаларынын барабандары эки тарабында кабыргаларга ээ болуп, алар

оroонун жогорку катмарынан аркандын диаметринин 1,5 эселенгенинен кем эмес, ал эми куткаруучу тепкичтердин лебедкалары үчүн аркандын диаметринин 2,5 эселенгенинен кем эмес чыгып турушу керек.

6.8.68. Кол воротогу экспедициянын башкы инженери тарабынан бекитилген документация боюнча төмөнкү талаптарды сактоо менен даярдалууга тийиш: а) храп жана тормоздук түзүлүштөргө ээ болуу; б) воротоктун валы (барабаны) болоттон же учтары темир менен капталган (бандаждалган) жыгачтан жасалып, эки болот туткага ээ болуу; в) туткалардын бекитилиши алардын айланып кетишине жол бербөөгө тийиш; г) чиркөөчү илгич ишенимдүү сактагыч затвор менен жабдылууга тийиш; д) воротоктун ороо органынын диаметринин аркандын диаметрине болгон катышы 30дан кем болбоого тийиш. Адамдарды кол воротогу менен түшүрүүдө жана көтөрүүдө болот аркандар гана колдонулууга тийиш. Бекемдик запасы 6.8.43-п. көрсөтүлгөндөн төмөн болбоого тийиш. Көтөрүүчү аркан воротоктун валына (барабанына) бекем бекитилип, анда болот барабанда бештен кем эмес, ал эми жыгач барабанда үчтөн кем эмес оромо дайыма ачылбаган бойдон калууга тийиш.

6.8.69. Ар бир чалгындоо шахтасынын көтөрүүчү орнотмосу ашыра көтөрүүдөн жана ылдамдыкты ашыруудан коргоо үчүн төмөнкү сактагыч түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш: а) ар бир көтөрүүчү идиш (карама-каршы салмак) үчүн коперге орнотулган жана идиш кабыл алуу аянтчасынын деңгээлинен 0,5 м жогору көтөрүлгөндө көтөрүүчү машинанын электр кыймылдаткычын өчүрүүгө жана сактагыч тормозду иштетүүгө арналган учтук өчүргүч жана тереңдик көрсөткүчүнө (же жүрүш жөндөгүчүнө) орнотулган жана коперге орнотулган учтук өчүргүчтүн ишин кайталоого арналган кайталоочу учтук өчүргүч. Дубликаттоочу учтук өчүргүчтөрдү коперге негизгилери менен бир деңгээлде орнотууга, эгерде алар өзүнчө кабелдер менен азыктандырылса жана башкаруу пультунан ар бир негизги жана дубликаттоочу учтук өчүргүчтөрдүн иштешин өз-өзүнчө текшерүүгө мүмкүндүк берген (абалын бекитпестен) түзүлүштөр болсо жол берилет; б) идиш кабыл алуу аянтчасына жакындаганда анын ылдамдыгы адамдарды түшүрүүдө жана көтөрүүдө 1 м/с же жүктөрдү түшүрүүдө жана көтөрүүдө 1.5 м/с ашса, ошондой эле бир калыптагы жүрүштүн максималдуу ылдамдыгы 15% ашса (иштеп жаткан көтөрүүчү орнотмолор үчүн идиштердин кыймыл ылдамдыгы 3 м/с ашык жана жаңы монтаждалуучулар үчүн 2 м/с ашык), көтөрүүчү машинанын электр кыймылдаткычын өчүрүп, сактагыч тормозду иштетүүчү ылдамдыкты чектегич.

6.8.70. Чалгындоо шахталарынын көтөрүүчү орнотмолору төмөнкү коргоочу жана блокировкалоочу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш: а) тиешелүүлүгүнө жараша электр кыймылдаткычы ашыкча жүктөлгөндө жана чыңалуу жок болгондо иштөөчү максималдуу жана нөлдүк коргоо; б) агымдын бошоп кетишинен жана аркандын бош калышынан коргоо; в) кабыл алуу аянтчаларындагы сактагыч торлордун блокировкасы, ал торлор жабылбаганда машинисттин жанында "Токто" сигналын иштетет; г) идиш ашыра көтөрүлгөндөн кийин кыймылдаткычты ашыра көтөрүүнү жоюу багытында гана иштетүүгө мүмкүндүк берген блокировка; д) эгерде маневрдик тормоздун туткасы "Тормоздолгон" абалында, ал эми башкаруу аппаратынын (контроллердин) туткасы нөлдүк абалда болбосо, сактагыч тормоздун алынышын алдын алган блокировка; е)

кабыл алуу аянтчаларынын отургузуучу муштумчаларынын блокировкасы, ал муштумчалар стволго чыгарылганда машинисттин жанында "Токто" сигналын иштетет;
ж) бадья нөлдүк аянтчага жабык лядалар менен жакындаганда анын токтошун камсыз кылган блокировка, ошондой эле стволдорду өткөөлдөөдө бадьянын стволдун забойуна же жумушчу текчеге бекиткичти куруу учурунда 5 м калганда токтошун камсыз кылган блокировка.

6.8.71. Аркан багыттагычтардын жана текчелик аркандардын өткөөл лебедкаларында атайын приборлордун жардамы менен тартылышын контролдоо жана ашыкча жүктөөлөрдөн же аркандардын бош калышынан коргоо камсыз кылынып, коргоо лебедкалардын башкаруу схемасына киргизилүүгө тийиш.

6.8.72. Шурфтарды шурф крандарын же көчмө агрегаттарды колдонуу менен өткөөлдөөдө, бадья (грейфер) жүк түшүрүүдөгү нормалдуу абалдан 0,5 м жогору көтөрүлгөндө крандын же агрегаттын көтөрүүчү лебедкасын өчүргөн стрелага же коперге бир гана учтук өчүргүч орнотууга уруксат берилет.

6.8.73. Ашыра көтөрүүдөн коргоо үчүн арналган учтук өчүргүчтөрдү көтөрүүчү машиналарды жана механизмдерди оперативдүү токтотуу үчүн колдонууга тыюу салынат.

6.8.74. Көтөрүүчү машиналар машинистке клетьтин же бадьянын стволдогу абалын көрсөтүүчү индикатор жана жайлатуу мезгилинде тормоздоону баштоо зарылдыгы жөнүндө сигнал берүүчү автоматтык коңгуроо менен жабдылууга тийиш.

6.8.75. Механикалык кыймылдаткычы бар лебедкалар, анын ичинде шурф өткөөлдөөчү крандардын жана шурфтарды өткөөлдөөдө колдонулуучу көчмө агрегаттардын лебедкалары, маневрдик жана сактагыч тормоздорго ээ болууга тийиш. Өзү тормоздоочу жубу бар редуктор болгондо жана аркандын кыймыл ылдамдыгы 1 м/с ашпаганда, бир маневрдик тормозу бар лебедкаларды колдонууга жол берилет. Тереңдиги 20 м чейинки шурфтар үчүн жана аркандын кыймыл ылдамдыгы 1 м/с ашпаганда, барабандын валына орнотулган бир тормозду колдонууга жол берилет. Жүк ташуучу өткөөл лебедкаларында жана куткаруучу тепкичтер үчүн лебедкаларда кыймылдаткычтын валында же аралык валда маневрдик тормоз, сактагыч тормоз, барабанда токтотуучу храп түзүлүшү жана сактагыч тормоз менен токтотуучу түзүлүш иштетилгенде электр кыймылдаткычын жүктү түшүрүү багытында иштетүүнү жокко чыгарган блокировка каралууга тийиш. Жабдууларды жана материалдарды түшүрүү-көтөрүү үчүн колдонулуучу кол менен иштетилүүчү лебедкалар тормоз менен жабдылып, токтотуучу храп түзүлүшүнө жана кош тиштүү берүүгө же червяктык жупка ээ болууга, же жүктүн өз алдынча түшүп кетишин жокко чыгарган дайыма иштөөчү жүк кармоочу механизм менен жабдылууга тийиш.

6.8.76. Эңкейиш бурчу 30 градустан ашкан тик жана жантайыңкы казмалардын стационардык көтөрүүчү орнотмолорунда сактагыч тормоздоо учурундагы тормоздук момент бул орнотмо үчүн эсептелген жүктү көтөрүүдө же түшүрүүдөгү статикалык айлануу моментинин 3 эселенгенинен кем болбоого тийиш. Эңкейиш бурчу 30

градустан аз казмалардын орнотмолорунда тормоздун статикалык ишенимдүүлүгүнүн запастык коэффициенти (K= Мторм./Мстат.) төмөнкүдөн кем болбоого тийиш:

1,8 - казманын эңкейиш бурчу 5-15 градус болгондо;

2,0 - казманын эңкейиш бурчу 20 градус болгондо;

2,6 - казманын эңкейиш бурчу 25 градус болгондо;

3,0 - казманын эңкейиш бурчу 30 градус болгондо. Аралык эңкейиш бурчтары үчүн коэффициенттин мааниси сызыктуу интерполяция жолу менен аныкталат. Өткөөл лебедкаларында жана куткаруучу тепкичтер үчүн лебедкаларда (аркандын кыймыл ылдамдыгы 0,35 м/с чейин) маневрдик жана сактагыч тормоз тарабынан өз-өзүнчө түзүлгөн тормоздук момент лебедканын барабанындагы жүктүн эң чоң статикалык моментине карата 2 эседен кем болбоого тийиш.

6.8.77. Терендиги 20 м ашкан ар бир чалгындоо шахтасынын жана шурфунун көтөрүүчү орнотмосу сигналдарды берүү үчүн механикалык же электрдик түзүлүш, ошондой эле стволду текшерүүдө жана оңдоодо колдонулуучу оңдоо сигнализациясы менен жабдылууга тийиш. Оңдоо сигнализациясы катары көтөрүүчү машинанын машинисти менен көтөрүүчү идиштин ортосундагы байланыш үчүн зымсыз байланыш каражаттарын колдонууга жол берилет. Стволду жана көтөрүүчү идиштерди текшерүүдө жана оңдоодо оңдоо сигнализациясын гана колдонууга уруксат берилет. Жүк-адам ташуучу көтөрүүчү орнотмолордо чалгындоо шахталарында жумушчу жана оңдоо сигнализациясынан тышкары резервдик сигнализация болууга тийиш. Резервдик сигнализация катары көтөрүүчү машинанын машинисти, стволчу жана туткачы-сигналчынын ортосунда жогорку жыштыктагы байланышты, ал эми өткөөл көтөрүүчү орнотмолордо оңдоо сигнализациясын колдонууга жол берилет. Жумушчу жана резервдик сигнализациялар өзүнчө (ар башка булактардан) азыктанып, стволдо төшөлгөн ар башка кабелдер аркылуу жүзөгө ашырылууга тийиш.

6.8.78. Клетьтен үн менен же түтүк өткөргүчкө жана башка буюмдарга уруу менен сигнал берүүгө тыюу салынат. Эгерде көтөрүүчү орнотмо бир нече горизонтту тейлесе, анда учурда кайсы горизонттон сигнал берилгенин көрсөтүүчү түзүлүш, ошондой эле башка пункттардан жумушчу сигналдардын келишин тоскон түзүлүш болууга тийиш. Сигнализациянын схемасы каалаган горизонттон түздөн-түз машинистке "Токто" сигналын берүү мүмкүнчүлүгүн кароого тийиш. Сигналдар горизонттогу стволчудан (шахтанын стволун забойдон же текчеден өткөөлдөөдө) туткачы-сигналчыга жана туткачы-сигналчыдан көтөрүүчү машинанын машинистине, ал эми стволду текшерүүдө же оңдоодо стволдун каалаган жеринен берилүүгө тийиш. Горизонттон же шахтанын забойунан (текчеден) туткачы-сигналчыны айланып өтүп, түздөн-түз машинистке сигнал берүүгө тыюу салынат. Көрсөтүлгөн тыюу төмөнкүлөргө жайылтылбайт: а) туткачыдан уруксат берүүчү сигнал алганга чейин машинаны иштетүүнү тоскон блокировкасы бар сигналдык түзүлүштөргө; б) скиптик көтөрүүчү орнотмолорго; в) клетьтен сигнал берүүчү бир клетьтүү көтөрүүчү орнотмолорго. Шахтанын стволунун терендиги 40 м ашканда, туткачы-сигналчы менен стволчунун, ошондой эле көтөрүүчү машинанын машинисти менен туткачы-сигналчынын

ортосунда телефон байланышы орнотулууга тийиш. Сигналдардын маанилери жазылган таблица стволчунун, туткачы-сигналчынын жана машинисттин жумушчу орундарына илинүүгө тийиш. Ар бир түшүнүксүз сигнал "Токто" сигналы катары кабыл алынууга тийиш: көтөрүүчү машинанын ишин кайра жандандырууга машинист телефон аркылуу түшүнүксүз сигналдын себебин жеке өзү тактап, кайталап так сигнал алгандан кийин гана уруксат берилет.

6.8.79. Көтөрүүчү машинанын имаратында жумушчу жана көз карандысыз булактардан азыктанган авариялык жарыктандыруу болууга тийиш.

6.8.80. Экспедициянын (партиянын) башкы механиги же анын милдеттерин аткарган адам 15 күндө бир жолудан кем эмес, сактагыч тормоздун жана ашыра көтөрүүдөн коргоочу бардык өчүргүчтөрдүн туура иштешин жайлатылган ылдамдыкта идиштерди жасалма ашыра көтөрүү жолу менен текшерүү жүргүзүүгө тийиш. Текшерүүнүн натыйжалары "Көтөрүүчү орнотмону текшерүү журналына" жазылат (7-тиркемени караңыз).

6.8.81. Эксплуатацияга киргизердин алдында жана андан кийин жылына бир жолу адистештирилген жөндөөчү бригада "Шахталык көтөрүүчү орнотмолорду ревизиялоо, жөндөө жана сыноо боюнча колдонмодо" каралган көлөмдө шахталык көтөрүүчү орнотмону ревизиялоодон жана жөндөөдөн өткөрүүгө тийиш. Эксплуатацияга жаңыдан киргизилип жаткан тормоздук түзүлүштөрдү жана валдарды ревизиялоодо алардын дефектоскопиясын жүргүзүү зарыл. Андан кийин дефектоскопия 4 жылда бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз жүргүзүлүүгө тийиш. Көтөрүүчү орнотмону ревизиялоодон жана жөндөөдөн кийин чалгындоо шахтасынын (партиянын, экспедициянын) башкы механиги жана жөндөөчү бригаданын өкүлү орнотмону контролдук сыноодон өткөрүп, экспедициянын башкы инженери тарабынан бекитилген протокол түзүшөт. Ревизиялоодон жана жөндөөдөн 6 ай өткөндөн кийин көтөрүүчү машина (шурф өткөөлдөөчү орнотмо) экспедициянын (бирикменин) башкы инженери тарабынан дайындалган комиссия тарабынан техникалык кароодон жана сыноодон өткөрүлүүгө тийиш. Техникалык кароонун жана сыноонун көлөмү "Эксплуатациялык жана өткөөл көтөрүүчү орнотмолорду техникалык кароо жана сыноо боюнча нускама" менен аныкталат. Кароонун натыйжалары акт менен таризделет.

6.8.82. Жылына бир жолудан кем эмес партиянын (экспедициянын) маркшейдери шахталык көтөргүчтүн багыттоочу шкивдеринин туура орнотулушун, алардын канатчаларынын ортоңку тегиздигинин тиктигин жана айлануу окторунун горизонталдуулугун инструменталдык текшерүүдөн өткөрүүгө тийиш.

6.8.83. Сменаны кабыл алган шахталык көтөрүүчү орнотмонун машинисти машинанын оң абалда экендигине ынанып, адамдарды түшүрүүнүн жана көтөрүүнүн алдында көтөрүүчү идиштерди алдын ала бош жүргүзүп көрүүгө тийиш. Көтөрүүчү машинаны текшерүүнүн бардык натыйжалары, анын ичинде байкалган бузуктуктар жөнүндө маалыматтар, машинист тарабынан "Көтөрүүчү машинанын машинисттери тарабынан сменаларды кабыл алуу жана тапшыруу журналына" жазылууга тийиш (9-тиркемени караңыз). Көтөрүүчү машинанын бардык байкалган бузуктуктары жөнүндө машинист шахтанын (партиянын, экспедициянын) башкы механигине билдирүүгө милдеттүү.

6.8.84. Ар бир шахталык көтөрүүчү орнотмонун жанында төмөнкү документтер болууга тийиш:

а) көтөрүүчү орнотмону текшерүү журналы, көтөрүүчү машинанын машинисттери тарабынан сменаларды кабыл алуу жана тапшыруу журналы, көтөрүүчү аркандарды жана алардын чыгымын текшерүү журналы;

б) көтөрүүчү машинанын жана редуктордун паспорту;

в) негизги өлчөмдөрү көрсөтүлгөн тормоздук түзүлүштүн деталдуу схемасы;

г) принципиалдуу аткаруучу электрдик схема;

д) көзөмөлдөнүүчү өлчөмдөрү бар көтөрүүчү идиштин парашюттук түзүлүшүнүн схемасы;

е) машинист үчүн нускама (көтөрүүчү орнотмону эксплуатациялоо боюнча);

ж) партиянын (экспедициянын) башкы инженери тарабынан бекитилген, көтөрүүчү орнотмонун элементтерин ар суткалык текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн убактысы көрсөтүлгөн көтөргүчтүн иштөө графиги.

Тормоздук түзүлүштүн схемасы, электрдик схемалар, парашюттук түзүлүштүн схемасы жана машинист үчүн нускама машиналык жайда илинип турууга тийиш.

**6.9. Суу сордуруу**

6.9.1. Чалгындоо шахталарынын жана шурфтарынын башкы суу сордуруу орнотмолору шахталарда эки жана андан ашык казмадан турган, алардын бири стволдун зумпфу болушу мүмкүн болгон, ал эми шурфтарда бир казмадан (зумпфтан) турган суу жыйнагычтарга ээ болууга тийиш. Шахтанын стволунун суу жыйнагычынын сыйымдуулугу 4 сааттык нормалдуу суу агымына, ал эми шурфтуку 2 сааттык агымга эсептелүүгө тийиш. Суу жыйнагычтар системалуу түрдө тазаланып турууга тийиш. Суу жыйнагычтын анын көлөмүнүн 30% ашык булганышына жол берилбейт.

6.9.2. Бир насостун өндүрүмдүүлүгү келип түшкөн сууну сордуруп чыгарууну камсыз кылган чалгындоо шахталарынын башкы суу сордуруу орнотмолору, агымдын чоңдугуна жараша: 50 $м^3$/саатка чейин эки насос (жумушчу жана резервдик), 50 $м^3$/сааттан ашык үч насос (жумушчу, резервдик жана оңдоодогу) менен жабдылууга тийиш. Бир насостун өндүрүмдүүлүгүнөн ашкан суу агымы бар шахталар үчүн резервдик жана оңдоодогу насостордун саны 3-таблицанын маалыматтарына ылайык кабыл алынат.

Таблица 3

Суу сордуруу орнотмолорунун насосторунун катышы

Насостордун саны

| жумушчу | резервдик | Оңдоодо | жалпы |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | 1 | 1 | 4 |
| 3 | 1 | 1 | 5 |
| + | + | + | + |

6.9.3. Башкы суу сордуруу орнотмолорунун жумушчу насосторунун суммардык өндүрүмдүүлүгү суткалык нормалдуу агындыны 20 сааттан ашпаган убакытта сордуруп чыгарууну камсыз кылууга тийиш.

6.9.4. Шахтанын суу сордуруу орнотмосу экиден кем эмес суу сордуруучу түтүк өткөргүч менен жабдылууга тийиш, алардын бири резервдик болуп саналат. Түтүк өткөргүчтөр насостук орнотмонун толук өндүрүмдүүлүгүнө эсептелүүгө тийиш. Суунун агымы 20 м3/саатка чейин болгондо жана шахтанын же шурфтун стволунан өткөөлдөнгөн горизонталдуу тоо-кен чалгындоо казмаларынын узундугу 100 м ашпаганда, шахтанын (шурфтун) стволуна бир суу сордуруучу түтүк өткөргүч орнотууга жол берилет.

6.9.5. Насостук камерадагы басым берүүчү түтүк өткөргүчтөр шакектелип, насостук агрегаттарды каалаган түтүк өткөргүчкө которууга мүмкүндүк берген жылдырмалар менен жабдылууга тийиш.

6.9.6. Бир насостун өндүрүмдүүлүгү келип түшкөн сууну сордуруп чыгарууну камсыз кылган чалгындоо шахталарынын жана шурфтарынын стволдорун өткөөлдөөдөгү суу сордуруу орнотмолору эки асма насоско (жумушчу жана резервдик) ээ болууга тийиш. Бир насостун өндүрүмдүүлүгүнөн ашкан суу агымы бар стволдорду жана шурфтарды өткөөлдөөдө иште эки насос, резервде бир насос болууга тийиш. Резервдик насос бардык учурларда шахтанын же шурфтун стволунун оозуна жакын бетте болууга тийиш. Өткөөл суу сордуруу орнотмолорунун жумушчу насосторунун суммардык өндүрүмдүүлүгү күтүлүп жаткан максималдуу суу агымынан 1,5-2 эсе көп болууга тийиш.

6.9.7. Стволдорду өткөөлдөөдө аралык насостук камералар стволго туурасы 2,5 м кем эмес жана бийиктиги 2,2 м болгон чыгууга ээ болууга тийиш. Камерага кирүүчү жер бекем тор тосмо менен жабылууга тийиш.

6.9.8. Шахтанын башкы суу сордуруу орнотмосу жумасына бир жолудан кем эмес шахтанын башкы (улук) механиги же анын милдеттерин аткарган адам тарабынан текшерилүүгө тийиш. Текшерүүнүн натыйжалары "Эмгекти коргоонун абалын текшерүү журналында" белгиленет (1-тиркемени караңыз). Калган суу сордуруу орнотмолору суткасына бир жолудан кем эмес шахтанын башкы (улук) механиги тарабынан дайындалган адамдар тарабынан текшерилүүгө тийиш.

6.9.9. Агымы 3 м3/саатка чейинки шахталардын стволдорунан жана агымы 0,2-0,3 м3/саатка чейинки шурфтардан сууну өткөөл бадьялары менен чыгарууга уруксат

берилет. Бадьядагы суунун деңгээли бадьянын кырынан 10 см кем эмес төмөн болууга тийиш.

6.9.10. Шахта сууларын горизонталдуу казмаларда чыгаруу үчүн казманын оозу же шахтанын (шурфтун) стволу тарапка эңкейиши бар суу агызгыч арыктарды куруу зарыл. Адамдар өтүүчү тарапта өткөөлдөнгөн арыктар бекем төшөлмөлөр менен жабылууга тийиш.

6.9.11. Тоо-кен казмаларынан бетке чыгарылган суу жарым жылда бир жолудан кем эмес физикалык-химиялык жана бактериологиялык талдоодон өткөрүлүүгө тийиш. Жер астындагы казмалардын суусунда зыяндуу кошулмалар табылган учурда, Мамлекеттик санинспекция органдары менен макулдашылган, шахта суусун тазалоону жана зыянсыздандырууну камсыз кылган иш-чаралар жүзөгө ашырылууга тийиш.

**6.10. Тоо-кен казмаларына суунун жана газдын жарып кирүү коркунучун алдын алуу**

6.10.1. Жер астындагы тоо-кен казмаларын күтүлүп жаткан газдуу же суулуу катмардын жайгашуу зонасынын багытында өткөөлдөө, коопсуздук чараларын жана алдын ала бургулоочу скважинаны милдеттүү түрдө бургулоону караган атайын долбоор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

6.10.2. Жер астындагы иштерди эски суу каптаган тоо-кен казмаларынын, суу сактагычтардын (дарыялар, көлмөлөр, көлдөр) же эриген суулуу тектердин жанында жүргүзүү суунун жарып киришинен сактаган иш-чараларга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Суу сактагычтардын астындагы сактагыч целиктердин контурунун чегинде, суу толук агызылганга чейин казмаларды өткөөлдөөгө тыюу салынат. Суу каптаган тоо-кен казмаларынан сууну агызуу же суу сактагычтардан сууну буруу экспедициянын башкы инженери тарабынан бекитилген долбоор боюнча, буйрук менен дайындалган адамдын жетекчилиги астында жумушчулар тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш.

6.10.3. Суу каптаган тоо-кен казмаларына же суу сактагычтарга жакындап келе жаткан забойдо суунун жарып кирүүсүнүн мүмкүн болгон коркунучтуу белгилери ("тердөө" забой, тамчылоонун күчөшү, алдын ала бургуланган скважиналардан, шпурлардан суунун агымынын көбөйүшү ж.б.) пайда болгон учурда, адамдар забойдон жана суу каптоо коркунучу астында турган бардык казмалардан чыгарылууга тийиш; тоо-кен иштерин улантууда иштерди өндүрүүнүн коопсуздугун камсыз кылган зарыл чаралар ишке ашырылууга тийиш.

6.10.4. Суу каптаган тик жана жантайыңкы казмалардан сууну сордуруп чыгарууда алдын ала суунун күзгүсүнөн жогору абанын абалы текшерилүүгө тийиш. Абанын үлгүлөрүн талдоого алуу ЫАЧБ же ААЧБ кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылууга тийиш; үлгүлөрдү талдоо кычкылтектин, көмүр кычкыл газынын, суутектин, күкүрттүү суутектин жана метандын курамына жүргүзүлөт.

6.10.5. Тоо-кен казмаларында суу өткөрбөс тосмолорду курууда төмөнкү шарттар сакталууга тийиш: а) суу өткөрбөс тосмо орнотула турган участок, тосмо орнотулган жерден эки тарапка 15 м кем эмес узундукта бекем тектерде жайгашууга тийиш; б)

тосмону орнотуу бекитилген долбоор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш; в) ар бир тосмонун артында системалуу байкоо жүргүзүлүүгө тийиш.

6.10.6. Казмалар газдуу катмарга (кенге) жакындаганда, забойдун жанындагы абанын курамына ар смена сайын контроль уюштурулууга тийиш.

6.10.7. Беттеги казмалардын ооздору жер үстүндөгү суулар менен суу каптоодон корголууга тийиш.

**6.11. Жеке лампалар жана чырактар менен жарыктандыруу**

6.11.1. Адамдардын казмалар боюнча жүрүүсүнө, ошондой эле күйгүзүлбөгөн жеке чырагысыз иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

6.11.2. Ар бир штольняда, шахтада, шурфта жеке жарыктандыруу үчүн чырактардын саны жер астындагы эмгекчилердин тизмелик санынан 10% көп, бирок ар бир участокто экиден кем эмес чырак болууга тийиш. Ар бир чырак номер менен жабдылып, жумушчуга бекитилүүгө тийиш. Лампалар жана чырактар таза жана оң абалда берилүүгө тийиш. Айына бир жолудан кем эмес бүткүл лампа чарбасына контролдук текшерүү жүргүзүлүүгө тийиш. Текшерүүнүн натыйжалары акт менен таризделип, ал эми бузук чырактар (лампалар) колдонуудан алынып салынууга тийиш. Чыракты (лампаны) алып жатып, жумушчу анын оң экендигине жеке өзү ынанууга тийиш.

6.11.3. Жумушчуларга берилүүчү аккумулятордук чырактар 10 сааттан кем эмес нормалдуу үзгүлтүксүз күйүүнүн узактыгын камсыз кылууга тийиш.

6.11.4. Жер астындагы шарттарда иштегендердин саны 30 адамдан ашкан ар бир өндүрүштүк участокто чыраккана курулууга, ал эми азыраак санда болсо, аккумулятордук чырактарды заряддоону бул максаттар үчүн ылайыкташтырылган өзүнчө жайда жүргүзүүгө болот. Аккумулятордук чырактарды заряддоо күйбөс жабуусу бар жайларда жүргүзүлүүгө тийиш. Чыракканалардын жайлары сордуруу-үйлөтүүчү желдеткичке ээ болууга тийиш.

6.11.5. Чыракканаларда жана заряддоочу жайларда аккумулятордук чырактарды техникалык тейлөө, электролитти сактоо жана даярдоо үчүн орундар жабдылууга тийиш.

6.11.6. Чыракканалардын жайларында ачык отту колдонууга жана тамеки чегүүгө тыюу салынат.

**6.12. Телефон байланышы жана сигнализация**

6.12.1. Жер астындагы иштердин ар бир участогу (шахта, штольня, казмалар тобу) өндүрүштүк бөлүмдүн базасы (участок, партия ж.б.) менен ишенимдүү радио- же телефон байланышына ээ болууга тийиш. Жер астындагы казмаларда телефон байланышын куруу долбоор менен аныкталат.

6.12.2. Башкы суу сордуруунун насостук камераларында, желдеткич орнотмолорунун имараттарында, медпунктта, шахталык көтөргүчтүн имаратында, жер астындагы

подстанцияларда (бөлүштүрүүчү пунктта), дизелдик электр станцияларында беттеги телефон станциясы менен түздөн-түз байланышы бар телефондор орнотулууга, ал эми ал жок болгон учурда, беттеги телефон жумушчу персонал туруктуу жайгашкан жерде болууга тийиш.

6.12.3. Шахталардагы бардык жер астындагы телефон линиялары эки зымдуу болууга тийиш.

6.12.4. Жер астындагы телефон байланышынын жана сигнализациясынын аппаратурасын азыктандыруу 127 В жогору эмес (линиялык) чыңалууда жүргүзүлүүгө тийиш.

6.12.5. Шахталарда байланыш жана сигнализация линияларын төшөө казманын күч кабелдеринен бош тарабында, ал эми бул талапты аткаруу мүмкүн болбогон учурда, күч кабелдеринен 0,2 м кем эмес аралыкта жүргүзүлүүгө тийиш.

6.12.6. Тереңдиги 5 м чейинки казмаларда үн менен, тереңдиги 20 м чейинки казмаларда кол менен үн урма түзүлүшү менен сигнал берүүгө уруксат берилет (механикалаштырылган көтөрүүнү колдонуу учурларынан тышкары). Тереңдиги 20 м ашкан шурфтарда сигнализация долбоор менен каралууга тийиш.

6.12.7. Крандарды, экскаваторлорду, скреперлерди, электровоздорду, скрепердик лебедкаларды жана башка механизмдерди эксплуатациялоодо, мааниси бул объектте иштегендердин баарына белгилүү болгон сигналдар колдонулууга тийиш.

6.13. Тоо-кен-куткаруу кызматы, аварияларды жоюу планы

6.13.1. Жер астындагы тоо-кен чалгындоо казмалары (шахталар, штольнялар жана узундугу 100 мден ашкан рассечкалары бар шурфтар) өзүнчө мобилдик тоо-кен куткаруучу взводдор (ОМГСВ) же ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруучу командалар (ЫКТКК) тарабынан тейленүүгө тийиш (10-тиркемени караңыз).

6.13.2. ЫКТКК жер астындагы шарттарда эки жылдан кем эмес иш тажрыйбасы бар жана ден соолугунун абалы боюнча жарактуу жер астындагы жумушчулардын жана адистердин ичинен түзүлүүгө тийиш.

ЫКТККнын саны жер астындагы жумушчулардын санына жана жер астындагы казмаларды өткөрүүнүн көлөмүнө жараша белгиленет, бирок ар бир ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруу командасынын курамында 7 адамдан кем болбоого тийиш. ЫКТКК үчүн бошотулган (штаттык) инструктор каралууга тийиш.

ЫКТККнын жетекчиси болуп партиянын башкы инженери же тоо-кен иштеринин жетекчиси саналат (10-тиркемени караңыз).

6.13.3. ЫКТККнын бардык мүчөлөрү командага кабыл алынганда Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин тоо-кен куткаруу кызматында атайын программа боюнча окуу курсунан өтүүгө тийиш.

6.13.4. Ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен-куткаруучу командалар минималдуу жабдуулар табелине ылайык аппаратура жана жабдуулар менен жабдылып, куткаруу иштерин

жана машыгууларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдар, ошондой эле аппаратураны жана материалдарды сактоо үчүн жайлар менен камсыз болууга тийиш.

6.13.5. Бардык чалгындоо штольнялары, шахталары жана жалпы узундугу 100 м ашкан кесилиштери бар шурфтар үчүн "Чалгындоо штольняларында, шахталарда жана кесилиштери бар шурфтарда аварияларды жоюу пландарын түзүү боюнча нускамага" ылайык аварияны жоюу планы түзүлүүгө тийиш (11-тиркемени караңыз).

6.13.6. Аварияларды жоюу планы экспедициянын башкы инженери тарабынан бекитилип, өзүнчө мобилдик тоо-кен куткаруучу взвод (ОМГСВ) же ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруучу команда (ЫКТКК) менен макулдашылат жана ал менен чалгындоо штольнясынын же шахтасынын бардык жер астындагы жумушчулары жана техникалык персоналы кол коюу аркылуу тааныштырылууга тийиш.

7-БӨЛҮМ

СЫНАМЫК АЛУУ ИШТЕРИ

7.1. Жалпы жоболор

7.1.1. Тоо-кен казмаларында сынамыктарды алуу боюнча иштер ушул Эрежелердин 6 жана 7-бөлүмдөрүндө каралган бардык коопсуздук талаптарын сактоо менен аткарылууга тийиш.

7.1.2. Эксплуатациялык, чалгындоо жана кароосуз калган тоо-кен казмаларында, ошондой эле байытуу фабрикаларынын үймөктөрүндө сынамык алуу иштерин жүргүзүү, ишканада колдонулуучу коопсуздук эрежелерин сактоо менен, сынамык алынуучу участоктогу техникалык көзөмөл адамынын уруксаты менен жүргүзүлүүгө тийиш.

7.1.3. Казмаларда сынамыктарды алуу боюнча иштерди баштоонун алдында тоо-кен мастери (тоо-кен иштеринин жетекчиси) милдеттүү:

а) чатырдын, капталдардын туруктуулугун текшерип, асылып турган тектердин кесектерин алып салып, аларды коопсуз абалга келтирүүгө;

б) бекиткичтин, тепкичтердин жана текчелердин абалын текшерип, бар болгон бузуктуктарды жоюуга;

в) казмадагы абанын абалын текшерип, анда уулуу газдар табылганда желдетүү жүргүзүүгө;

г) сынамык алуу менен алектенген бардык жумушчуларды шарттуу сигнализация, баш калкалоочу жайлар, запастык чыгуулар, авария пландары ж.б. менен тааныштырууга.

**7.2. Сынамыктарды алуу**

7.2.1. Орточо жана жогорку бекемдиктеги тектердин жана кендердин сынамыктарын алууда жана кол менен иштетүүдө коргоочу көз айнектер колдонулууга тийиш.

7.2.2. Сынамыктарды түздөн-түз алуу жерлериндеги казмалардан өткөн күч жана жарыктандыруу кабелдери токтон ажыратылып, зарыл болсо, демонтаждалууга тийиш.

7.2.3. 2 м ашык бийиктикте сынамыктарды алуу тепкич жана кармагычтар менен жабдылган көпүрөчөлөрдөн, ал эми 1,3 м ашык бийиктикте мындан тышкары сактануучу курлар колдонулууга тийиш. Сынамыктарды алууга ошондой эле кармагычтары бар кыймылсыз же асма текчелерден (люлькалардан) уруксат берилет. Асма текчелер тормоздук түзүлүш менен жабдылган лебедканын арканына бекитилүүгө тийиш. Аркан, лебедканын жүк көтөрүмдүүлүгү жана лебедканын бекитүү түйүндөрү (якорлоо) жана лебедканын бекитүү түйүндөрү (якорлоо) толук жүктөлгөн асма текченин массасына карата 7,5 эседен кем эмес жүк көтөрүмдүүлүк жана бекемдик запасына ээ болууга тийиш.

7.2.4. Шпурдук стакандары бар забойдо сынамыктарды алуу зарыл болгондо, иштерди жүргүзүүгө уруксат техникалык көзөмөл адамы тарабынан берилүүгө тийиш.

Ачык тоо-кен казмаларын жана табигый жылаңачтанууларды сынамык алуу

7.2.5. Тик жантаймаларда өткөөлдөнгөн казмаларда сынамыктарды алууда жантаймадан жана казманын капталдарынан тек кесектеринин кулашынан коргоо боюнча чаралар (сактагыч тосмолор, коргоочу калкандар ж.б.) колдонулууга тийиш.

7.2.6. Бир уступта эки же андан ашык сынамык алуучу бир убакта иштегенде, алардын иш участокторунун ортосундагы аралык 1,5 м кем болбоого тийиш.

7.2.7. Сынамык алынуучу уступтардын үстүндө жайгашкан берманын четтери тектерден таза болууга тийиш. Чыгарылган текти казманын жогорку контурунан 0,5 м кем эмес аралыкта жайгаштыруу зарыл. Алынган сынамыктарды казмалардын бермаларына жана уступтарына коюуга тыюу салынат.

7.2.8. Таш кулоолорго дуушар болгон участоктордо, аскалуу жана карлуу карниздердин, аскалуу урандылардын астында, туруксуз капталдары жана асылып турган таш кесектери бар кууш капчыгайларда сынамыктарды алууга тыюу салынат.

7.2.9. Дарыя жана көл жээгиндеги жылаңачтанууларды суудан сынамык алууга, иштерди аткарууга тоскоол болбогон толкундануудa, якорго коюлган кайыктан же салдан гана уруксат берилет. Суунун деңгээлинен төмөн сынамык алууну аралыктан алууну жана чогултууну камсыз кылган шаймандарды, инструменттерди же механизмдерди колдонуу менен гана жүргүзүү керек.

**Жер астындагы тоо-кен казмаларын сынамык алуу**

7.2.10. Тереңдиги 1.5 м ашкан казмага түшүү трап же тепкич боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

7.2.11. Жер астындагы казмаларда сынамыктарды алууну жүргүзгөн адамдар түшүү-көтөрүүдө, казмалар боюнча жүрүүдө, жер астындагы шарттарда иштерди жүргүзүүдө тиешелүү коопсуздук эрежелерин билүүгө жана аткарууга тийиш.

7.2.12. Тик казмаларда сынамыктарды алууда тыюу салынат: а) дубалдарды жана забойду бир убакта сынамык алууга; б) бадьяларды көтөрүүгө жана түшүрүүгө; в) сынамык алуу боюнча иштер жүргүзүлүп жаткан жерден төмөн адамдардын болушуна.

7.2.13. Тыюу салынат: а) техникалык контролдун адамынын уруксатысыз казмалардын капталдарын жана чатырын ачуу үчүн бекиткичти ажыратууга; б) забойлордо жаракалар жана стакандар болгондо сынамык алууга.

7.2.14. Кен түшүргүч люктардын же гезенктердин жанында сынамыктарды алууда, акыркылары калкандар же тактайлар менен жабылууга тийиш.

7.2.15. Горизонталдуу казмаларда сынамыктарды алууда:

а) кол менен сынамыктарды алууда иштегендер бири-биринен 1,5 м кем эмес аралыкта болууга тийиш, механикалаштырылганда иштегендердин ортосундагы аралык колдонулуучу техникалык каражаттарды эксплуатациялоо боюнча нускама менен аныкталат;

б) ташып чыгаруучу казмаларда сынамыктарды алуу рельс жолу боюнча кыймыл жок болгондо же иштердин коопсуздугу боюнча зарыл чараларды көргөндө жүргүзүлүүгө тийиш.

Тыюу салынат:

а) чатырда сынамыктарды алууда сынамык алуучудан 2 м жакын турууга;

б) казмалардын забойлорунда өткөөл циклинин негизги операциялары (шпурларды бургулоо жана заряддоо, тектерди жыйноо) менен бирге сынамыктарды алууга.

**Үймөктөрдү сынамык алуу**

7.2.16. Үймөктөрдү сынамык алуу жерлеринде мүмкүн болгон урап түшүүлөрдөн сактануу чаралары көрүлүүгө тийиш.

7.2.17. Уулуу газдарды бөлүп чыгарган байытуу фабрикаларынын эфелдик талааларын жана үймөктөрүн сынамык алуу долбоорлор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Уулуу газ бөлүнүп чыккан шарттарда сынамык алуу менен алектенген бардык кызматкерлер тиешелүү жеке коргонуу каражаттары менен камсыз болуп, аларды колдонууга үйрөтүлүүгө тийиш.

7.2.18. Үймөктөрдүн жантаймаларында сынамыктарды алуу боюнча иштеп жаткандардын үстүндөгү асылып турган, кулап түшүү коркунучу бар тектердин кесектери жана келкилери алынып салынууга тийиш.

7.2.19. Үймөктөрдүн начар же жылып жаткан участоктору (сынамык алуу жеринен жогору, ошондой эле сынамык алуучулардын үймөк боюнча мүмкүн болгон жүрүү жерлеринде) же бекемделиши керек, же альпинисттик камсыздандыруу колдонулууга тийиш. Уюлма материалдын үймөктөрүнүн бетинде сынамыктарды алууда тактайлардан төшөлмөлөр курулууга тийиш.

7.2.20. Суу менен каныккан үймөктөрдү сынамык алуу долбоор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

7.2.21. Керндин (шламдын) сынамыктарын иштетүү атайын аянттарда (жайларда) жүргүзүлүүгө тийиш.

7.2.22. Керни бар ящиктердин штабелинин бийиктиги анын кулап түшүүдөн туруктуулугун камсыз кылууга тийиш.

7.2.23. Эгерде үзгүлтүксүз алуу колдонулуучу жабдуунун конструкциясында каралбаса, станок иштеп турганда колонкалык бургулоодо шламдын сынамык алгычын орнотууга жана алууга тыюу салынат.

Шурфтарды (дудкаларды) сынамык алуу

7.2.24. Тепкичтен иштөөдө сынамык алуучу ага сактануучу кур менен бекитилүүгө тийиш.

7.2.25. Туруксуз же жетишээрлик туруктуу эмес топурактардан монолиттерди забойдук секциянын терезелери аркылуу алууда, акыркысы кулпулоочу түзүлүштөрү бар капкактарга ээ болууга тийиш. Үлгүнү алгандан кийин капкактарды ачык калтырууга тыюу салынат.

**7.3. Сынамыктарды иштетүү**

7.3.1. Иштер стационардык мүнөздө болгондо, сынамыктарды иштетүү атайын жайларда (имараттарда) жүргүзүлүүгө тийиш. Иштер сезондук же убактылуу мүнөздө болгондо, сынамыктарды иштетүү атайын жабдылган ачык аянтчаларда, бастырмалардын астында, чатырларда жана жайларда (анын ичинде көчмө) жүргүзүлүшү мүмкүн, алардын пландаштырылышы жана жабдылышы, ошондой эле сынамыктарды иштетүүнүн технологиялык процесси эмгектин санитардык-гигиеналык шарттарын жана иштердин коопсуздугун камсыз кылууга тийиш.

7.3.2. Сынамыктарды механикалык иштетүү үчүн жайлар сордуруу-үйлөтүүчү желдеткич менен камсыз болууга тийиш.

7.3.3. Сынамыктарды кургатуу желдеткич менен жабдылган өзүнчө жайларда жүргүзүлүүгө тийиш.

7.3.4. Чаң пайда болуу очокторунун түздөн-түз үстүндө жеке сордуруучу же чаң жутуучу түзүлүштөрдү орнотуу зарыл.

7.3.5. Сынамыктарды кыскартуу үчүн орун жергиликтүү капталдан чаң соргуч менен жабдылууга тийиш.

7.3.6. Уулуу заттарды камтыган сынамыктар менен иштөө жана сынамыктарды уулуу заттар менен иштетүү үчүн сордуруучу желдеткич менен жабдылган тунук бокстор колдонулууга тийиш.

7.3.7. Сынамыктарды иштетүү үчүн жумушчу жай үзгүлтүксүз тазаланып турууга тийиш. Мында зарыл: а) полдорду күн сайын жууп туруу; б) дубалдарды, шыптарды, терезелерди жана жарыктандыруучу арматураны жумасына бир жолудан кем эмес нымдуу чүпүрөк менен сүртүп, ал эми айына бир жолудан кем эмес жууп туруу. Чаңды кургак тазалоого тыюу салынат.

7.3.8. Зыяндуу заттарды камтыган сынамыктарды иштетүү үчүн жайда сактоого тыюу салынат.

7.3.9. Сынамыктарды иштетүү үчүн жабдуулардын ортосундагы жана орнотмолор менен жайдын дубалдарынын ортосундагы өтмөктөр туурасы 1 м кем болбоого тийиш.

7.3.10. Сынамыктарды механикалык иштетүү үчүн жабдуулар бекем, дирилдөөнү басаңдатуучу негиздерде эксплуатацияланууга тийиш.

7.3.11. Сынамыктарды иштетүү үчүн жайлардагы электр өткөргүчтөр нымдуу жайлар үчүн электр өткөргүчтөргө коюлган талаптарга жооп бериши керек.

7.3.12. Майдалоо-ушатуу жабдууларында жумушчу түйүндөрдү тазалоо, түшүрүүчү жылчыктын туурасын жөндөө учурунда жана чаң кармоочу түзүлүштөр алынып салынганда алардын иштетилишин жокко чыгарган блокировкалоочу түзүлүш каралууга тийиш.

7.3.13. Таш кесүүчү (керн кесүүчү) станоктор тейлөөчү персоналды суу пульпасынан жана иштетилип жаткан тектердин сыныктарынан коргоо үчүн тунук экран менен жабдылууга тийиш.

7.3.14. Жер астындагы тоо-кен казмаларында сынамыктарды механикалык иштетүүгө тыюу салынат. Иштеп жаткан карьерлерде сынамыктарды иштетүүгө техникалык көзөмөл адамы тарабынан бул максаттар үчүн бөлүнгөн жерлерде гана жол берилет.

7.3.15. Чоң кесектери бар бир нече тонналык массадагы сынамыктарды иштетүү коргоочу борттор менен тосулган аянтчаларда жүргүзүлүүгө тийиш.

7.3.16. Сынамыктарды кол менен майдалоо жана ушатуу жабык ступаларда жана көз айнек менен гана жол берилет.

7.3.17. Майдаланган сынамыктарды кол менен электен өткөрүү тыгыз капкактар менен жабылган электерде жүргүзүлүүгө тийиш.

7.3.18. Сынамыктарды кол менен иштетүүдө жумушчулар бири-биринен 0,5 м кем эмес аралыкта жайгашууга тийиш.

**Сынамыктарды жуу**

7.3.19. Талаа шарттарындагы иштер күндүн жарык убагында жүргүзүлүүгө, же жумушчу орунда стационардык жарыктандыруу болууга тийиш.

7.3.20. Табигый суу агымдарында жана суу сактагычтарда сынамыктарды жууууга мүмкүн болгон урап түшүүлөр жана таш кулоолор, кооптуу босоголор, тыгындар, ылайлуу жана саздак жээктер болгон жерлерде тыюу салынат.

Метеорологиялык абал өзгөргөндө (күн күркүрөөсү, катуу нөшөр) суу каптай турган жана сел коркунучу бар суу агымдарында сынамыктарды жуу токтотулуп, бардык кызматкерлер коопсуз жерге кетүүгө тийиш.

7.3.21. Жыл бою иштөө режиминде байытуу орнотмосу атайын жабдылган жылытылуучу жайда (көчмө же стационардык) монтаждалууга тийиш. Жабдууларды жайга жайгаштыруу типтүү схемага ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

7.3.22. Көчмө байытуу орнотмолорун суу сактагычтардын музуна жайгаштырууда, колдонулуучу бардык жабдуулардын жана транспорттун музга болгон жалпы жүктөмүн, ошондой эле жылуу сууларды төккөндө муздун мүмкүн болгон начарлашын эске алуу менен, алдын ала муздун бекемдигин аныктоо зарыл.

7.3.23. Абанын терс температурасында сууну агызуу орнотмонун жумушчу зонасында муздун пайда болушун жокко чыгара тургандай жабдылууга тийиш.

7.3.24. Ысытканда зыяндуу газдарды жана сымап амальгамаларын (арсенопирит, галенит, пирит ж.б.) бөлүп чыгарган минералдарды камтыган концентраттарды жана сынамыктарды иштетүү продуктуларын кургатуу өзүнчө жайда, сордуруучу желдеткич менен жабдылган кургатуучу шкафтарда, мештерде жана башка түзүлүштөрдө жүргүзүлүүгө тийиш.

## 8-БӨЛҮМ

## ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ИШТЕР

8.1. Жалпы жоболор

8.1.1. Лабораториялардын имараттары жана жайлары өндүрүштүн зыяндуулугун жана өнөр жай ишканаларын куруу эрежелерин эске алуу менен жабдылып, "Өнөр жай ишканаларын долбоорлоонун санитардык ченемдерине" (СН 245-71) жооп бериши керек. Радиоактивдүү заттар жана башка иондоштуруучу нурлануунун булактары менен иштер жүргүзүлүүчү лабораториялардын имараттары жана жайлары ошондой эле "Радиоактивдүү заттар жана башка иондоштуруучу нурлануунун булактары менен иштөөнүн негизги санитардык эрежелерине (ОСП-72/87)" ылайык келүүгө тийиш. Радиоактивдүү заттар жана башка иондоштуруучу нурлануунун булактары менен бардык иштер ОСП-72/87 талаптарына ылайык аткарылууга тийиш.

8.1.2. Желдетүү системасы бузулган учурда, зыяндуу заттар, газдар жана буулар бөлүнүп чыккан сордуруучу шкафтардагы бардык иштерди дароо токтотуу керек.

8.1.3. Күйүүчү суюктуктар, күйүүчү чаң жана аба менен жарылуу коркунучу бар аралашмаларды түзгөн газдар менен иштер жүргүзүлүүчү лабораториялардын жайларында жарылуудан коопсуз аткарылыштагы электр жабдууларын колдонуу керек.

8.1.4. Зыяндуу заттарды камтыган агынды сууларды шаардык канализация тармагына агызууга, эгерде алар негизги суу массасы менен аралашкандан кийин алардын концентрациясы белгиленген ченемдерден ашпаса жана агындылардын биологиялык тазаланышына таасир этпесе, жол берилет. Цианиддик жана башка уулуу бирикмелерди камтыган агынды суулар алдын ала зыянсыздандырылууга тийиш. Агынды сууларды агызууга уруксатты жергиликтүү Мамлекеттик санинспекция органдары берет.

8.1.5. Зыяндуу газдардын (күкүрттүү суутек, цианисттүү суутек, мышьяктуу суутек ж.б.) бөлүнүп чыгышы менен химиялык реакциялар жүргөн агындыларды бириктирүүгө тыюу салынат.

8.1.6. Химиялык заттары бар идиштер тиешелүү этикеткалар менен болууга тийиш. Уулуу заттары бар банкаларда "Уу" деген жазуу болууга тийиш.

8.1.7. Химиялык идиштерди тамак-аш азыктарын сактоо жана тамак ичүү үчүн колдонууга тыюу салынат. Өндүрүштүк жайларда тамак-аш сактоого жана ичүүгө, ошондой эле тамеки чегүүгө тыюу салынат.

8.1.8. Оор суюктуктарды, кислоталарды, щелочторду жана башка жегич суюктуктарды пипеткаларга ооз менен сордурууга болбойт.

8.1.9. Уулуу газдар же сымап буулары бөлүнүп чыккан жайларда иштеген адамдар противогаздар менен камсыз болууга тийиш. Кислоталар жана щелочтор менен иштер жүргүзүлүүчү бардык лабораторияларда нөөмөтчү противогаз болууга тийиш.

8.1.10. Эритмени калыптарга куюучу жер кошумча соргуч менен жабдылып, ал эми коргошун эритмелерин купелирлөө сордуруучу шкафтарда гана, сордуруучу желдеткич иштеп турганда жүргүзүлүүгө тийиш.

8.1.11. Куюу үчүн металл калыптар тазаланып, кургак бор менен майланып, ысытылууга тийиш.

8.1.12. Жогорку басымдагы баллондор менен иштөөдө "Басым астында иштеген идиштерди орнотуу жана коопсуз эксплуатациялоо эрежелерин" жетекчиликке алуу керек.

8.1.13. Жумушчу орундарда сменалык нормадан ашкан көлөмдөгү кислоталарды, щелочторду жана күйүүчү суюктуктарды сактоого тыюу салынат.

**8.2. Жылмалоо иштери**

8.2.1. Жылмалоо устаканасынын жайына суу жана электр энергиясы тартылууга тийиш.

8.2.2. Ар бир жылмалоочу станок сордуруучу желдеткич менен камсыз болууга тийиш.

8.2.3. Сууда эрүүчү туздарды камтыган тоо тектерин жылмалоодо резина кол капсыз иштөөгө тыюу салынат. Иштетилген материал ылайыкташтырылган ванналарда жуулууга тийиш.

8.2.4. Шлифтерди даярдоодо тектерди цементациялоо, ошондой эле бальзамды кайнатуу сордуруучу шкафта, капкактары жабык абалда жүргүзүлөт.

8.2.5. Иштелген абразивдик материалды жуу, жайды тазалоо жана сордуруучу шкафтарды тазалоо резина кол каптар менен жүргүзүлүүгө тийиш.

**8.3. Химиялык-аналитикалык жана гидрохимиялык иштер**

8.3.1. Зыяндуу жана уулуу газдардын жана буулардын бөлүнүп чыгышы менен байланышкан иштер сордуруучу шкафтарда жүргүзүлүүгө тийиш. Сордуруучу шкафтардын эшиктериндеги абанын кыймылынын ылдамдыгы, капкактары жарымынан ашык эмес ачылганда (көтөрүлгөндө), 1,0 м/с кем болбоого тийиш.

8.3.2. I-IV класстагы коркунучтуу зыяндуу заттарды (ГОСТ 12.1.005-88) ажыратуу жүргүзүлүүчү жайлар үзгүлтүксүз иштөөчү сордуруу-үйлөтүүчү желдеткич менен камсыз болууга тийиш.

8.3.3. Оксиддерди суутек менен калыбына келтирүү менен байланышкан иштерди жүргүзүүдө, түтүктөрдү жана тигелдерди суутек алардан абаны толук чыгарып салгандан кийин гана ысытуу керек.

8.3.4. Кислоталарды, бромду, аммиакты, щелочтордун концентрацияланган эритмелерин жана башка жегич заттарды куюу, плавик кислотасы, уулар (цианиддик жана сымап туздары, мышьяк бирикмелери, бруцин, цинхонин, күкүрттүү көмүртек, ак фосфор ж.б.) менен иштөө, натрий пероксиди бар эритмелерди суу менен ажыратуу кислотага туруктуу атайын кийимде, резина кол каптарда, сактагыч көз айнектерде, ... сордуруучу шкафтарда.

8.3.5. Столго төгүлгөн эритилген натрий пероксидинин массасын дароо кум менен жабуу керек; суу менен жууганга тыюу салынат. Органикалык заттарды же көмүрдү камтыган кендерди натрий пероксиди менен эритүүгө тыюу салынат.

8.3.6. Күкүрттүү көмүртек, бензин жана башка отко кооптуу суюктуктар менен иштерди күйүп жаткан газ горелкаларынан жана ысытылган беттерден 5 м жакын аралыкта жүргүзүүгө тыюу салынат. Бул суюктуктар кокусунан төгүлүп кетсе, бардык горелкаларды дароо өчүрүп, электр жылыткыч приборлорду өчүрүү зарыл.

8.3.7. Бензин, эфир жана башка суу менен аралашпаган жеңил тутануучу суюктуктар тутанганда, аларды кум, көмүр кычкыл газдуу жана порошоктун өчүргүчтөр менен өчүрүү зарыл.

8.3.8. Жарылуу же жегич суюктуктардын чачырашы мүмкүн болгон иштерди сактагыч көз айнектер менен жүргүзүү зарыл.

8.3.9. "Падыша арагын" жука дубалдуу химиялык идиште 0,25 л ашык өлчөмдө даярдоого тыюу салынат.

8.3.10. Күкүрт кислотасын муздак сууга ичке агым менен куюп, үзгүлтүксүз аралаштыруу зарыл. Сууну күкүрт кислотасына куюуга тыюу салынат.

8.3.11. Натрий пероксидин темир капкактары бар темир идиштерде гана сактоо зарыл. Металл калийди, натрийди жана литийди ным камтыбаган керосинде, бул үчүн жабылуучу темир же кең ооздуу айнек банкаларды колдонуу менен сактоо зарыл.

8.3.12. Натрий пероксиди менен иштөөдө (аралаштыруу, салуу, таразага тартуу ж.б.) тутанып кетпеши үчүн кагазды жана жыгачтан же башка оңой кычкылдануучу материалдан жасалган буюмдарды (идиштер, шпателдер) колдонууга тыюу салынат.

8.3.13. Бардык кургак реактивдерди, өзгөчө щелочтуу металлдарды жана алардын гидроксиддерин (жегич щелочторду), пинцеттердин, фарфор кашыктардын, шпателдердин жардамы менен жана резина кол каптар менен алуу зарыл.

8.3.14. Бром, суутек пероксиди (пергидроль), фтордуу суутек кислотасы жана башка жегич суюктуктары бар идиштерди сордурууучу шкафта ачуу зарыл. Мында бром салынган идиш тазга же чөйчөккө салынышы керек.

8.3.15. Пиросульфат эритмесин даярдоодо, ысытуу жүргүзүлүп жаткан чөйчөктү сордурууучу шкафта бекем штативге орнотуу зарыл. Эритме толук муздаганга чейин чөйчөктөрдү штативден алууга тыюу салынат.

8.3.16. Уулар менен иш жүргүзүлгөн жерди иштен кийин кылдат жууп, зыянсыздандыруу зарыл.

8.3.17. Вакуумда иштөө үчүн арналган идиштер алдын ала сактагыч жыгач калпактардын астында вакуумдук насостун жардамы менен сыноодон өткөрүлүп, маркировкаланууга тийиш. Иштөө учурунда идиштерди тунук, сынбас материалдан жасалган кутуларга салуу керек.

**Металл сымап менен иштөө**

8.3.18. Сымап буулары бөлүнүп чыгышы мүмкүн болгон бардык өндүрүштүк жайлар нускамага ылайык жабдылууга тийиш (12-тиркемени караңыз).

8.3.19. Ачык беттери бар сымапты колдонуу менен байланышкан, ошондой эле сымап төгүлүшү мүмкүн болгон приборлор менен изилдөө иштерин жүргүзүү, сымап, анын бирикмелери жана сымап толтурулган приборлор менен иштерди жүргүзүү үчүн арналган өндүрүштүк жана лабораториялык жайларды долбоорлоонун, жабдуунун, эксплуатациялоонун жана кармоонун колдонуудагы санитардык эрежелерине (№ 780-69) жооп берген жайларда топтолушу керек.

8.3.20. Бууланган сымапты бөлүп чыгарган технологиялык жабдуулар алардын пайда болуу ордунда сымап бууларын кармоо үчүн соргучтар же агрегаттар менен жабдылууга тийиш.

8.3.21. Түтүк өткөргүчтөр эңкейишке, ал эми фланецтик туташуулар коргоочу кабыктарга ээ болууга тийиш.

8.3.22. Сымап кошулмаларын камтыган эритмелерди же аралашмаларды берүүчү борбордон четтөөчү насостордун сальниктеринин астына сымапка жана ташылуучу эритмелерге туруктуу материалдардан жасалган поддондор орнотулууга тийиш.

8.3.23. Сымап буулары бөлүнүп чыгышы мүмкүн болгон жайларга орнотулган электр кыймылдаткычтары нитроэмаль курамдары менен иштетилген, тыгыз, жылмакай формадагы металл кабыктар менен жабылууга тийиш. Кабыктын тигиштери алдын ала калайланууга тийиш.

8.3.24. Сымап-май насосторунан чыккан газ сымап бууларын жутуучу чыпкаларда тазаланууга тийиш.

8.3.25. Сымаптын бирикмелери менен булганган агынды суулар тазаланууга тийиш. Бул үчүн раковиналардын затворлорунда жана канализация тармагынын боюнда тузактар орнотулат.

8.3.26. Эшиктердин, өтмөктөрдүн, түштүккө же түштүк-батышка караган терезе тешиктеринин жанында, жылытуучу приборлордун жана ысытуучу беттердин жанында эмальданган поддондорго орнотулган сымап толтурулган приборлорду жайгаштырууга тыюу салынат. Сымап аппаратурасынын айнек бөлүктөрү тосмолорго ээ болууга тийиш.

8.3.27. Сымап менен иштөөдө калың дубалдуу химиялык идиштерди же сынбас айнектен жасалган идиштерди колдонуу зарыл.

8.3.28. Сымапка жылаңач кол менен тийүүгө же аны ооз менен сордурууга тыюу салынат. Ачык сымап менен манипуляцияларды (аны тазалоо, дистилляциялоо, приборлорду толтуруу ж.б.) хлорвинил же жука резина кол каптар менен, поддондун үстүндө, сордуруучу шкафтарда жана иштеп жаткан желдеткичте жүргүзүү зарыл. Кол каптарды кылдат жууп, андан кийин колдон чечүү керек.

8.3.29. Сымаптын запастарын кампаларда жана өндүрүштүк жайларда буралма пробкалары бар болот баллондордо же вакуумдук шыбак менен герметикалык пробкалары бар темир идиштерде, металл поддондордогу амортизациялык кутуларга орнотуп сактоо зарыл.

9.12.5. Бардык электр машиналары (аппараттар, трансформаторлор ж.б.) мезгил-мезгили менен, бирок айына 1 жолудан кем эмес каралууга тийиш; кароонун натыйжалары "Электр жабдууларын кароо журналына" (14-тиркемени караңыз) жазылат .

9.12.6. Коргоочу өчүрүү түзүлүшү (агып кетүү релеси) нөөмөттүн башталышынын алдында иштөөгө текшерилип, "Эмгекти коргоонун абалын текшерүү журналына" (1-тиркемени караңыз) жазылууга тийиш. Коргоочу өчүрүүнүн таасири астында тармакты өчүрүүнүн жалпы убактысы (127 жана 220 В тармактарынан жана заряддоо тармактарынан тышкары) атайын приборлордун жардамы менен 6 айда 1 жолудан кем эмес жана электр жабдууларын кайра жайгаштырууда текшерилип турушу керек.

9.12.7. Нөөмөттүн башында ийкемдүү кабелдер каралып, бузулган кабелдер дароо өчүрүлүүгө тийиш.

9.12.8. Электр түзүлүштөрүндөгү коргоонун бардык түрлөрү орнотуудан мурун жана эксплуатациялоо процессинде ПУЭ, ПТЭ жана ПТБ талаптарынын, ошондой эле заводдук нускамалардын мөөнөттөрүндө жана көлөмдөрүндө текшерүүдөн өткөрүлүүгө тийиш.

9.12.9. Аба электр берүү линияларын кароо жана ревизиялоо алардын тибине жана жергиликтүү жаратылыш шарттарына жараша экспедициянын (партиянын) башкы инженери тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө, бирок ПТЭ жана ПТБда каралгандан кем эмес жүргүзүлөт.

9.12.10. Электр чарбасына жооптуу адамда төмөнкүдөй оперативдүү негизги документация болууга тийиш: а) электр энергиясынын бардык керектөөчүлөрүн электр менен камсыздоонун бир линиялуу электр схемасы;

б) ыкчам журналы;

в) персоналдын билимин текшерүү журналы;

г) электр жабдууларын кароо журналы;

д) жерге туташтыруучу түзүлүштөрдүн каршылыгын өлчөө журналы жана жерге туташтыруучу түзүлүштөрдүн паспорттору;

е) коргоо каражаттарын текшерүүнү эсепке алуу журналы;

ж) өндүрүштүк нускаманы эсепке алуу журналы.

## 10-БӨЛҮМ
## ТРАНСПОРТ

10.1. Жалпы жоболор

10.1.1. Транспорт каражаттарын эксплуатациялоодо, адамдарды жана жүктөрдү ташууда колдонуудагы "Жол кыймылынын эрежелеринин", "Автомобиль транспортундагы эмгекти коргоо эрежелеринин", "Жарылуучу материалдарды автомобиль транспорту менен ташуу эрежелеринин", "Дарыя флотунун кемелериндеги коопсуздук эрежелеринин", "Чакан кемелерди навигациялык-техникалык көзөмөлдөө эрежелеринин", ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында өкмөттөр аралык макулдашуулар боюнча колдонулган КМШнын ченемдик документтеринин талаптары аткарылууга тийиш.

10.1.2. Геологиялык-чалгындоо иштеринде колдонулуучу транспорт каражаттарынын техникалык абалы жана жабдылышы тиешелүү стандарттардын, техникалык эксплуатациялоо эрежелеринин, завод-даярдоочулардын эксплуатациялоо боюнча нускамаларынын жана каттоо документтеринин талаптарына жооп бериши керек.

10.1.3. Транспорт каражаттарын кайра жабдуу тиешелүү көзөмөл органдары менен макулдашылышы керек.

10.1.4. Эксплуатациялоо башталганга чейин бардык транспорт каражаттары белгиленген тартипте катталууга (кайра катталууга) жана ведомстволук жана Мамлекеттик (талап кылынган жерде) техникалык кароодон өткөрүлүүгө тийиш. Техникалык кароодон өтпөгөн транспорт каражаттарын эксплуатациялоого тыюу салынат.

10.1.5. Транспорт каражаттарын башкарууга ишкана боюнча буйрук менен коопсуздук техникасы жана кыймылдын коопсуздугу боюнча нускамалардан жана белгиленген тартипте стажировкадан өткөндөн кийин, атайын окуудан өткөн, тиешелүү транспорт түрүн башкаруу укугуна ээ күбөлүгү бар, белгиленген формадагы медициналык мекеменин ушул категориядагы транспорт каражаттарын башкарууга жарактуулугу жөнүндө мөөнөтү өтпөгөн маалымкаты бар адамдарга уруксат берилет.

10.1.6. Транспорт каражаттарынын техникалык абалына жана эксплуатацияланышына, аларды линияга чыгарууга, адамдарды жана жүктөрдү ташуунун коопсуздугуна, жүктөө-түшүрүү иштерин жүргүзүүгө жооптуу адамдарды дайындоо ар бир бөлүм боюнча ишкананын буйругу менен таризделет.

10.1.7. Талаа бөлүмдөрүндө транспорт каражаттарынын сакталышы үчүн шарттар түзүлүшү керек, алар уурдоону жана аларды өзүм билемдик менен пайдаланууну жокко чыгарат.

10.1.8. Айдоочуну узактыгы жумушчу нөөмөттөн ашкан алыскы рейске жөнөткөндө, жол баракчасында иш (кыймыл) режими жана айдоочунун эс алуу пункттары көрсөтүлүүгө тийиш.

Эскертүү: "алыскы рейс" категориясы жергиликтүү шарттардан, рейстин узактыгынан жана аралыгынан улам ишкананын жетекчисинин буйругу менен белгиленет.

10.1.9. Эки же андан ашык транспорт каражатын бир пунктка жөнөткөндө, адистердин же айдоочулардын ичинен буйрук менен улук дайындалышы керек, анын көрсөтмөлөрү колоннанын (топтун) бардык айдоочулары үчүн милдеттүү.

10.1.10. Тыюу салынат: а) токтоп турганда иштеп жаткан кыймылдаткычы бар автомобилдин (чынжыр тамандуу транспорттун) кабинасында же жабык кузовунда эс алууга же уктоого;

б) эгерде автомобилдин, трактордун дөңгөлөктөрүнөн эңкейиштин жээгине чейинки аралык 1 мден аз болсо, үймөктүн, уступтун же жардын боюнда жүрүүгө.

10.1.11. Ишкананын аймагында (базалар, кампалар ж.б.) жүрүү үчүн "Автомобиль транспортундагы эмгекти коргоо эрежелерине" ылайык транспорт каражаттарынын кыймылынын схемалык планы түзүлүүгө тийиш. Бул план бардык иштегендердин назарына жеткирилет жана аймактагы жана өндүрүштүк жайлардагы бир нече жерге илинет . Ишкананын аймагында транспорт каражаттарынын кыймылынын ылдамдыгы 10 км/сааттан, ал эми өндүрүштүк жайларда - 5 км/сааттан ашпоого тийиш.

10.1.12. Жарылуучу материалдарды, радиоактивдүү, күчтүү таасир этүүчү уулуу, тез тутануучу жана башка кооптуу жүктөрдү атайын эрежелерге жана нускамаларга ылайык ташууга уруксат берилет.

10.1.13. Ири габариттүү жүктөрдү (бургулоо орнотмосун, блокторду, мачталарды) сүйрөтүп ташуу алдын ала даярдалган трасса боюнча жана жооптуу адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш.

**Адамдарды ташуу**

10.1.14. Адамдарды, эреже катары, автобустарда ташуу керек. Өзгөчө учурларда, адамдарды жүк ташуучу борттук автомобилдердин жана чынжыр тамандуу тарткычтардын, транспортерлордун кузовдорунда, ошондой эле бул максаттар үчүн жабдылган трактордук чаналарда ташууга уруксат берилет. Адамдарды бул максат үчүн атайын арналган транспорт каражаттарында (вахталык транспорт) ташуу "Адамдарды вахталык транспорт менен коопсуз ташуу боюнча нускамага" ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Партиялардын технологиялык персоналын атайын транспорт каражаттарында (каротаждык көтөргүчтөр, ороочу жана генератордук станциялар, жарылуучу пункттун станциялары ж.б.) ташууга, отуруу үчүн жабдылган орундардын санына жана жабдуунун техникалык мүнөздөмөсүндө көрсөтүлгөн санга ылайык уруксат берилет. Адамдарды трактордук чиркегичтерде ташууга тракторду башкаруу укугуна ээ күбөлүгү бар, айдоочу катары үзгүлтүксүз иштеген стажы үч жылдан кем эмес жана адамдарды коопсуз ташуу боюнча нускамадан өткөн тракторист-машинисттерге уруксат берилет. Трактористти адамдарды ташууга уруксат берүү буйрук менен тариздел үүгө тийиш .

10.1.15. Адамдарды ташуу үчүн трактордук чаналар оң абалда, отургучтар менен жабдылган жана төмөнкүлөргө ээ болууга тийиш: а) бийиктиги 1,5 м кем эмес, калыңдыгы 3 мм кем эмес металл алдыңкы борту;

б) бийиктиги 70 см кем эмес, калыңдыгы 25 мм кем эмес тактайлардан жасалган калган борттору (арткы борту ачылма болушу керек);

в) калыңдыгы 40 мм кем эмес тыгыз төшөлгөн тактайлардан жасалган полдун төшөлмөсү;

г) тракторист менен чиркегичтеги адамдардын ортосундагы сигнализация.

10.1.16. Адамдарды ташууда чынжыр тамандуу тарткычтар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек: а) кузов-платформа тентти бекитүү үчүн жаалар менен жабдылышы керек;

б) арткы борту адамдардын ыңгайлуу отуруп-түшүүсү үчүн тепкич менен камсыз кылынышы керек;

в) кузовдун борттору, анын ичинде арткысы да, отургучтардан 45-50 см бийиктиктеги бекем кармагычтар (жөлөнгүчтөр) менен жабдылышы керек;

г) кузов жарыктандыруу жана айдоочу менен байланышуу үчүн сигнализация менен камсыздалышы керек.

10.1.17. Айдоочу кыймылды, адамдарды ташуунун коопсуздук шарттары камсыздалганына ынангандан кийин, салондо (кузовдо, чиркегичте) турган улуктан жөнөөгө сигнал алгандан кийин гана башташы керек.

**Жүктөө-түшүрүү иштери**

10.1.18. Жүктөө-түшүрүү иштери жооптуу адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш.

10.1.19. Жүктөө-түшүрүү иштери колдонуудагы стандарттардын (ГОСТ 12.3.009-76, ГОСТ 12.4.026-2015) талаптарына ылайык аткарылууга тийиш.

10.1.20. Автомобиль, суу, темир жол, авиация транспортунда жүктөрдү жүктөө жана түшүрүү, ушул транспорт түрлөрүндө жүктөө-түшүрүү иштерин жүргүзүүдө коопсуздук техникасы боюнча колдонуудагы эрежелерге жана нускамаларга ылайык аткарылууга тийиш.

10.1.21. Механикалык жүк көтөрүүчү крандар менен жүктөрдү жүктөөдө жана түшүрүүдө "Жүк көтөрүүчү крандарды орнотуу жана коопсуз эксплуатациялоо эрежелери" жана "Өзү жүрүүчү жана көчмө крандар жана автожүктөгүчтөр менен жүктөрдү жылдыруу боюнча иштерди коопсуз жүргүзүү боюнча нускама" аткарылууга тийиш.

10.1.22. Жүктөө-түшүрүү аянтчасында аткарылып жаткан ишке түздөн-түз тиешеси жок адамдардын болушуна тыюу салынат.

10.1.23. Томолотмолорду колдонууда төмөнкү шарттар сакталышы керек: а) томолотмолордун ортосундагы аралык түтүктөр же дөңгөчтөр алардан 1 м ашык чыкпагандай болушу керек; б) томолотмолордо түтүктөрдүн же дөңгөчтөрдүн артка жылып кетүүсүн алдын алуучу түзүлүш каралышы керек; в) кол менен томолотмолор аркылуу жылдырылуучу узун ченемдүү жүктүн массасы 500 кг ашпоого тийиш; г) иштегендер томолотмолордун ортосунда болбошу керек.

Оордуктарды ташуу

10.1.24. Тегиз жана горизонталдуу бетте кол менен оордуктарды ташууда чектик норма төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

16 жаштан 18 жашка чейинки кыз өспүрүмдөр үчүн - 5 кг;

16 жаштан 18 жашка чейинки эркек өспүрүмдөр үчүн - 10 кг;

18 жаштан жогорку аялдар үчүн - 7 кг;

18 жаштан жогорку эркектер үчүн - 30 кг. Жантайыңкы траптар жана тепкичтер боюнча массасы 30 кг чейинки жүктөрдү тигинен 3 м ашпаган бийиктикке көтөрүүгө уруксат берилет. Массасы 30 кгдан ашкан жүктөрдү жана узун ченемдүү жүктөрдү (рельстер, устундар ж.б.) көтөрүү жана жылдыруу үчүн механизмдер жана шаймандар колдонулушу керек.

10.1.25. Кысылган газы бар баллондорду, ошондой эле кислоталарды, щелочторду айнек идиштерде атайын шаймандарсыз (замбилдер, туткасы бар идиштер, арабалар ж.б.) кол менен ташууга тыюу салынат.

10.1.26. Маршрутта жүк ташууда эркектер үчүн жол берилген жүк 25 кгдан, аялдар үчүн 7 кгдан, бийик тоолуу райондордо тиешелүү түрдө 16 жана 15 кгдан ашпоого тийиш.

10.1.27. Аялдар үчүн кол менен оордуктарды көтөрүүдө жана жылдырууда жол берилген чектик жүктөмдөр (нормалар) төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

башка иш менен кезектештирип оордуктарды көтөрүүдө жана жылдырууда (саатына 2 жолуга чейин) - 10 кг;

жумушчу нөөмөт учурунда дайыма оордуктарды көтөрүүдө жана жылдырууда - 7 кг. Аял тарабынан жумушчу нөөмөттүн ар бир саатында аткарылган динамикалык иштин чоңдугу төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

жумушчу бетинен - 1750 кгм;

полдон - 875 кгм. Эскертүүлөр:

Көтөрүлүүчү жана жылдырылуучу жүктүн массасына идиштин жана таңгактын массасы кирет.

Жүктөрдү арабаларда же контейнерлерде жылдырууда жумшалуучу күч 10 кгдан ашпоого тийиш.

**10.2. Автомобиль транспорту**

10.2.1. Кооптуу жүктөрдү ташууга арналган автомобилдер "Автомобиль транспорту менен кооптуу жүктөрдү ташуунун коопсуздугун камсыздоо боюнча нускаманын" талаптарына ылайык жабдылышы керек.

10.2.2. Күйүүчү суюктуктарды цистерналарда жана башка жабык металл идиштерде гана ташууга уруксат берилет; башка идиштерде (бөтөлкөлөрдө, чакаларда ж.б.) күйүүчү суюктуктарды ташууга тыюу салынат. Күйүүчү суюктуктарды ташыган автомобилдерде ташууларды тейлөөгө байланышпаган адамдардын болушуна тыюу салынат.

10.2.3. Жегич суюктуктарды айнек идиште ташуу атайын идиште жүргүзүлүүгө тийиш.

10.2.4. Автомобиль-самосвал жана чиркегич-самосвал көтөрүлгөн кузовдун өзүнөн-өзү түшүүсүн алдын алуучу керектүү бекемдиктеги таяныч шаймандарына (рама менен шарнирдик бекитилген штанга) ээ болууга тийиш. Бортторунда өчпөс боёк менен "Көтөрүлгөн кузовдо таянычсыз иштебе!" деген жазуу болушу керек.

10.2.5. Узун ченемдүү жүктөрдү ташууга арналган автомобилдер, чиркегичтер жана жарым чиркегичтер ачылма тирөөчтөр жана калканчтар менен жабдылышы керек (акыркылары кабина менен жүктүн ортосуна орнотулат), автомобилдин жүксүз кыймылында бул айлантмаларды бекитүү үчүн шаймандары бар айлантма тегеректерге,

ошондой эле артка жүрүүдө чиркегичтин бурулушун алдын алуучу стопорлорго ээ болууга тийиш.

10.2.6. Борттук чиркегичтердин платформалары автомобилдин жүк платформаларына коюлуучу талаптарга жооп бериши керек. Борттук чиркегичтер автомобилдин кабинасынан башкарылуучу тормоздор менен, ошондой эле токтотмо тормозу менен жабдылышы керек.

10.2.7. Жарым чиркегичтер төмөнкүлөр менен жабдылышы керек: а) алар транспорт каражатынан ажыратылганда алдыңкы таяныч катары кызмат кылган оң абалдагы түзүлүштөр; б) кулпулардын бекитилген абалын ("Ачык", "Жабык") камсыз кылган оң абалдагы ээр сымал түзүлүш; в) чиркешүүдө, ажыратууда жана токтоп турууда жарым чиркегичтерди тормоздоо үчүн кызмат кылган токтотмо тормозу.

10.2.8. Автомобилдердин тайгак жолдо, чоң эңкейиштери бар жолдордо, тоолуу шарттарда жана тез-тез бурулуштарда жүрүүсүндө тайгаланууга каршы каражаттар колдонулушу керек.

10.2.9. Бардык автомобилдер дөңгөлөктөрдүн астына коюлуучу таянычтар (башмактар) менен экиден кем эмес санда, ал эми тоолуу шарттарда иштеген автомобилдер кошумча түрдө сүйрөөдө катуу чиркешүү үчүн шаймандар менен комплекттелүүгө тийиш.

10.2.10. Транспорт каражаттарын чыгаруу боюнча бардык операциялар (кар күрткүлөрү, саздар, акма кумдар) рейстеги улук адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш, ал сүйрөө башталганга чейин нускама өткөрүүгө, кооптуу зонадан адамдарды жана тоскоол боло турган нерселерди алып салууга милдеттүү. Бул учурда сүйрөөчү тросстун узундугу чектелбейт, бирок 3 м кем болбоого тийиш. Ийкемдүү чиркешүү катары синтетикалык аркандарды колдонууга тыюу салынат.

**10.3. Тракторлор (транспортерлор) жана аларга чиркегичтер**

10.3.1. Кыймылдаткычты түздөн-түз кабинадан иштетүүчү бузук түзүлүштөрү бар тракторлорду эксплуатациялоого тыюу салынат.

10.3.2. Чиркегичтер тракторго (транспортерго) катуу чиркегич (дышло, тарткыч ж.б.) менен туташтырылып, камсыздандыруучу тросско ээ болууга тийиш. Трактордук поезддеги чиркегичтердин саны трактордун (транспортердун) тартуу кубаттуулугу, анын массасы жана жол шарттары менен аныкталат (поезддин жалпы узундугу 24 м ашпаганда).

10.3.3. Адамдар отурган чиркегичтери бар тарткыч иштеп жатканда, алардан жөнөөгө сигнал алгандан кийин гана ордунан жылууга уруксат берилет.

10.3.4. Транспорт каражатынын ар кандай иштөө режимдери үчүн (чиркешүү, ажыратуу, бурулуу, тракторду артка, алдыга берүү, токтоо, ордунан жылуу ж.б.) айдоочу менен коштоп жүргөн адамдардын (чиркегичтердин) ортосунда сигналдар жана алар менен алмашуу тартиби аныкталышы керек.

10.3.5. Трактордун кабинасына жүрүп бара жатканда отурууга же андан чыгууга, ошондой эле жүрүп бара жатканда чиркегичке отурууга же андан түшүүгө тыюу салынат.

**10.4. Авиациялык транспорт**

10.4.1. Авиатранспортту колдонгон геологиялык-чалгындоо ишканаларынын кызматкерлери учуп-конуу аянтчаларында, конууда, учууда жана самолеттордун жана вертолеттордун салондорунан чыгууда коопсуздук чараларын сактоо боюнча нускамадан өткөрүлүшү керек.

10.4.2. Персоналды жана жүктөрдү аэропортторго жана геологиялык ишканалардын учуп-конуу аянтчаларына жеткирүү ишкананын жооптуу кызматкеринин жетекчилиги астында жүргүзүлүүгө тийиш.

**10.5. Араба, жүк артуучу жана минилүүчү транспорт**

10.5.1. Геологиялык ишканаларда колдонууга арналган транспорттук жаныбарлар (аттар, төөлөр, эшектер, иттер, бугулар) иш башталганга чейин ветеринардык кароодон өткөрүлүшү керек.

10.5.2. Миниле турган аттар жана башка жаныбарлар үйрөтүлгөн, тизгинди жакшы уккан, өзүн токтоо ээрдеткен, токтоо мингизген жана түшүргөн болушу керек.

10.5.3. Транспорттук жаныбарларда курч жугуштуу оорулардын (маңка, сибирь жарасы ж.б.) белгилери пайда болгондо, жакынкы ветеринардык пункттан адис тез арада чакырылышы керек. Мындай ооруга шектелген жаныбарды ветеринардык көзөмөлдүн өкүлү келгенге чейин обочолонтуу керек.

10.5.4. Транспорттук жаныбарларды тар тоо жолдору, туруксуз көпүрөлөр, саздар жана эски чыйырлар аркылуу, дарыялардан өткөрүүдө бири-бирине байлоого тыюу салынат.

10.5.5. Мөңгүлөр жана карлуу жерлерде чана менен жүрүүдө, узунунан кеткен жаракаларга түшүп кетүүдөн сактануу үчүн чаналарга бекем туурасынан орнотулган устун бекитилиши керек.

**10.6. Убактылуу жолдорду куруу жана күтүү**

10.8.1. Убактылуу жолдорду салуу, куруу жана жабдуу бекитилген долбоорлор боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

10.8.2. Саздак жерлерде жол салуудан мурун саздак участогунун тереңдигин, анын үстүндөгү өсүмдүк катмарынын калыңдыгын жана бекемдигин аныктоо, белгиленген трассанын жанындагы кооптуу жерлерди белгилөө керек.

10.8.3. Убактылуу жолдор жергиликтүү шарттарда так белгиленип, айдоочулардын багыт алуусу үчүн жетиштүү сандагы жол белгилери жана көрсөткүчтөрү менен жабдылышы керек.

10.8.4. Бардык бургулоо скважиналарына жана механикалаштырылган өткөөлдүн штольняларына жабдууларды, жуучу суюктукту, материалдарды жана жумушчу

нөөмөттөрүн жеткирүү, ошондой эле каротаж станцияларынын кириши үчүн скважиналарды же казмаларды өткөөлгө чейин автоунаалардын коопсуз өтүүсү үчүн жеткиликтүү болгон кирүү жолдорун куруу керек. Рельефтин шарттары боюнча автомобиль транспорту үчүн кирүү жолдорун куруу техникалык жактан кыйын жана экономикалык жактан пайдасыз болгон жерлерде, өзгөчө учур катары трактордук жолдорду курууга уруксат берилет.

10.8.5. Кирүү жолдорун курууну долбоорлоодо ар бир конкреттүү учурда долбоорлонгон жол арналган транспорттун жана ташылуучу жабдуунун (чаналар, үйлөр-вагондор) түрү такталышы керек.

10.8.6. Жаңы объектилерди (бургулоо орнотмолорун, чалгындоо штольняларын) эксплуатацияга киргизүүдө объектинин ишке даярдыгы жөнүндө актыда кирүү жолунун абалы жана ал кайсы транспорт түрү үчүн арналгандыгы көрсөтүлүшү керек.

10.8.7. Автомобилдик кирүү жолдоруна карата талаптар: а) топуракты иштетүүдөн пайда болгон төшөмө бөлүгү жок, бүтүн жердеги жолдун өтүүчү бөлүгүнүн туурасы 3,5 м кем болбоого тийиш; б) туурасынан кеткен эңкейиш жолдун жантаймасы тарапка 1-2 градус болуп, жар тарабынан бийиктиги 0,5 м кем эмес жээк менен чектөөлүгө тийиш; в) жолдун максималдуу көтөрүлүү бурчу 7 градустан ашпоого тийиш. Өзгөчө учурларда, чектеш горизонталдуу жол участоктору же анча-мынча эңкейиши бар участоктор жана жолдун бети катуу (аскалуу) болгондо, көтөрүлүү эңкейиши 10-11 градустан ашпаган айрым (15-30 м ашпаган) участокторго уруксат берилет; г) кирүү жолдорунун бурулуштары автоунаалардын бир жолку коопсуз бурулушун эске алуу менен аткарылышы керек, бурулушка жанаша жаткан аянтчанын көтөрүлүү бурчу 5-6 градустан ашпоого жана бийиктиги 0,5-0,6 м кем эмес жээк менен тосулууга тийиш; д) бургулоо скважинасынын же штольнянын жанындагы кирүү жолу горизонталдуу болуп, автотранспорттун бурулушуна жана анын арткы бортун скважинанын же штольнянын оозуна берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек; е) каротаж иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү үчүн, каротаж станцияларын орнотуу үчүн скважинадан мачтанын бийиктигине кошумча 10 метр аралыкта горизонталдуу аянтчаларды куруу керек. Көрсөтүлгөн аянтча менен скважинанын оозунун ортосунда түз көрүнүү камсыздалышы керек.

10.8.8. Трактордук кирүү жолдоруна карата талаптар: а) жолдун бетинин туурасы 3,5 м кем болбоого, эңкейиши жолдун жантаймасы тарапка 1-2 градус болуп, бийиктиги 0,5 м кем эмес жээк менен чектөөлүгө тийиш; б) жолдун максималдуу көтөрүлүү бурчу 16 градустан ашпоого тийиш; в) кирүү жолдорунун бурулуштары бурулушка жанаша жаткан жол участогунун көтөрүлүү бурчу 10 градустан ашпоого жана жээги 0,5 м кем болбоого тийиш.

10.8.9. Адамдарды отургузуу жана түшүрүү жерлерине карата талаптар: а) адамдарды отургузуу жана түшүрүү жерлери жолдун горизонталдуу участокторунда же аянтчаларында алардын көрсөткүчтөрү (жазуулары) менен белгиленип жабдылат.

**10.9. Суу тосмолорунан өтүү**

Жалпы жоболор

10.9.1. Суу тосмолорунан (дарыялар, көлдөр ж.б.) өтүү үчүн экспедициялар, партиялар, отряддар өткөрмө жана куткаруу каражаттары менен камсыз кылынышы керек. Туруктуу иштеген жана узак мөөнөттүү өткөөлдөрдө оң абалындагы запастык кайык, калактары жана куткаруу каражаттарынын комплекти (куткаруучу тегеректер, курлар ж.б.), аркандар жана медикаменттер болууга тийиш.

10.9.2. Бир эле суу тосмосун тез-тез басып өтүү зарылчылыгы менен байланышкан иштерди аткарууда, эң ыңгайлуу жерде коопсуз өткөөл жабдылып, оң абалда кармалышы керек, анын коопсуз эксплуатацияланышы үчүн жоопкерчиликти ушул иштердин жетекчиси тартат.

10.9.3. Өткөөлдүн катышуучуларынын коопсуздук эрежелерин сактоосу үчүн жоопкерчиликти өтүп жаткан топтун жетекчиси (улуусу) тартат, ал сүзө албаган адамдарга өзгөчө көңүл бурууга милдеттүү.

10.9.4. Бардык өтүп жаткандар сууда сүзүүчү каражаттарга отурардан мурун жеке куткаруу каражаттарын (жилеттерди же курларды) кийүүгө милдеттүү.

10.9.5. Сууну кечип, кайыктарда, салдарда жана башка ыкмалар менен өтүү бардык учурларда жана өзгөчө тааныш эмес жерлерде кылдат даярдыктан кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш, ал төмөнкүлөрдү камтыйт: а) өткөөл ордун тандоо жана изилдөө; б) өткөөл планын иштеп чыгуу; в) өткөрмө, коргоочу жана куткаруу каражаттарын текшерүү.

10.9.6. Өткөөлдүн бардык катышуучулары өткөөл планы жана аны жүргүзүүдөгү коопсуздук чаралары менен толук тааныштырылышы керек.

10.9.7. Бир жолку жана кыска мөөнөттүү өткөөлдөр күндүн жарык убагында гана жүзөгө ашырылышы керек.

**Сууну кечип өтүү**

10.9.8. Кечүү орду кылдаттык менен чалгындалып, адамдардын, транспорттун жана жабдыктардын коопсуз жана жеткиликтүү өтүүсүн камсыз кылышы керек. Кечүү ордун тандоо өтүп жаткан топтун улуусуна жүктөлөт.

10.9.9. Кечүү тилкесинин туурасы 3 м кем эмес текшерилиши керек. Кечүүнү көп жолу пайдаланууда анын тилкеси эки тарабынан 1,5-3 м аралыкта казыкчалар менен белгилениши керек. Кечүү тилкесинде же анын жанында жайгашкан айрым терең жерлер, дүмүрлөр, суу астындагы таштар жана башка тоскоолдуктар белгилениши керек. Кечүү орду "Кечүү" деген көрсөткүч менен белгилениши керек.

10.9.10. Жөө өтүүдө кечүүнүн тереңдиги агымдын ылдамдыгы 1 м/с чейин болгондо 0,7 м; агымдын ылдамдыгы 2-3 м/с болгондо 0,5 м ашпоого тийиш. Чоң тереңдикте же чоң агымдын ылдамдыгында, ошондой эле ири шагыл жана таштарды агызган дарыялардан өтүүгө тыюу салынат.

10.9.11. Жүгү бар аттар үчүн кечүүнүн тереңдиги дарыянын агымынын ылдамдыгы 3-4 м/с болгондо 0,4 м жана агымдын ылдамдыгы 1,5-2 м/с болгондо 0,6 м ашпоого тийиш; бугулар үчүн - дарыянын агымынын ылдамдыгы 1 м/с чейин болгондо 0,7 м жана

агымдын ылдамдыгы 2 м/с чейин болгондо 0,5 м. Атчан өтүүдө кечүүнүн тереңдиги агымдын ылдамдыгы 2 м/с чейин болгондо 1,3 м жана агымдын ылдамдыгы 3-4 м/с чейин болгондо 0,8 м ашпоого тийиш.

10.9.12. Автомобилдер жана тракторлор үчүн кечүүнүн чектик тереңдиги ушул транспорт каражатынын техникалык паспортунда (эксплуатациялоо боюнча нускамасында) белгиленгенден ашпоого тийиш. Арабалар үчүн жол берилген чектик тереңдик дөңгөлөктүн диаметринин 1/2 бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

10.9.13. Кечүүгө түшүүчү жана чыгуучу эңкейиштер автомобилдер үчүн 10 градустан, тракторлор үчүн - 15 градустан ашпоого тийиш. Бул талаптарды сактоо мүмкүн болбогондо, түшүү жана чыгуу жерлери тиешелүү түрдө жабдылышы керек.

**Асма аркандар жана убактылуу өткөөлдөр аркылуу өтүү**

10.9.14. Тар, бирок терең же катуу аккан суулардан өтүү үчүн дөңгөчтөрдөн убактылуу өткөөлдөр же асма аркан өткөөлдөрү курулушу керек.

10.9.15. Асма аркан өткөөлүнүн участогунда баштапкы жээк карама-каршы жээктен бийигирээк болушу керек. Асма өткөөлдөр үчүн колдонулуучу аркандардын бекемдик запасы 7,5 эседен кем болбоого тийиш.

10.9.16. Тоо дарыялары аркылуу дөңгөчтөр же кулаган дарактар боюнча убактылуу өткөөлдөрдү курууда, аркан тосмолорун тартуу керек, аларга өтүп жаткандар камсыздандыруу үчүн көмөкчү аркан менен карабин, шакекче же жылма илмек аркылуу байланууга тийиш. Бир жээк экинчисинен кыйла бийик болгондо, бутту таяныч үчүн дөңгөчтөргө оюктарды жасоо же жыгачтан тактайларды кагуу керек.

10.9.17. Убактылуу өткөөлдөр жана асма өткөөлдөр боюнча бирден гана адамдын жүрүүсүнө уруксат берилет.

## 11-БӨЛҮМ
## ӨНДҮРҮШТҮК САНИТАРИЯ

11.1. Жалпы жоболор

11.1.1. Жаңыдан курулуп жаткан жана реконструкцияланууччу өндүрүштүк, административдик жана турмуш-тиричилик имараттарын жана курулмаларын долбоорлоо колдонуудагы курулуш ченемдерине жана эрежелерине ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш. Зыянсыз жана ден соолукка пайдалуу эмгек шарттарын камсыз кылуу боюнча санитардык-гигиеналык жана санитардык-техникалык иш-чаралар колдонуудагы санитардык ченемдерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

11.1.2. Технологиялык процесстерди аткарууда санитардык-гигиеналык ченемдерди камсыз кылуу технологиялык процесстерди уюштуруунун колдонуудагы санитардык ченемдерине жана өндүрүштүк жабдууларга карата гигиеналык талаптарга ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

11.1.3. Жумуш орундарында өндүрүштүк зыяндуулуктар болгондо, алардын жол берилген чектик чоңдуктары жана өлчөөлөрдүн мезгилдүүлүгү тиешелүү санитардык ченемдер жана ГОСТ 12.1.007-76 «Эмгек коопсуздугунун стандарттар системасы. Зыяндуу заттар» тарабынан аныкталат.

Өзгөчө учурларда, техникалык чаралардын эсебинен өндүрүштүк зыяндуулуктардын жол берилген чектик концентрацияларын (деңгээлдерин) камсыз кылуу мүмкүн болбогондо, администрация кошумча чараларды көрүүгө милдеттүү (кызматкерлерди жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу, тармактык жоболорго ылайык эмгектин рационалдуу режимдерин уюштуруу ж.б.).

11.1.4. Жумуш объектилеринде өндүрүштүк зыяндуулуктардын деңгээлин өлчөө санитардык-эпидемиологиялык станциялар же санитардык-өнөр жай лабораториялары, чаң-желдетүү жана радиометриялык кызматтар тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш.

11.2. Эмгектин санитардык-гигиеналык шарттарын нормалдаштыруу

11.2.1. Өндүрүштүк, административдик жана турмуш-тиричилик жайларын жана аймактарын күтүү

11.2.1.1. Геологиялык-чалгындоо ишканаларынын өндүрүштүк, административдик жана турмуш-тиричилик жайлары, ошондой эле алардагы жабдуулар жана инвентарлар өндүрүштүк ишканалардын жайларын жана жабдууларын санитардык күтүү боюнча нускаманын талаптарына ылайык кармалууга тийиш.

11.2.1.2. Өндүрүштүк жайлар, жумуш орундары, жабдууларга, механизмдерге жана көмөкчү шаймандарга өтүүчү жана жакындоочу жолдор таза кармалып, тосулуп калбоого тийиш. Аспаптар таза кармалып, колдонууга ыңгайлуу жерлерде жайгаштырылышы керек. Жумушчулар туруктуу болгон участоктордогу (орундардагы) цемент же кирпич полдор ийкемдүү жылуулук изоляциялоочу төшөлмөлөр же жыгач торчолор менен жабылууга тийиш.

11.2.1.3. Бардык жайлар уулуу заттардын бууларынын топтолушун жана сорбциясын жокко чыгарган жана ар кандай ыкма менен (вакуумдук, нымдуу) тазалоого мүмкүндүк берген ички жасалгага ээ болууга тийиш. Полдор тайгаланбас бетке ээ болуп, оңой тазаланышы керек. Полдорду тазалоо нөөмөтүнө 1 жолудан кем эмес үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү керек. Полдорго төгүлгөн күйүүчү-майлоочу материалдар жана уулуу заттар дароо тазаланууга тийиш.

11.2.1.4. Душ жайларында жана кийим которуучу бөлмөлөрдө дубалдар жана тосмолор 2,5 м кем эмес бийиктикке чейин оңой тазалоого жана ысык суу менен жууганга мүмкүндүк берген нымга чыдамдуу материалдар менен капталышы керек. Бул жайларда полду жана дубалдарды жууш үчүн шлангысы бар крандар болушу керек. Душ жайларында жыгач торчолорду колдонууга тыюу салынат.

11.2.1.5. Өндүрүштүк аянтчалар, поселоктордун, базалардын жана лагерлердин, экспедициялардын, партиялардын, отряддардын жана башка талаа бөлүмдөрүнүн аймактары таза кармалууга тийиш. Өндүрүштүк жана турмуш-тиричилик таштандыларын чогултуу жана сактоо бул максаттар үчүн атайын бөлүнгөн жана

ылайыкташтырылган жерлерде жүргүзүлүүгө тийиш. Бул таштандыларды көмүү же жок кылуу белгиленген тартипте жүзөгө ашырылышы керек.

11.2.1.6. Таштанды чуңкурлары жана контейнерлери тыгыз жабылуучу капкактар менен жабдылышы керек. Уулуу жана чирүүчү заттардын калдыктары (таштандылары) санитардык эрежелерди сактоо менен сакталып, ташылып жана жок кылынышы керек. Таштанды чуңкурлары, контейнерлер жана даараткалалар өндүрүштүк жана турак жай имараттарынан 30 м жакын эмес аралыкта, айлана-чөйрөнү булгоону жокко чыгарган жерлерде жайгаштырылышы керек.

**11.2.2. Жарыктандыруу**

11.2.2.1. Геологиялык-чалгындоо ишканаларынын аймагында, өндүрүштүк жана көмөкчү имараттарда табигый жана жасалма жарыктандыруу табигый жана жасалма жарыктандырууну долбоорлоо ченемдерине (СНиП 23.05.95) ылайык келүүгө тийиш.

11.2.2.2. Туруктуу жумуш орундарын жарыктандыруу жалпы жарыктандыруунун стационардык булактары менен камсыздалышы керек . Жалпы жарыктандыруу жетишсиз болгондо, станоктордун (механизмдердин ж.б.) жанындагы жумуш орундары жергиликтүү жарыктандыруу менен камсыз кылынышы керек.

11.2.2.3. Туруктуу жарыктандыруу күтүүсүздөн өчүп калган учурда, үзгүлтүксүз өндүрүштүн жумуш объектилери, ошондой эле жогорку коркунучтагы жумуш орундары авариялык жарыктандыруу менен камсыз кылынышы керек. Авариялык жарыктандыруу ушул өндүрүш түрү үчүн белгиленген ченемдердин 10% кем эмес жарыктыгын камсыз кылышы керек.

11.2.2.4. Имараттардын жарык тешиктеринде жумуш ордунда түз жана чагылган жарыктын көз уялткан таасирин жок кылган шаймандарды жана түзүлүштөрдү (күндөн коргоочу калканчтар, тик экрандар, жалюзилер, пардалар, көңдөй айнек блоктору ж.б.) кароо керек.

11.2.2.5. Тоо казмаларынын объектилерин жарыктандыруу 7, 8-таблицаларда келтирилген жарыктандыруу ченемдерине ылайык жүргүзүлүүгө тийиш .

7-таблица

Жер астындагы объектилердин жарыктандыруу ченемдери

| Объектилердин аталышы | Жарыктандыруу ченемделген тегиздик | Минималдуу жарыктандыруу (кыздыруу лампаларында жана люминесценттик лампаларда), лк |
|---|---|---|
| Тоо-кен чалгындоо казмаларынын | Топурактагы горизонталдык | 15 |

| | | |
|---|---|---|
| забойлору | | |
| | Забойдогу вертикалдык | 10 |
| Машина жана трансформатор камералары | Контролдук-өлчөө приборлорунун калканчтарындагы вертикалдык | 150 (айкалыштырылган жарыктандырууда) |
| | Топурактагы горизонталдык | 75 |
| Насос камералары | 0,8 м деңгээлиндеги горизонталдык | 20 |
| Айрылыштар | Топурактагы горизонталдык | 20 |
| Скрепердик лебедкалар | Жумушчу бетинде | 20 |
| Тепкичтүү гезенктер (тепкичтин баскычтары) | Топурактагы горизонталдык | 3 (ар бир текчеде 40 Вт бирден лампочка) |
| Депо | Верстактардагы горизонталдык | 20 |
| ЖМ складдары | Топурактагы горизонталдык | 30 |
| Стволдун жанындагы короо | Топурактан 0,8 м деңгээлиндеги горизонталдык | 15 |

8-таблица

Жер үстүндөгү объектилердин жарыктандыруу ченемдери

| Объектилердин аталышы | Минималдуу жарыктандыруу, лк | |
|---|---|---|
| | вертикалдык | горизонталдык |
| Эстакадалар | 4 | 2 |
| Ташып чыгаруу жолдору | 0,5 | 5 |
| Жер үстүндөгү аймак | 0,5 | - |

11.2.2.6. Бургулоо орнотмолорун жарыктандыруу 9-таблицада келтирилген ченемдерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

9-таблица

Колонковолук бургулоонун бургулоо орнотмолорунун жарыктандыруу ченемдери

| Жарыктандыруу орундары | Жарыктандырууну ченемдөө тегиздиги (Г-горизонталдык, В-вертикалдык); полдун үстүндөгү тегиздиктин бийиктиги, м | Жумушчу беттердин жарыктандыруу ченемдери, лк |
|---|---|---|
| | | жалпы жарыктандырууда, кем эмес |
| | | кыздыруу лампаларынан |
| Бургулоо станогунун жанындагы жумушчу орундар: | | |
| бургулоо станогунун айланасында | Г; 1,2 | 100 |
| түтүк бурагыч | Г; 0,5 | 100 |
| лебедка | В; 1,2-1,6 | 75 |
| Көзөмөлдөө-өлчөө аспаптарынын калкандары | В; 1,5-2,0 | 100 |
| Кыймылдаткычтар, насостор, чопо аралаштыргыч | Г; 1,0 | 100 |
| Слесардык верстак | Г; 1,2 | 100 |
| Жумушчу аянтчалар (секичелер) | Г; 1,3 | 75 |
| Кронблок | Пол | 50 |
| Тепкичтер | Ошол эле | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| Бургулоо имаратына запастык кирүү (чыгуу) | " " | 10 |
| Кабыл алуучу көпүрөнүн тарабынан бургулоо имаратына кирүү (чыгуу) | " " | 20 |
| Кабыл алуучу көпүрө | " " | 20 |
| Жуучу суюктук үчүн тундургуч | " " | 10 |
| Жер астындагы тоо-кен чалгындоо казмаларындагы бургулоо орнотмолору: | | |
| бургулоо станогунун айланасында | Г; 0,8 | 30 |
| көзөмөлдөө-өлчөө аспаптарынын калкандары | В; 1,0-1,2 | 75 |
| скважинанын оозу | Казманын түбүндө | 20 |
| тепкичтер | Казманын түбүндө | 3 |

11.2.2.7. Геофизикалык иштердин объектилерин жарыктандыруу 10-таблицада келтирилген ченемдерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

10-таблица

Геофизикалык иштердеги жарыктандыруу ченемдери

| Жарыктандыруу орундары | Жарыктандырууну ченемдөө тегиздиги (Г-горизонталдык, В-вертикалдык); полдун (жердин бетинин) үстүндөгү тегиздиктин бийиктиги | Жумушчу беттердин жарыктандыруу ченемдери, лк |
|---|---|---|
| | | жалпы жарыктандырууда, кем эмес |
| | | кыздыруу лампаларынан |

| | | |
|---|---|---|
| Өлчөөчү аспаптарды орнотуу орундары | Г; 0,5-1,5 | 100 |
| Өлчөөчү аспаптардын датчиктерин орнотуу орундары | Г, В; 0-1,5 | 20 |
| Жардыргыч эмес козгоо булактарынын кооптуу зонасынын аймагы (аянты) | Г; жердин бети | 20 |
| Жардыргыч эмес козгоо булактарынын сейсмикалык антенналарын орнотуу орундары | Г; жердин бети | 50 |
| Жер үстүндөгү блок (блок-баланс) | В; 1,0 | 50 |
| Асма блок | В; - | 20 |
| Скважинада розеткаларды, рубильниктерди орнотуу, жерге туташтыргыч өткөргүчтөрдү туташтыруу орундары | В; 1,5-2,0 | 50 |
| Скважиналык аспаптар менен иштерди аткаруу орундары | Г; 0-1,0 | 100 |
| Скважиналык аспаптарды ташуу жана өтүү орундары (зоналары) | Г; пол (жердин бети) | 20 |
| ГТИ учурунда датчиктерди орнотуу орундары | В; - | 20 |
| Өтүүчү жерлер (трассалар): | | |
| каротаждык кабелдин | Г; - | 50 |
| күч жана туташтыруучу зымдардын | Г; пол (жердин бети) | 20 |
| ГТИ учурунда сынамдарды алуу орундары | Г; 1,0 | 100 |

(*) Шкаласы жарыктандырылган приборлорду колдонгондо ченемдер эки эсе азайтылат.

11.2.2.8. Шамдарды жана жарык өткөрүүчү тешиктерди тазалоо алардын булганышына жараша жүргүзүлүүгө тийиш.

**11.2.3. Ызы-чуудан, дирилдөөдөн, иондоштурбоочу жана иондоштуруучу нурлануудан коргоо**

11.2.3.1. Жумуш орундарындагы децибел (дБ) менен октавалык жыштык тилкелериндеги үн басымынын деңгээлдери, үн деңгээлдери жана эквиваленттүү үн деңгээлдери колдонуудагы ченемдерде (ГОСТ 12.1.003-2014 Эл аралык мамлекеттер аралык стандарт, эмгек коопсуздугу стандарттары системасы, ызы-чуу, жалпы коопсуздук талаптары) белгиленген жол берилген деңгээлдерден ашпоого тийиш.

Ызы-чуудан коргоо каражаттары жана ыкмалары колдонуудагы ченемдерге (МАМСТ 12.1.029-80) ылайык тандалууга тийиш.

Жумуш орундарындагы ызы-чуунун деңгээлин көзөмөлдөө объектти эксплуатацияга киргизүүдө жана жабдууларды алмаштырууда колдонуудагы ченемдерге (МАМСТ 51402-99) ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

11.2.3.2. Машиналардын, механизмдердин, технологиялык жабдуулардын, кол шаймандарынын иштөөсүндөгү дирилдөөнүн деңгээлдери жана аларды көзөмөлдөө тартиби (МАМСТ 12.1.012-2004) белгиленген деңгээлдерден ашпоого тийиш.

Дирилдөөнүн деңгээлин көзөмөлдөө колдонуудагы ченемдерге (ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

11.2.3.3. Иондоштурбоочу нурлануунун (өтө жогорку жыштыктагы, микротолкундар, лазердик) таасири менен байланышкан иштер колдонуудагы ченемдерге (МАМСТ 12.1.006-84, МАМСТ 12.1.040-83) ылайык аткарылууга тийиш. Нурлануу деңгээлин көзөмөлдөө колдонуудагы стандарттарга (МАМСТ 12.1.006-84) ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

11.2.3.4. Иондоштуруучу нурлануунун (радиоизотоптук, гамма жана нейтрондук булактар, нейтрон генераторлору ж.б.) таасири менен байланышкан иштер колдонуудагы радиациялык коопсуздук ченемдеринин (РКЧ-76/87), радиоактивдүү заттар жана башка иондоштуруучу нурлануу булактары менен иштөөнүн негизги санитардык эрежелеринин (ИНЭ 72/87) жана иондоштуруучу нурлануу булактары менен иштөөнүн тармактык санитардык эрежелеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

**11.2.4. Желдетүү**

11.2.4.1. Бардык өндүрүштүк жайларда колдонуудагы курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин (КЧжЭ 41-01-2003) талаптарына жооп берген желдетүү каралууга тийиш.

11.2.4.2. Кооптуулуктун 1 жана 2-классындагы зыяндуу заттар менен иштер жүргүзүлгөн жайлар үчүн желдетүү системасы башка жайлардын желдетүүсү менен байланышпаган, өзүнчө болууга тийиш.

11.2.4.3. Жумушчу зонанын абасындагы зыяндуу заттардын жана аэрозолдордун концентрациясы колдонуудагы ченемдерде (МАМСТ 12.1.005-88) белгиленген чектүү жол берилген концентрациялардан ашпоого тийиш.

11.2.4.4. Жардыруу коркунучу бар же уулуу заттар бөлүнүп чыгышы мүмкүн болгон өндүрүштүк жайларда, зыяндуу заттын кооптуулук классына жараша колдонуудагы талаптарга (МАМСТ 12.1.005-88) ылайык абанын курамына көзөмөл уюштурулууга тийиш.

11.2.4.5. Жумушчу жайлардын аба чөйрөсүндө адамдын ден соолугуна зыяндуу таасир этиши мүмкүн болгон концентрациядагы уулуу газдар же буулар аныкталганда, бул жерлердеги иштер дароо токтотулуп, иштегендер коопсуз жерге которулууга тийиш.

**11.2.5. Жумуш орундарынын аба чөйрөсүнүн температуралык режими**

11.2.5.1. Өндүрүштүк жайлардагы жумуш орундарынын аба чөйрөсүнүн температуралык режими колдонуудагы курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин (КЧжЭ 2.04.05-86) талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

11.2.5.2. Өндүрүштүк жайлардын жумушчу зонасындагы абанын температурасы жеңил жумушта +17ден +22 градуска чейинки, ал эми оор жумушта +13төн +18 градуска чейинки чекте болууга тийиш.

11.2.5.3. Ачык абада иштөөгө уруксат берилген метеорологиялык шарттардын параметрлери (аба ырайынын катаалдыгы) жергиликтүү Эл депутаттар Кеңештеринин Аткаруу органдарынын чечими менен белгиленет.

11.2.5.4. Ачык абада же жылытылбаган жайларда иштерди жүргүзүүдө ар бир участокто жагымсыз аба ырайынын шарттарынан коргонуу үчүн жашынуучу жайлар жана жумуш ордуна жакын жайгашкан, иштегендерди жылытуу үчүн жайлар курулууга тийиш. Кыска мөөнөттүү иштерде иштегендерди от жагып жылытууга жол берилет.

11.2.5.5. Ысык климаттуу райондордо иштерди жүргүзүүдө күндүн ысык мезгилинде иш жүргүзүүнү жокко чыгарган жумуш убактысынын режимдери белгиленүүгө тийиш. Түштүк райондордо тыныгуулардын саны жана узактыгы, ошондой эле жумуш убактысын которуу администрация тарабынан профсоюз комитети менен макулдашуу боюнча белгиленет.

**11.3. Иштегендерди дарылоо-профилактикалык жана санитардык-тиричилик жактан тейлөөнү уюштуруу**

11.3.1. Медициналык тейлөө

11.3.1.1. Бардык геологиялык ишканалар медициналык тейлөө менен камсыз болууга тийиш.

11.3.1.2. Ар бир бөлүм биринчи жардам аптечкалары менен камсыз болууга тийиш. Медикаменттер сарпталышына жана жарактуулук мөөнөтүнө жараша толукталып турууга тийиш.

**11.3.2. Санитардык-тиричилик жактан тейлөө**

11.3.2.1. Тиричилик жактан тейлөө ишканалары аркылуу тейлөө мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда геологиялык ишканалар (экспедициялар, партиялар) мончолор же душтар, атайын кийимдерди жана атайын бут кийимдерди кургатуу жана дезинфекциялоо үчүн жайлар, кир жуучу жайлар жана атайын кийимдерди жана атайын бут кийимдерди оңдоочу устаканалар менен камсыз болууга тийиш. Санитардык-тиричилик жабдуулары менен камсыздоо нормативдери колдонуудагы ченемдерге (КЧжЭ 2.09.04-87) ылайык белгиленет.

11.3.2.2. Өндүрүштүк объектилер (иш участоктору, чалгындоо шахталары, стационардык бургулоо орнотмолору ж.б.) төмөнкүлөр менен камсыз болууга тийиш:
а) гардеробдор, атайын кийимдер жана атайын бут кийимдер үчүн шкафтар;

б) эс алуу жана тамактануу үчүн жайлар, кайнаткычтар жана жуунгучтар (душтар) үчүн жайлар;

в) атайын кийимдерди жана атайын бут кийимдерди кургатуу үчүн кургаткычтар;

г) дааратканалар.

**11.3.3. Ичүүчү суу менен жабдуу**

11.3.3.1. Ичүүчү суунун сапаты колдонуудагы ченемдердин (ГОСТ 2874-82 «Ичүүчү суу. Гигиеналык талаптар жана сапат контролу») талаптарына жооп берүүгө тийиш. Чийки сууну ичүү үчүн колдонууга Мамлекеттик санитардык инспекция органдарынын уруксаты менен жол берилет.

11.3.3.2. Экспедициянын, партиянын, отряддын администрациясы кызматкерлерди ичүү үчүн жана тамак-аш даярдоо үчүн жетиштүү өлчөмдөгү суу менен камсыздоого милдеттүү.

11.3.3.3. Ичүүчү суу менен жабдуу булактары (скважиналар, кудуктар, суу сактагычтар, булактар ж.б.) таза кармалып, өндүрүш калдыктарынан, тиричилик таштандыларынан, агынды суулардан ж.б. булганпохуудан корголууга тийиш.

11.3.3.4. Ичүүчү суу үчүн идиштер оңой тазалануучу каражаттардан жасалып, суунун булганышынан кулпу менен жабылуучу капкактар менен корголуп, крандар жана кружкалар же фонтан тибиндеги крандар менен жабдылууга тийиш. Сууну алмаштыруу жана идиштерди жууп-тазалоо күн сайын жүргүзүлүүгө тийиш. Ичүүчү суунун температурасы 20 градустан жогору жана 8 градустан төмөн болбоого тийиш.

11.3.3.5. Геологиялык-съёмкалоочу жана геологиялык-издөөчү партиялардын, экспедициялардын кызматкерлери, ошондой эле жер астындагы иштерде иштеген кызматкерлер суу үчүн жеке флягалар менен, ал эми түштүк райондордо иштегенде жамааттык колдонуу үчүн термостор менен камсыз болууга тийиш.

11.3.3.6. Ичүүчү суу менен жабдууну ишке ашырган адамдар Мамлекеттик санитардык инспекция органдары белгилеген мөөнөттөрдө медициналык кароодон өтүүгө тийиш.

## 12-БӨЛҮМ.
## КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН БУЗГАНДЫК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

12.1. Ушул Эрежелерди бузууга күнөөлүү болгон жетекчилер жана адистер, бул бузуу аварияга же кырсыкка алып келгендигине же алып келбегендигине карабастан жеке жоопкерчилик тартышат. Кол алдындагыларды коопсуздук эрежелерин жана эмгекти коргоо боюнча нускамаларды бузууга мажбурлаган көрсөтмөлөрдү же буйруктарды берүү, көзөмөл органдары тарабынан токтотулган иштерди өз алдынча кайра баштоо, ошондой эле аныкталган бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрбөө Эрежелерди бузуу болуп саналат.

12.2. Коопсуздук техникасы боюнча, алардын кесиптери боюнча коопсуз иш ыкмалары жөнүндө нускамаларда баяндалган талаптарды аткарбаган жумушчулар жоопкерчиликке тартылышат.

12.3. Жол берилген бузуулардын оордугуна жана алардын кесепеттерине жараша жетекчилер, адистер жана жумушчулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик, административдик, материалдык же кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышат.